ЖУСУП БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ

**Кол жазма укугунда**

**УДК: 94.510.093: 327 (575.2) (043.3)**

**Шаршенбек кызы Айпери**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАНХАЙ КЫЗМАТТАШТЫК УЮМУНУН ӨЛКӨЛӨРҮ МЕНЕН БОЛГОН МАДАНИЙ-ГУМАНИТАРДЫК КЫЗМАТТАШТЫГЫ

**07.00.02 – Ата Мекен тарыхы**

**07.00.03 – жалпы тарых**

**Тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы**

**Илимий жетекчи:**
**Омурова Жамыйкат Орозбековна**
**тарых илимдеринин доктору, доцент**

**БИШКЕК 2024**

# МАЗМУНУ

КИРИШҮҮ........................................................................................................**4**

I БАП. ИЛИМИЙ ИЗИЛДӨӨНҮН ТАРЫХНААМАСЫ...................................**11**

II БАП. ИЛИМИЙ ИЗИЛДӨӨНҮН МЕТОДОЛОГИЯЛЫК ЖАНА БУЛАКТЫК НЕГИЗДЕРИ.........................................................................................................**31**

2.1. Объект жана предмет. Методология жана изилдөө ыкмалары....................**31**

2.2. Илимий изилдөөнүн булактары...................................................................**41**

III БАП. КЫРГЫЗСТАНДЫН ШАНХАЙ КЫЗМАТТАШТЫК УЮМУНУН (ШКУ) МАМЛЕКЕТТЕРИ МЕНЕН МАДАНИЙ-ГУМАНИТАРДЫК АЛАКАЛАРЫН ТАЛДОО..........................................................................**47**

3.1. Маданий-гуманитардык кызматташтыгынын концептуалдык жана укуктук-ченемдик негиздери ..........................................................................................**47**

3.2. Кыргыз Республикасынын ШКУга мүчө өлкөлөр менен маданий кызматташтыгынын негизги өнүттөрү жана проблемалары..............................**62**

IV БАП. ШАНХАЙ КЫЗМАТТАШТЫК УЮМУНУН АЛКАГЫНДАГЫ КЫРГЫЗСТАНДЫН МҮЧӨ МАМЛЕКЕТТЕР МЕНЕН ГУМАНИТАРДЫК ИНТЕГРАЦИЯСЫ.......................................................................................**87**

4.1. ШКУнун алкагында Кыргызстандын билим берүү, илим жана саламаттыкты сактоо тармагындагы интеграциялык жүрүмдөрү.......................**87**

4.2. ШКУ университетинин түзүлүшү: актуалдуулугу жана өнүгүүсүнүн келечеги.....................................................................................................................**108**

4.3. ШКУнун Жаштар кеңешинин ишмердүүлүгү жана стратегиялык мааниси......................................................................................................................**126**

КОРУТУНДУ.........................................................................................139

КОЛДОНУЛГАН БУЛАКТАРДЫН ЖАНА АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ...................................................................................................**143**

ТИРКЕМЕЛЕР.......................................................................................**188**

**КЫСКАРТЫЛГАН ТҮШҮНҮКТӨРДҮН ТИЗМЕСИ:**

АКШ – Америка Кошмо Штаттары;

БА – Борбордук Азия;

БАР - Борбордук Азия республикалары;

ББИМ – Билим берүү жана илим министрлиги;

ДССУ - Дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюму;

ЖОЖ – Жогорку окуу жайлары;

ЖК – Жаштар кеңеши;

ЕБ – Евробиримдик;

ИК -  Ишкер Кеңеши;

КИА - Кыргызстан Илимдер Академиясы

КЭР – Кытай Элдик Республикасы;

КМШ – Көз карандысыз мамлекеттердин шериктештиги;

КР – Кыргыз Республикасы;

РИА- Россия Илимдер Академиясынын;

РФ – Россия Федерациясы;

ММК-Массалык маалымат каражаттары;

ТИМ (МИД) – Тышкы иштер министерлиги;

ТЖИТ – Туруктуу жумушчу иш тобу;

ШКУ – Шанхай кызматташтык уюму;

ШКУУ- Шанхай кызматташтык уюмунун университети;

ШССУ - Шанхай саламаттыкты сактоо уюму.

# КИРИШҮҮ

**Теманын актуалдуулугу:** Учурдагы жүрүп жаткан ааламдашуу шарттарында дүйнө өлкөлөрүнүн маданий-гуманитардык жааттагы кызматташтыгы артыкчылыктуу мааниге ээ болуп, саясий жана экономикалык мамилелер менен бир катар тышкы саясаттын үчүнчү өлчөмү катары бааланууда. Дал ушул мамилелер аркылуу мамлекеттер менен эл аралык уюмдар дүйнөлүк аренада бир катар артыкчылыктарга ээ болуп, позитивдүү имидж жаратышууда.

Жалпыга белгилилүү болгондой, маданий-гуманитардык кызматташтык – мамлекеттердин маданият, билим берүү, илим, саламаттыкты сактоо, маалыматтык технологиялар, спорт, массалык маалымат каражаттары, туризм, жаштар чөйрөсү ж.б. тармактардагы кызматташуусу болуп саналат. Ошол эле учурда, «маданий-гуманитардык саясат», «маданий дипломатия» жана «жумшак күч» сыяктуу факторлор диссертацияда маданий-гуманитардык кызматташуунун максаттарына жетүүнүн натыйжалуу куралы катары каралууда. Анткени, мажбурлоо саясатына караганда жагымдуу жүргүзүлгөн “жумшак күч” саясатынын негизинде маданий-гуманитардык багыттагы иш-чаралар көбүрөөк ишке ашырылып, өз ара түшүнүшүү жана сый-урмат мамилелерин калыптандырат.

Шанхай кызматташтык уюмунун (ШКУ) мүчө мамлекеттеринин өз ара мамилелериндеги көйгөйлүү маселелер катары алардын ар кандай мүмкүнчүлүктөрү менен позицияларын (көз караштарын) белгилей кетүү зарыл. Анткени, өз кезегинде аталган уюмдун жалпы жана жеке максаттары менен милдеттерин макулдашууда жана ишке ашырууда айрым бир кыйынчылыктарга туш болууда. Белгилей кетүүчү маселе болуп, аталган уюмдун ишмердүүлүгүнүн 2001-жылдан бери уланып келе жаткандыгына карабастан, маданий-гуманитардык байланыштар 2007-жылдан тартып гана иш жүзүнө ашырыла баштагандыгында. Уюмдун мүчө мамлекеттеринин маданий

кызматташуусун жөнгө салган негизги документ болуп 2007– жылдын 16-августунда Бишкекте кабыл алынган ШКУга мүчө-мамлекеттердин ортосундагы маданий-гуманитардык тармактагы кызматташтык жөнүндөгү макулдашуу эсептелет.

Келишимде, өзгөчө көңүл өсүп келе жаткан жаш муундарга бурулган. Буга чейин 2006-жылы ШКУнун ишмердүүлүгүндөгү стратегиялык актуалдуу багыт катары "Жаштар Кеңеши" түзүлгөн. Ошону менен бирге эле, ШКУга мүчө мамлекеттердин маданий-гуманитардык кызматташтыгы өткөн 23 жылдын ичинде эле зор тажрыйбага ээ болду жана Евразия мейкиндигинде жашаган элдер менен мамлекеттердин ортосунда өзүнүн абройун жана таасирин кеңейтти.

Белгилей кетүүчү маселе, изилдөөгө алынып жаткан илимий иштин азыркы учурга чейин жеткиликтүү деңгээлде иликтенбей, айрым бир маданий-гуманитардык жааттагы маселелердин изилдөөчүлөрдүн көз жаздымында калып, илимий айлампага киргизилбей келе жаткандыгы саналат.

Мындан сырткары, Кыргызстандын тарых илимдеринин заманбап көйгөйлөрү, эл аралык алака жана башка маселелери ички тарыхты изилдөө менен гана чектелбеши керек. Кыргызстандын эл аралык саясаттагы орду, дипломатиялык иш-аракеттери, эл аралык, чөлкөмдүк, көп тараптуу жана эки тараптуу кызматташтыгы, асыресе Бириккен Улуттар Уюму, ЮНЕСКО, ШКУ сыяктуу эл аралык уюмдардагы ишмердиги да терең иликтениши зарыл.

Ошондуктан Кыргызстандын ШКУнун мүчө өлкөсү катары көп тарамдуу ишмердигинин жана көп вектордуу дипломатиясынын улам жаңы өңүттөн ачылышы азыркы атамекендик тарых илимибиздеги актуалдуу маселелердин бири болуп саналат.

Буга чейин дагы Кыргызстандын ШКУга мүчө өлкөлөрү менен карым-катнаштары изилдене баштаган, бирок мезгилдин улам жаңы өнүгүшү жана жаңы фактологиялык маалыматтардын пайда болушу бул комплекстүү маселелерди кылдат иликтениши керек болгон жаңы өңүттөрдү айгинеледи.

**Диссертациянын темасынын обьектиси** – Кыргызстан жана Шанхай кызматташтык уюму.

**Диссертациянын темасынын предмети** – ШКУнун алкагындагы маданий-гуманитардык кызматташтык маселелеринин жөнгө салынышы, негизги багыттары жана артыкчылыктары.

**Диссертациянын темасынын ири илимий долбоорлор, праграммалар менен болгон байланышы**. Диссертация демилгелүү иш болуп саналат.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Диссертациялык иштин негизги **максаты** – Кыргызстандын Шанхай кызматташтык уюмунун мүчө өлкөлөрү менен болгон маданий-гуманитардык байланыштарынын өнүгүүсүнүн тарыхый жолун талдоо менен бирге, уюмдун өнүгүүсүнүн көйгөйлөрүн жана тенденцияларын ачып көрсөтүү.

**Диссертациялык изилдөөнүн максатына жетүү үчүн изилдөөдө төмөнкүдөй милдеттер коюлган**:

1. Диссертациялык изилдөөнүн көйгөйлөрүнүн изилдениш деңгээлин аныктоо;
2. Изилдөөнүн булактаануусун типологиясы жана мааниси боюнча аныктоо;
3. Маданий-гуманитардык кызматташуунун концептуалдык негиздерин жана укуктук-ченемдик базасын талдоо;
4. Кыргыз Республикасынын ШКУнун мүчө өлкөлөрү менен болгон маданий кызматташтыгынын негизги аспектилерин жана проблемаларын аныктоо;
5. Билим берүү, илим жана саламаттыкты сактоо тармагында Кыргызстандын уюмдун мүчө өлкөлөрү менен интеграциялык жүрүмдөрүн изилдөө;
6. ШКУнун университетинин түзүлүшүнүн актуалдуулугун жана ишмердүүлүгүн мүнөздөө;

7. Учурдагы көп полярдуу мезгилде ШКУнун Жаштар кеңешинин стратегиялык маанисин жана ишмердүүлүгүн аныктоо.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:**

1. ШКУнун Евразия мейкиндигинде көз карандысыз эл аралык уюм катары калыптануу тарыхында Кыргызстандын уюмга мүчө өлкөлөр менен маданий-гуманитардык өз ара мамилелерин изилдөө Кыргызстандын тарых илиминде алгачкылардан болуп изилденүүдө; Аталган уюмдун укуктук-ченемдик жана башка документтери талдоого алынып, системалаштырылды.

2. Япон, орус, түрк, англис тилдериндеги адабияттардын, маалыматтардын көмөгү менен Кыргызстандын уюмга мүчө өлкөлөр менен маданий-гуманитардык кызматташтыктарынын артыкчылыктуу багыттары (илим, билим берүү, театр ж.б.) каралып, туризм, экология жана башка жааттагы актуалдуу маселелер талдоого алынды.

3. Диссертациялык иште ШКУнун электрондук сайтындагы архивдик материалдары, Кытай Эл Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин, Россия Федерациясынын Тышкы иштер министрлигинин интернет сайттарындагы материалдар, Кыргыз Республикасынын Президентинин архивинин материалдары, Билим берүү жана илим министрлигинин, Маданият, спорт жана жаштар саясаты министрлигинин, Туризм департаментинин, Саламаттыкты сактоо министрлигинин расмий аналитикалык маалыматтары, Улуттук Статистика комитетини жана айрым ведомстволордун расмий маалыматтары илимий айлампага киргизилди. Аталган материалдар изилдөөнүн булактык базасын кыйла кеңейтти.

**Изилдөөнүн илимий практикалык мааниси.** Илимий иштин ар бир бөлүмүндөгү негизги бүтүмдөр жана жалпы тыянактар Ата Мекен тарыхы, Евразия тарыхы, ШКУнун тарыхы, жалпы тарых, азыркы эл аралык мамилелер, тышкы саясат жана дипломатиянын тарыхы сыяктуу маселелерди изилдөөдө, интернеттик дарстарды даярдоодо, окуу куралдарын түзүүдө жана ушул

теманын алкагында салыштырма изилдөөлөр жүргүзүлгөн илимий чөйрөлөрдө пайдаланууга болот.

**Илимий иштеги коргоого коюлуучу негизги жоболор.**

1. Кыргыз Республикасынын уюмга мүчө мамлекеттер менен маданий-гуманитардык кызматташтыгы үч этапта көрсөтүлдү: биринчи этап – укуктук-ченемдик базанын калыптанышы (2002-2010-жылдар); экинчи этап – аталган кызматташтык жаңы тармактарга жайылышы (2010-2017-жылдар); үчүнчү этап – уюмдун алкагынын кеңейиши жана жаңы мүмкүнчүлүктөрдүн пайда болушу (2017-2023-жылдар);

2. Кыргыз Республикасы менен ШКУнун мамлекеттеринин ортосундагы көп тараптуу форматтагы маданий-гуманитардык алакаларынын өнүгүүсү 2007-жылдан башталып, ал эми 2015 - 2023-жж. аралыгында маданият, билим берүү, илим, массалык маалымат каражаттары, туризм, спорт, экология ж.б. тармактарында уюмдун ишмердүүлүгүнүн кеңейиши менен практикалык түрдө ишке ашырылган.

3. Кыргызстан менен ШКУ уюмуна мүчө мамлекеттердин ортосундагы активдүү эки тараптуу жана көп тараптуу маданий байланыштар элдердин руханий жана материалдык мурастары менен тереңирээк таанышууга мүмкүндүк берет. Ошол эле учурда “маданий дипломатия” аспектиси уюмдун өлкөлөрүнүн маданий кызматташтыгында маанилүү орунду ээлейт.

4. Учурдагы болуп жаткан ааламдашуу жүрүмдөрүнүн доорунда улуттук баалуулуктарды сактоо жана тарыхый эстеликтерди коргоо маселелери ШКУга мүчө ар бир өлкөнүн маданий иденттүүлүктүн маанилүү багыттарынын бири катары актуалдуу болууда.

5. ШКУнун ишмердүүлүгүнүн мындан ары өнүгүүсү үчүн Жаштар кеңешинин ишмердүүлүгү уюмдун мүчө мамлекеттери үчүн стратегиялык мааниге ээ. Уюмдун Жаштар кеңешинин курамына ар бир мүчө мамлекеттин улуттук жаштар уюмдары кирет. Жаштар кеңештин мүчөсү катары Кыргыз

Республикасынын атынан Кыргызстандын Жаштар коомдук кеңеши эсептелинет.

6. Уюмдун алкагында кытай тилин үйрөнүү, кытай маданиятын жайылтуу, академиялык өз ара алмашуу, студенттердин мобилдүүлүгү, тармактык университеттерди жана ШКУнун университеттери аркылуу адистештирилген университеттердин ассоциацияларын түзүү жигердүү жүргүзүлүүдө, бирок тилекке каршы бул процесс негизинен бир жактуу ишке ашууда. Мисалы, чакан өлкөлөрдүн мамлекеттик бюджетинин чектелүү болгондугуна байланыштуу, академиялык мобилдүүлүк жаатында ал өлкөнүн катышуусу чектелүүдө.

7. Акыркы мезгилде Кыргыз Республикасынын ШКУга мүчө мамлекеттери менен маданий-гуманитардык мамилелерде жигердүү иш аракеттери байкалууда.

*Изилдөөнүн хронологиялык алкагы.* Изилдөөнүн мезгилдик чегинин төмөнкү сызыгы 2001-жылдан – ШКУнун пайда болгон жана уюмдун институтташуу процессинен башталат. Изилдөөнүн мезгилдик чегинин жогорку сызыгы 2023-жыл – уюмдун өнүгүшүнүн учурдагы тенденцияларынын талданышы менен жыйынтыкталат.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Изилдөөчү тарабынан тарыхнааманын талдоосу көрсөткөндөй Кыргызстандын учурдагы тышкы саясатынын тарыхындагы бул көйгөй боюнча изилдөөлөр жокко эсе экендиги аныкталган жана терең изилдөөнү талап кылаарын көрсөттү; Биринчи жолу илимий айлампага архивдик булактардын жана массалык маалымат каражаттарында жарыяланбаган материалдардын жаңы катмары киргизилди, бул изилдөөлөрдүн булак базасын олуттуу түрдө тереңдети; Кыргызстан менен ШКУга мүчө мамлекеттердин ортосундагы маданий-гуманитардык мамилелердин багыттары аныкталып, анда Кыргызстандын эл аралык, чөлкөмдүк, көп тараптуу жана эки тараптуу кызматташтыгы, ШКУ сыяктуу эл аралык уюмдардагы ишмердиги терең иликтениши зарыл экендиги белгиленди.

**Иштин апробацияланышы.** Диссертациялык иштин мазмуну жана илимий тыянактары эл аралык жана республикалык илимий–практикалык конференцияларда, форумдарда, тегерек отурум ж.б. илимий жыйындарда апробацияланды.

**Диссертациянын илимий жыйынтыктарынын изденүүчү басмада жарыялаган эмгектерде чагылдырышынын толук көлөмү:** Илимий иштин жыйынтыктары Кыргыз Республикасынын УИА сунуштаган атайын илимий жыйнактарда, чет элдик рецензияланган журналдарда жана башка илимий жыйнактарда жарыяланган. Илимий иш боюнча жалпы 9 илимий макала, анын ичинен 5 макала РИНЦте катталган чет элдик басылмаларда, 1 макала "Web of Science" жана "Scopus" индекс системасында жарык көрдү.

**Диссертациялык иштин түзүлүшү.** Иш киришүү, 4 бап жана 7 бөлүм, корутунду, 354 пайдаланылган булактар менен адабияттардын тизмесинен жана 13 тиркемеден (карталар, фотосүрөттөр, таблицалар) турат. Диссертациянын көлөмү 148 бет.

# I БАП. ИЛИМИЙ ИЗИЛДӨӨНҮН ТАРЫХНААМАСЫ

Кыргыз Республикасынын Шанхай кызматташтык уюмунун (ШКУ) алкагындагы маданий-гуманитардык кызматташтык маселесин изилдөө бүгүнкү күндө дүйнөлүк жана чөлкөмдүк саясатта абдан кызуу талкууга алынып, атайын адистештирилген илимий мекемелер жана институттар тарабынан тынымсыз илимий иликтөө иштери жүргүзүлүп келет. Изилденип жаткан маселенин тарыхнаамасына талдоо жүргүзүүдө чет элдик жана жергиликтүү окумуштуулардын, аналитиктердин, саясат таануучулардын жана башкалардын эмгектерин **үч топко** бөлүп карадык:

1. Америка Кошмо Штаттары (мындан ары АКШ) жана Европа өлкөлөрүнүн илимпоздорунун, саясат таануучуларынын, серепчи, аналитикеринин эмгектери;
2. Азия өлкөлөрүнүн окумуштууларынын, изилдөөчүлөрүнүн илимий эмгектери;
3. Кыргыз Республикасынын илипоздорунун, саясат таануучуларынын, аналитиктердин ж.б. изилдөөлөрү.

**Биринчи топто,** ШКУнун тарыхый өнүгүү эволюциясын, кызматташуу багыттарын жана Кыргызстандын уюмдун алкагындагы маданий-гуманитардык маселесин изилдеген Америка Кошмо Штаттары жана Европа өлкөлөрүнүн илимпоздорунун, саясат таануучуларынын, серепчи, аналитикеринин эмгектери каралды.

Азыркы мезгилдеги АКШны дүйнөлүк гегемонияга айландыруу максатында жазылган эмгектерде Борбордук Азия региону жөнүндөгү көйгөйлөр жазылган. АКШнын изилдөөчү-аналитиги, саясат таануучусу, эл аралык мамиле боюнча адис С. Хантингтондун бир катар эмгектери бар[76]. Алардын ичинен, “Столкновение цивилизаций” деген монографиясында жер шаарынын бардык чөлкөмүндөгү цивилизациялардын өнүгүүсүнө ар тараптуу анализ берген.

Ал эми АКШнын, Россиянын, Кытайдын ж.б. ири мамлекеттердин тышкы саясатын, “жумшак күч” саясатын ийгиликтүү ишке ашыруу аркылуу өз максаттарына жетип жаткандарын талдаган саясат таануучу Джозеф С. Най болгон [70]. Ал АКШнын тышкы саясат, чалгындоо жана коргонуу мекемелеринде кызмат өтөгөн. Автор өзүнүн китебинде саясий мамилелерди өзгөрткөн XXI кылымдын мүнөзүн аныктаган ийкемдүү “жумшак күч” жөнүндө кеңири баяндап мазмундуу түшүнүк береген.

Ошондой эле, Европалык окумуштуулар да аталган уюмга мүчө мамлекеттерди жана Борбордук Азия мамлекеттерин изилдеп келишет. Улуу Британиянын тышкы саясат борборунун улук саясий кеңешчиси Крейг Олифант баш болгон изилдөөчүлөрдөн турган топтун эмгегинде [139] Борбордук Азия мамлекеттеринин экономикасын, коопсуздук маселелерин менен биргеликте Россия менен Кытайдын Борбордук Азияга болгон таасирдүүлүгүн да ачып көрсөтүү аракеттерин кылышкан. Ошону менен бирге, Кытай жана Россиянын Борбордук Азия мамлекеттеринин ортосундагы мамилелерине, аймактын саясий-экономикалык абалына, маданиятына жана коопсуздук маселелерине тийгизип жаткан таасирине сереп салган.

Улуу Британиядагы Бирмингем университетинин Россия жана Чыгыш Европа изилдөө борборунун улук изилдөөчүсү Стивен Аристин эмгегинде Россия менен Кытайдын кызматташтыгын, ШКУнун уюшулушу менен анын өнүгүүсүн талданган. Ошондой эле, Борбордук Азия боюнча алдыңкы батыш эксперттеринин көз караштарынын жана уюмдун өнүгүү эволюциясын карап чыгып, автор убакыттын өтүшү менен бул уюм эл аралык мамилелердин заманбап системасынын органикалык элементи болуп калаарын белгилеген. Ошону менен бирге эле, автор Евробиримдик Борбордук Азияда өзүнүн кызыкчылыктарын ишке ашыруу үчүн аталган уюм менен өз ара кызматташууга басым жасашы керек деген тыянакка келген [88].

Эдинбург университетинин илимий кызматкери Бернардо Марианинин “China’s Role and İnterests in Central Asia” атту эмгегинде Кытайдын Борбордук

Азия өлкөлөрү менен болгон мамилесине таасир эткен тышкы саясаттын айрым принциптерин талдаган. Автор Пекиндин региондогу катышуусунун себептерин изилдеп, алдын ала тыянактар жана Кытай менен Борбордук Азия мамлекеттеринин мамилелеринин келечегин баамдаган [156].

ШКУ тууралуу жана Кытайдын тышкы саясий көйгөйлөрүн чечүү үчүн колдонгон жаңы ыкмалары, анын ичинде "коопсуздуктун жаңы концепциясы", "өнүгүүгө жаңы мамиле" жана "гармониялуу дүйнө" концепциясы сыяктуу документтерди камтыган. Кытайдын жаңы дипломатиясын чагылдырган эмгектердин бири Нидерландынын «Clingendael» эл аралык мамилелер институтунун изилдөөчүсү Гао Фейге таандык [158].

Аталган уюмдун жаралуу тарыхын кененирээк чагылдырган, ошондой эле уюмдун алкагындагы маданий жана гуманитардык багыттагы кызматташтыктын жөнгө салынышын чагылдырган Россия Федерациясынын окумуштуулардын, серепчилердин эмгектердин катарына С. Г. Максимова, О. Е. Ноянзина, Д. А. Омельченко, Н. П. Гончарованын [69] илимий эмгектери кирет. Алар ШКУнун уюшулушунун тарыхый өбөлгөлөрүн, этаптарын, ишмердүүлүгүнүн багыттарын жана мүчө мамлекеттер ортосундагы жаштар арасындагы өз ара алмашууну иликтешкен. Ошол менен бирге монографияда социологиялык изилдөөлөрдүн негизинде уюмдун алкагындагы жаштарды өз ара алмашуу жаатындагы расмий документтерин анализин жана аталган тармакты өнүктүрүүнүн факторлорун сунушташат.

Россия Федерациясынын белгилүү изилдөөчү, окумуштуулары В. В. Михеев, В. Г. Швыдко [65], К. Г. Муратшина, Е. Л. Бахтин [118], Г.И. Цвыктын [138] биргелешип жазган эмгектеринде орус-кытай мамилесинин стратегиялык негизги багыты болгон ШКУ аркылуу Борбордук Азия [1] мамлекеттери, анын ичинде Кыргызстан менен маданий-гуманитардык кызматташуунун ишке ашырылышы талдоого алынган.

---

[1] Борбордук Азия - материк ичиндеги Азиянын кеңири, океанга чыга албаган табигый аймагы. Заманбап тү шүндүрмөлөрдө ал түштүктө Афганистан менен Ирандан түндүктө Россияга, чыгышта Каспий деңизинен чыгышка чейинки аймакты бириктирет. Борбордук Азияга Монголия жана Кытайдын батыш бөлүгү, ошондой эле Казакстан, Кыргызстан, Өзбекстан, Түркмөнстан жана Тажикстан кирет.

Юридика илиминин доктору, академик Т. Я. Хабриевдин жана И. О. Тиунов менен Н. М.Бевеликовдун [79] редакторлугу астында жарык көргөн эмгекте Россиянын белгилүү юристтери, экономисттери жана тарыхчылары тарабынан ШКУнун ишмердүүлүгүнө берилген ар тараптуу салыштырмалуу көз караштагы илимий теориялык пикирлер каралган.

Уюм түзүлгөндөн тартып анын ишмердүүлүгүндөгү жетишкендиктери жана көз жаздымда калган ар кандай олуттуу жагдайларын кеңири талкууга алган эл аралык конференциялар, форумдар уюштурулуп келет. Аталган иш чаралардын алкагында ШКУнун ишмердүүлүгүнө илимий колдоо көрсөтүү, мүчө мамлекеттердин илимий-изилдөө жана саясий борборлорунун өз ара кызматташуусун өнүктүрүү маселелери боюнча биргелешкен изилдөөлөрдү жүргүзүү, уюмдун илимий жана коомдук чөйрөлөр менен байланыштарын кеңейтүү сыяктуу маселелер талкууланат. Аталган масалелерди камтыган эмгектердин катарына орус окумуштуу, саясат таануучу, изилдөөчүлөрү А. Ф. Клименко [80], А. В. Лукин [144], Ю. В. Морозов [74] тарабынан редакцияланган эмгектерди кошууга болот.

Аталган уюмдун алкагында, ага мүчө мамлекеттердин ортосундагы маданий-гуманитардык чөйрөдөгү байланыштардын, анын көйгөлөрүн изилдөөгө алган окумуштуулардын катарына О.Ю. Колегова [252], Е. И. Сафронова [314], Ю. В. Морозов [115], [116], А. Я. Касюк, С. М. Онищукту [104] кошууга болот.

Уюмдун гуманитардык тармактагы алакаларынын тарыхый өнүгүүсүн, багыттарын, келечегин жана көйгөйлөрүн М. С. Ефремова [98] жана Ю. С. Зелениналардын [99] эмгектеринде талдоого алынган.

Ошондой эле гуманитардык багыттын маанилүү багыттарынын бири билим берүү жана илимий чөйрөдөгү мамилелер да окумуштуулар тарабынан иликтенип келет. Алсак, ШКУнун университетинин түзүлүшү, андагы билим берүү тармактары, ошондой эле университеттин келечеги тууралуу баа берген илимий эмгектер арбын. Атап айтканда, Е. С. Белукованын “Сотрудничество

государств-членов ШОС в сфере высшего образования: университет ШОС как успешная модель партнерства” [175], Л. И. Ефремова, Р. Г. Федоровдун «10 лет университету Шанхайской Организации Сотрудничества: основные результаты работы» [97] жана Т. Л. Гурулева, Н. И. Бедареванын “Сотрудничество России и Китая в области создания сетевых университетов и совместных образовательных учреждений” [94] деп аталган эмгектери бар. Бул авторлор уюмдун университетинин билим берүүдөгү ролу менен ордун ачып көрсөтүү менен өнөктөштүктүн ийгиликтүү модели катары белгилешкен.

Ал эми Г. П. Иванова, О. К. Логвинованын “Интернационализация педагогического образования: магистратура университета ШОС” [234] жана В. М., Филиппов, Ю. Сундун “Роль Университета Шанхайской организации сотрудничества в сопряжении образовательных пространств Евразии” [134] аталышындагы эмгектерде тармактык университеттин магистратуралык программаларына, айрыкча педагогика багытынын жайылышына жана жетишкендиктерине мүнөздөмө беришкен.

Уюмдун алкагындагы гуманитардык кызматташтыктагы тармактык университеттин ролуна, биргелешкен билим берүү мекемелерин түзүүдөгү мүчө мамлекеттердин кызматташтыгына, университеттин жоболоруна, ишмердүүлүгүнө жана келечегине Д. А. Борисов жана Е. В. Савковичтер [91] сереп салышкан.

Кытай Эл Республикасынын тышкы саясатын ишке ашырган, Конфуций институттарын жана кытай маданиятын тараткан «жумшак күч» саясатын, Конфуций институтунун түйүнүнүн жайылышы жана өнүгүүсүн Н. В. Хисамутдинова [135], Е. А. Антюхова [87], С. В. Михневичтин [113] эмгектеринде кеңири талдоого алынган.

Россия Федерациясы менен Борбордук Азиянын окумуштуу – серепчилери А. В. Лукин, С. Г. Лузянин, Ли Синь, И. Е. Денисов, К. Л. Сыроежкин, А. С. Пятачковалардын биргелешип жазган аналитикалык эмгегинде “Жибек Жолунун экономикалык алкагы” жана “Бир алкак, бир жол”

долбоорлорунун негизиндеги туризм жана билим берүү чөйрөсүндөгү кызматташуулар чагылдырылган [108].

С. Г. Лузяниндин монографиясында [68] Кытайдын Россия менен болгон байланышы, долбоорлору, ШКУнун алкагындагы орус-кытай кызматташтыгынын негизги аспектилери каралган. Ошондой эле Россия менен Кытайдын уюмдун башка мүчө мамлекеттери менен болгон алакалары талдоого алынып баяндалган.

Аталган тема боюнча Россия Федерациясынын окумуштууларынын бир нече диссертациялык иштери жакталган. Алардын арасында Е. В. Журавлеванын “Политика «мягкой силы» КНР в отношении стран Центральной Азии. На примере Казахстана и Монголии (2007-2015 ГГ.)” деп аталган диссертациялык изилдөөсүн белгилей кетсек болот [148]. Изилдөөдө "жумшак күч" түшүнүктөрү жана алардын Кытай үчүн колдонмо мааниси берилген. Аны менен катар "жумшак күч" системасын түзүү, постбиполярдык мезгилдеги Кытай Эл Республикасынын Борбордук Азиядагы тышкы саясатынын өзгөчөлүктөрүн, стратегиясын жана таасирдүүлүгүнүн ишке ашышынын жолдорун ачып көрсөткөн.

Жогоруда аталган кандидаттык диссертацияга салыштырмалуу Н. В. Серебрякова “Шанхайская Организация Сотрудничества: проблемы политической интеграции в Центральной Азии” аттуу диссертациялык ишинде [151] Кытайдын ШКУга мүчө жана байкоочу мамлекеттери менен болгон мамилесиндеги стратегиясынын өзгөчөлүктөрүнө токтолгон. Андан тышкары, Пекиндин тышкы саясий стратегиясын эске алуу менен ШКУнун ишмердүүлүгүнүн келечектеги багыттарын иликтеген.

**Жыйынтыктап айтканда,** АКШнын окумуштуу - аналитиктери СССРдин таралышынан кийин Борбордук Азия мамлекеттеринин Россия Федерациясынын таасиринен чыга элегин жазышкан жана учурда Кытай Эл Республикасынын экономикалык ж.б. экспанциясынын күчөгөнүн белгилешкен. Ошондой эле, АКШ жана Европа өлкөлөрүнүн

изилдөөчүлөрүнүн эмгектеринде Борбордук Азия региону бир же эки мамлекеттин көзөмөлүндө болбостон, эл аралык уюмдардын интеграциялык өнүгүүсүнө катышуусу көбүрөөк эффективдүү жана ШКУнун ишмердүүлүгүндө Россия менен Кытайдын таасирдүүлүгүнүн өсүп жаткандыгы жөнүндөгү пикирлер да арбын кездешет.

Ал эми, Россия Федерациясынын окумуштууларынын эмгектери аталган багыт боюнча кийинки изилдөөлөр үчүн фундаменталдуу изилдөөрдөн боло алат десек жаңылышпайбыз. Андыктан, орус окмуштууларынын эмгектеринде ШКУнун алкагындагы маданий-гуманитардык ишмердүүлүк, айрыкча билим берүү, илим жана туризм тармагындагы кызматташуусун өнүктүрүүдө, уюмдун мүчө мамлекеттерининин, анын ичинде Кыргызстандын кызыкдар экендиги белгиленип келет. Анткени, аталган уюмдун университетине кирген Россия Федерациясынын ЖОЖдорунда жана Кытайдын Конфуций институттарындагы кытай тилин окуп, ар тараптуу билим алып жаткан жаштардын санынын жыл сайын өсүүсү айгинелеп турат.

Кыскасы, Россия Федерациясынын жалпы академиялык чөйрөсүнүн эмгектери илимий иште Кыргызстандын ШКУнун мүчө мамлекеттери менен болгон маданий-гуманитардык кызматташтыгын изилдөөдө жана талдоодо орчундуу кызмат кылды.

Маселени изилдөөнүн тарыхнаамасынын **экинчи тобуна** Азия өлкөлөрүнүн окумуштууларынын, изилдөөчүлөрүнүн илимий эмгектери кирди.

Анда бул топтогу изилдөөчүлөрдүн ичинен Кытай окумуштууларынын илимий эмгектерине токтолуп кетсек. Кытайдын белгилүү саясат таануучу, Фудан университетинин (Шанхай) эл аралык мамиле институтунун профессору, Пекиндеги эл аралык клубдун мүчөсү Чжао Хуашэндин изилденип жаткан маселе боюнча бир топ эмгектери жарыкка чыккан [340]. Алардын ичинен “Китай, Россия, Сша: Интересы, позиции, взаимоотношения в Центральной Азии” деген эмгегинде Кытай Эл Республикасы үчүн Борбордук Азия региону өзгөчө маанилүү чөлкөм катары көрсөтүлгөн. Эмгекте

Россиянын, Кытайдын жана АКШнын өз ара кызматташуусу жана алардынын кызыкчылыктарынын окшоштогу  көрсөтүлгөн. Үч мамлекеттин ар биринин кызыкчылыгын баяндоо менен кызматташуу чөйрөсүндөгү тирешүүлөрдү ачып берген. Автордун эмгегиндеги аналитикалык ой пикирлеринин маанилүү экендигинде талаш жок.

Көптөгөн Кытай окумуштууларынын эмгектери ШКУнун түзүлүшүнө, Кытайдын тышкы саясатынын стратегиясына жана Кытайдын Борбордук Азиядагы ролуна арналган. Алсак, Цю Сяофэнь [153] жана Лян Чжэньпэндин [149] диссертациялык эмгектеринде Борбордук Азиянын постсоветтик мейкиндигиндеги Кытайдын ролун бекемдөөнүн геосаясий факторлорун, чөлкөмдөгү негизги кызыкчылыктарын карашкан. Кытайдын Борбордук Азия өлкөлөрү менен эки тараптуу мамилелеринин табияты, ШКУнун жана Жибек жолунун Экономикалык алкагынын интеграциялык долбоорунун алкагында Кытайдын Борбордук Азия өлкөлөрү менен өз ара кызматташуусуна анализ берген. Ошондой эле, Кытайдын тышкы саясий стратегиясын ишке ашырууда ШКУнун ролун жана Улуу Жибек жолу: тарыхы, Жибек Жолу экономикалык алкагы долбоорун ишке ашыруунун келечеги менен көйгөйлөрүн изилдешкен.

Аталган уюмдун мүчө мамлекеттеринин ортосундагы гуманитардык кызматташтыктын көйгөйлөрүн жана стратегиясын, уюмдун университетинин жана Жаштар кеңешинин гуманитардык кызматтыштыктагы ролун Цзяо Ицян [140], У Юйяо [133] жана Чжао Фэнцай [142] изилдешкен.

Кийинки кытай окумуштуулары Чжао Синь [339], Ди Хай [144], Ши Даньдань [95]  жана Лян Чжэньпэндин [111] изилдөөлөрүндө Кытайдын XXI к. Бобордук Азиядагы маданий дипломатиясы, кытай маданиятынын  жана тилинин эл аралык деңгээлде таралышы, ШКУнун алкагындагы билим берүү тармагындагы кызматташууларды, Конфуций институттарынын ишмердүүлүгү, жайылышы жана келечеги туралуу маалыматтар каралган.

Ошондой эле, Динь Синьинин [96] жана Лю Сяньцандын [110] эмгектеринде уюмдун мамлекеттеринин калкынын ортосундагы мамилени

жакшыртуунун натыйжалуу жолунун бири маданий-гуманитардык жана экономикалык багыттагы кызматташтык экендигин аныкталган. Мындай кызматташтыктын негизги багыттарынын бири туризм тармагындагы алака экендигине токтолгон. Илимий эмгектер негизинен ШКУнун туризм кызматташтыгынын тарыхына жана өнүгүү этаптарына, өзгөчөлүгүнө, жетишкендиктерине жана “Бир алкак, бир жол” долбоорундагы туризмдин ролуна арналган.

Учурда «Гармониялык тынчтык”, “Бир алкак, бир жол” концепциясынын иштелип чыгышы Кытайдын учурдагы саясатынын стратегиялык негизин түзөт. Долбоорлорду ишке ашыруудагы Борбордук Азия чөлкөмүнүн өлкөлөрүнүн өз ара мамилеси тууралуу жазылган эмгектер арбын. Атап айтканда: Цин Юйцай, Чжоу Гупин, Ло Вэйдун биргелешкен “Один пояс и один путь: комментарии” [77] аттуу эмгекте “Бир алкак, бир жол” идеясынын стратегиясын жана аны ишке ашыруунун ыкмаларына кеңири токтолушкан. Айтылган концепцияда байыркы “Улуу Жибек Жолунун” тарыхый өнүгүүсү талданган. Долбоордун негизги максаты тынчтыкта өз ара кызыкчылыктар үчүн кызматташуу жана Жибек Жолунун мейкиндигинде жайгашкан элдердин экономикалык карым-катнашын жакшыртууда активдүү иш алып барууну көздөө экендиги белгиленген.

Уюмдун түзүлүшүн жана өнүгүшүн, кызматташтык багыттарынын кеңейишин изилдеген Индиянын бир катар окумуштуулары бар. Мисалга алсак, күрүнүктүү изилдөөчү, Йорк университетинин илимий кызматкери, Liaison колледжинин академиялык директору Ниведита Дас Кунду эмгегинде [157] Индиянын ШКУнун толук кандуу мүчө болуп кирүүсүнүн келечегин жана шарттарын талдаган. Ал бул маселе боюнча мүчө мамлекеттердин ортосундагы болгон келишпестиктерди, ошондой эле Индиянын саясий коомчулугунда аталган уюмга байланыштуу позициялардын өзгөрүүлөрүн белгилеген.

Ал эми, Мина Сингх Рой Индиянын Евразиялык кызматташтыкка болгон кызыгуусун жана ШКУдагы ролун көрсөткөн [163]. Изилдөөсүндө Индиянын

экономикалык абалы, анын кеңири тажрыйбасы жана институционалдык мүмкүнчүлүктөрү талданган. Ошондой эле, уюмдун алкагындагы кызматташуунун келечегине сереп жүргүзгөн.

Индиянын изилдөөчү, аналитиктерине салыштырмалуу Пакистандын окумуштуусу Захид Али Кхан эмгегинде [155] ШКУнун саясаты жана программалары Пакистандын узак мөөнөттүү максаттарына шайкеш келээрин жазып чыккан. Ошондой эле, уюм — Россия, Кытай жана Борбор Азиянын төрт өлкөсүнөн турган маанилүү аймактык коопсуздук уюму деп берилет. Андан тышкары макалада Пакистандын ошол мезгилде уюмдун байкоочу мамлекети экендиги жана уюмдун региондогу ишмердүүлүгүнө активдүү катышуу үчүн толук мүчөлүккө ээ болууну каалаганын баяндаган. Пакистан аймактагы тынчтыкты жана туруктуулукту сактоого гана салым кошпостон, транспорт жана энергетика коридорун өнүктүрүүгө да салым кошоорун белгилеген.

Жогоруда берилген көз караш Пакистандын изилдөөчү, аналитиги Мухаммад Саиф ур Рехмандын эмгегинде да [161] талданган. Макалада Пакистан үчүн ШКУнун алкагындагы кызматташуусу маанилүү экендиги чагылдырылган. Иликтөөсүндө Пакистан өнүгүү үчүн соода жана инвестиция аркылуу ири аймактык державалардан экономикалык жардам ала алат деп көрсө түлгөн. Автор коопсуздук багыттагы кызматташуунун негизинде уюм Пакистанга салттуу жана салттуу эмес коркунучтардан жардам бере алат жана мындай кыйынчылыкка туш болгон башка мүчө өлкөлөр менен тажрыйба бөлүшө алат деген чечимге келген.

Пакистандык кийинки окумуштуусу, Исламабад улуттук заманбап тилдер университетинин доктору Рауф Сарват эмгегинде [162] Пакистандын уюмга мүчө мамлекет катары кирүүсү Пакистан үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөрдү алып келээрин белгилеген. Пакистандын уюмдун алкагындагы өнүгүүсү, саясий кызматташтык келечеги жана Пакистанга тийгизген таасири аныкталган. Мындай пикирлерди айтуу менен бирге эле, Рауф Сарват Пакистан менен

Индиянын татаал мамилелерине да сереп салып, ШКУну Индия менен Пакистандын ортосундагы жараканы азайтуу үчүн артыкчылыктуу платформа катары кызмат кылаарын көрсөткөн.

ШКУнун маданий-гуманитардык өз ара байланыштарын изилдеген Япон окумуштууларынын эмгектерине токтолсок. Томоко Симамура макаласында [167] уюмдун түзүлүшүнүн жана ишмердүүлүгүнүн тарыхы, кызматташтык чөйрөлөрүнүн кеңейүүсү жана кытай-орус мамилелери иликтөөгө алган. АКШнын аталган уюмга байланыштуу тынчсыздануларын жана Борбор Азиядагы Кытай менен Россиянын саясатын талдоо менен гана чектелбестен, Япониянын Борбордук Амерника мамлекеттери менен болгон мамилелерине да кеңири токтолгон. Анда, Кытайдын аймактагы таасирин басаңдатуу максаты ачып көрсөтүлгөн. Тактап айтканда, 2006 – жылдын июнь айында ШКУнун саммитине аз калганда Япония Борбор Азия өлкөлөрү: Өзбекстан, Кыргызстан, Тажикстан жана Казакстан менен экинчи ирет сүйлөшүүлөрдү жүргүзгөнүн көрсөткөн. Бул жолугушууда бизнести илгерилетүү, интеллектуалдык диалог, ошондой эле маданий жана инсандар аралык мобилдүүлүк чөйрөлөрүндө кызматташуу тууралуу иш чаралары, бул Кытайдын аймактагы таасирин басаңдатуу максатында жүргүзүлгөнүн ачык көрсөткөн.

Симамурага салыштырмалуу Фумихико Камата [168] Кытайдын "жумшак күч" стратегиясына, идеологиялык аспектилерге кеңири токтолгон. Эмгекте Кытайдагы саясий жана экономикалык мамилелерге багытталган дипломатиянын өнүгүшү жана маданий - гуманитардык кызматташуусун "жумшак күч" саясаты аркылуу ишке ашырылуусу талдоого алынган. Ошол менен бирге, "жумшак күч" саясаты Кытайдын тышкы саясатындагы маанилүү стратегия катары каралып, бул аскердик күчтү колдонуу аркылуу мажбурлоо же экономикалык күч аркылуу сыйлык берүү менен эмес, тескерисинче, өлкөнүн жагымдуулугу менен байланыштуу деп белгиленген. Фумихико Кытайдын "жумшак күч" саясаты аркылуу каалаган натыйжага жетүү мүмкүнчүлүгүнө ээ экендигине жана эл аралык атаандаштыкта

жөндөмдүүлүктү бекемдөөгө басым жасап, маданият системасын кайра курууну улантууда деген чечимге келген.

Изилденип жаткан маселенин тарыхнаамасынын экинчи тобунда Борбордук Азия республикаларындагы окумуштуулардын, аналитиктердин, саясат таануучулардын изилдөөлөрү да каралган.

ШКУнун ишмердиги жана уюмдун алкагындагы маданий-гуманитардык кызматташуу маселелерине арналган илимий изилдөөлөр Борбордук Азия өлкөлөрүнүн ар биринде изилдене баштаган. Эгемендүү Казак Республикасында уюмдун алкагындагы ишке ашып жаткан иш аракеттерди изилдеген казак окумуштууларынын эмгектери арбын.

Алардын катарында саясат таануучу, тарыхчылар Е. Керимбаев, А. Тургенбай жана З. Набижан кызынын [128] биргелешкен эмгектери бар. Бул авторлордун эмгектеринде Борбордук Азия өлкөлөрүндө Кытайдын "жумшак күч" саясатынын таасиринин өсүшү кытай тилин үйрөнүү тарыхы менен тыгыз байланышта экени көрсөтүлгөн. Борбордук Азияда кытай тилин окутуу Совет бийлигинин учурунда эле башталганы менен бул аймактагы мамлекеттер көз карандысыздыкка ээ болгондон кийин активдүү ишке ашкан. Анткени Кытай менен бул аймактагы өлкөлөрүнүн ортосундагы эки тараптуу жана көп тараптуу мамилелерди өнүктүрүү контекстинде кытай тилин окутуу кеңири тарай баштаганы талданат.

С. О. Азимов менен Г. Е. Ибрагимованын эмгеги ШКУнун алкагындагы маданий дипломатияны изилдөөгө арналган. Макалада маданий дипломатиянын негиздерин аныктаган укуктук документтерге талдоо жүргүзүлүп, аны ишке ашыруунун механизмдери изилденген [83].

Казак окумуштуусу, саясат илимдеринин доктору, профессор К. Л. Сыроежкиндин [131] эмгегинде Борбордук Азия өлкөлөрү Кытай үчүн чийки заттын жаңы булактары жана өз продукцияларын сатуу рыноктору катары жагымдуу аймак экендиги берилген. Борбордук Азия мамлекеттери Кытай өкмөтүн стратегиялык өнөктөш катары эсептешет деп жазган.

Индия менен Пакистандын туруктуу мүчөлүккө кириши менен аталган уюмдун дүйнөдөгү эң ири региондор аралык түзүмгө айланды жана регионалдык кызматташтыктын траекториясын өзгөрттү деп айтсак болот. Казак окмуштуусу А. Муратбекованын макаласында [117] ШКУнун ишмердүүлүгүнө мүнөздүү уникалдуу өзгөчөлүктөрдү карап чыгып, уюмдун иденттүүлүк кризисин айтып, учурдагы тарыхый жана регионалдык контекстин талдоо менен бирге анын кризисин чечүү сценарийлерин сунуштаган.

Ал эми макалада уюмга мүчө мамлекеттердин гуманитардык кызматташтыгы талданып, гуманитардык кызматташуунун негизги багыттарын, уюмдун өлкөлөрүнүн гуманитардык чөйрөдөгү кызматташтыгынын өбөлгөлөрүн жана келечегин Р. Айтбаева менен Н. Касимова [84] эмгегинде ачып көрсөтүшкөн.

Борбордук Азия өлкөлөрүнүн ичинен Өзбекстан Республикасынын изилдөөчүлөрү аталган уюмдун түзүлүшү менен өнүгүшү, кызматташуунун артыкчылыктуу багыты болгон маданий-гуманитардык мамилелер тууралуу илимий эмгектери байма-бай жарыяланып келет. Өзбекстан уюмга 2001-ж. мүчө болуп кирип, уюмдун алкагындагы ишмердүүлүгүн, маданий-гуманитардык, саясат, экономика ж.б. маселелерин изилдеген жоон топ окумуштуулардын мектебин түзө алды. Алардын ичине белгилүү өзбек окумуштуу-аналитиктери А. Х. Ходжаев [136], Ф. Толипов [330] ж.б. кирет.

А. Ходжаевдин изилдөөсүндө ШКУнун алкагындагы кызматташуулардын натыйжасында Кытай Борбордук Азия мамлекеттеринин базарларын жана жаратылыш ресурстарын пайдалануу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгонун көрсөткөн. Мындай иш-чаралар Кытай үчүн гана эмес, ошондой эле региондогу өлкөлөр менен мамилелер үчүн жагымдуу шарттарды түзүү дегенди да билдирет деп берген.

Белгилүү саясий ишмер, дипломат В. И. Норов [120] эмгегинде аталган уюмдун 20 жылдык тарыхында уюмдун алкагындагы экономикалык, коопсуздук жана маданий - гуманитардык багыттагы алакаларын талдап,

маданият жана искусство тармагындагы байланыштарынын өнүгүүсүн белгилеген. Бул изилдөөлөрдө 2005-жылдан тартып аталган уюмга мүчө – мамлекеттердин искусство фестивалдары туруктуу негизде өткөрүлүп келе жатканы, 2010-жылдан тартып маданият индустриясы багытындагы кызматташуу форумдарына байкоочу мамлекеттердин гана эмес, уюмдун өнөктөштөрүнүн да катышуусу менен өткөрүлүп келээри жазылган.

ШКУнун маданий-гуманитардык багыттагы ишмердүүлүгүн, анын ичинде Кытайда болуп өткөн "Сыйкырдуу тогуз нота" аталыштагы музыкалык кечелерин изилдеген көрүнүктүү окумуштуулардын ичине Г. Б. Исмаилова [242] кирет. Автор эмгегинде "Сыйкырдуу тогуз нота" музыкалык кечесиндеги концерттик программадагы өзбекстандык белгилүү пианист Мадина Файзиеванын өмүр баяны жана анын чыгармачылыгын талдап, кеченин алкагындагы өзбек элинин маданиятын чагылдырган сүрөт көргөзмөсүн баса белгилеген.

2001-2020-жж. Кытайдын аталган уюмунун алкагындагы маданий дипломатиясын изилдеген Ф. Назарова “КЭРдин ШКУнун алкагындагы маданий дипломатиясы” деген аталыштагы макаласында Кытайдын тышкы саясатынын стратегиясынын маданий аспектилерин Кытай булактарынын жана адабияттарынын негизинде талдайт. Автор изилдөөлөрүндө Кытайдын маданий дипломатиясынын өнүгүү этаптарын сүрөттөйт жана аныктайт. Ошондой эле, автор Кытайдын демилгелерин, укуктук базасын, уюмдун ичиндеги маданият жаатындагы кызматташуусунун негизги багыттарын жана формаларын изилдейт. "Гармониялуу аймакты" курууда жана уюмду түзүүдө маданияттын ролу эки тараптуу жана көп тараптуу негизде жүргүзүүлөрү баса белгиленип каралат [159].

Жогорудагы эмгекке салыштырмалуу Р. Нуримбетовдун эмгегинде [121] Индия менен Пакистандын саясий мектептеринин өкүлдөрүнүн ШКУга болгон мамилеси каралган. Алардын салыштырма анализинин негизинде уюмдун

ишмердүүлүгүнө карата эки өлкөнүн окумуштууларынын жана изилдөөчүлөрүнүн көз караштары аныкталган.

Өзбекстан мамлекетинен айырмаланган Тажикстан Республикасы аталган уюмдун уюшулушунун башатында эле “Шанхай бештигине” кирген. ШКунун алкагында маданий-гуманитардык маселелеринде активдүү катышуучу десек болот. Уюмдун ишмердигин изилдеген бир топ тажик окумуштуулары бар. Алардын ичинен белгилүү окумуштуу, саясат таануучу, ШКУнун 2016-2018-жж. аралыгындагы башкы катчысы Р. Алимовдун бир нече эмгектери жарык көргөн [169], [170].

Уюмдун Ортонку Чыгыш эл аралык мамиле системасындагы ишмердүүлүгүн жана анын келечектеги Азия мейкиндигиндеги чөлкөмдүк уюмдар менен кызматташуусундагы ролун Ш. Д. Бобоев [90] изилдеген.

Тажик окумуштуусу Х. Холикназаров “Вклад Республики Таджикистан в становление и развитие Шанхайской организации сотрудничества (1996-2014гг.)” деп аталган диссертациясында ШКУнун эл аралык уюм катары калыптануусунда жана өнүгүүсүндөгү Тажикстандын мүчө өлкө катары катышуусу жана уюм алкагындагы биргелешкен иш аракеттери талданган [152].

Саясат илимдеринин доктору, постсоветтик изилдөөлөр борборунун жетектөөчү илимий кызматкери З. А. Дадабаеванын [223] уюмдун ишмердүүлүгүн, уюмдун алкагындагы Борбордук Азия мамлекеттеринин эконономикалык, коопсуздук, маданий тармактарында кызматташуусунун келечеги, Кытай менен Россиянын уюмдун мүчө мамлекеттери менен болгон алакаларын илимий эмгектеринде изилдеген.

Жыйынтыктап жатып, Кытай окумуштуу–изилдөөчүлөрүнүн эмгектеринин негизги өзөгү Кытай өкмөтүнүн саясатын багынтып алуучу катары эмес, тескерисинче ал уюмдун алкагындагы көп тараптуу кызматташтыкта жана коңшу мамлекеттер менен эки тараптуу кызматташтыкта альтернативдүү өнөктөш жана жакын шериктеш болууну каалайт деген

пикирди беришкен. Учурда уюмдун алкагындагы кызматташтыктын негизин коопсуздук менен экономика тармактары гана саналбастан, маданий-гуманитардык байланыштар да артыкчылыктуу мааниге ээ экендигин белгилешет.

Ал эми, Индия жана Пакистан окумуштуу–изилдөөчүлөрүнүн эмгектеринин негизги өзөгү аталган эки өлкөнүн уюмга толук кандуу мүчө болуп кирүүсүнүн келечегин жана шарттарын талдап, бул маселе боюнча мүчө мамлекеттер ортосундагы болгон келишпестиктер жана Индиянын саясий мекемесинде жана коомчулугунда аталган уюмга байланыштуу позициялардын өзгөрүүлөрүн талдашкан. Ал эми Пакистан үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөрдү алып келээрин жана уюмду Индия менен Пакистандын ортосундагы жараканы азайтуу үчүн артыкчылыктуу аянтча деген ой-пикирлерин да көрсөтүшкөн.

Аталган көйгөй боюнча Япон окумуштууларынын эмгектери жалпы жонунан Россия менен Кытайдын Борбордук Азия мамлекеттери менен болгон көп тараптуу алакаларына арналган. Ошол менен бирге, Кытайдын "жумшак күч" саясаты аркылуу каалаган максатына жетүү мүмкүнчүлүктөрүнүн жогору экендиги баса белгиленген.

Борбордук Азия республикаларындагы окумуштуулардын, аналитиктердин, саясат таануучулардын изилдөөлөрүндө Кытайдын аталган уюм аркылуу жүргүзүп жаткан саясатына карата бирдей ой пикирлер калыптанган десек болот.

Изилденип жаткан маселенин тарыхнаамасынын үчүнчү тобунда Кыргыз Республикасынын илипоздорунун, саясат таануучуларынын, аналитиктердин ж.б. изилдөөлөрү каралды.

Кыргызстандын ички жана тышкы саясаттагы маанилүү маселелерин, Шанхай кызматташтык уюмунун ишмердүүлүгүн изилдөөгө алган кыргыз окумуштууларынын, саясат таануучулардын жана тарыхчылардын илимий эмгектери жарык көрүүдө. Атап айтканда, М. Иманалиев [101], Джоробекова А. [102], Каана Айдаркул [60], А. Кылычев [67], Н. Омаров [72], [73], А. Ормушев

[164], Ж. Омурова [150], Муса кызы Алиналарды [119] кошууга болот. Алардын эмгектеринде эгемендүү мезгилдеги Кыргыз Республикасынын тарыхы, тышкы саясаты жана алардын өнүгүүсү изилденген.

Алгачкылардан болуп, эгемендүү Кыргыз Республикасынын биринчи Тышкы иштер министри, Кыргызстандын Кытайдагы алгачкы Атайын жана Толук ыйгарым укуктуу Элчиси, ШКУнун Башкы катчысы белгилүү кытай таануучу - М.Иманалиевдин эмгектери бар. Алсак, анын "ШОС как сообщество цивилизаций" [102] деп аталган эмгеги баалуу десек жаңылышпайбыз. Автор Кытай Эл Республикасынын аймактагы саясатын, жана Евразия мейкиндигиндеги ШКУнун ролун изилдөөгө алган.

Ошондой эле, эгемендүү Кыргызстандын эл аралык өнүгүүдөгү ордуна жана ролуна талдоо жүргүзгөн окумуштуулардын ичинен Н. М. Омаровдун бир нече эмгектерин айтсак болот [73]. Окумуштуунун изилдөөлөрү Кыргызстандын тышкы саясий абалын жана өнүгүүсүн чагылдырууда олуттуу маселелерди камтыгандыгы менен маанилүү. Азыркы этаптагы эл аралык мамилелердин өзгөрүүлөрү жана дүйнөлүк интеграциянын эң актуалдуу проблемалары комплекстүү каралган. Булактардын кеңири чөйрөсүнүн негизинде эл аралык мамилелер жана дүйнөлүк интеграция системасынын эволюциясынын негизги жыйынтыктары талданган. Н. М. Омаровдун "Внешняя политика КР в эпоху «стратегической неопределенности" аттуу эмгегинде Кыргыз Республикасынын эгемендүү мезгилиндеги тышкы саясатынын этаптарга бөлүп талдаган [72].

Кыргызстандын тышкы саясий өнүгүүсү, анын ичинде Кытайдын стратегиясы жөнүндө тарых илимдеринин доктору, профессор, дипломат А. Кылычевдин бир катар илимий эмгектери жарык көргөн. Автордун эмгектеринде Кытайдын Борбордук Азиядагы саясаты жана таасирдүүлүгүнө, постсоветтик Борбордук Азия республикаларынын Кытай менен өз ара байланышына, чөлкөмдөгү саясий өзгөрүүлөр тууралуу кеңири маалыматтар берилген [109].

Ошол эле автордун Ж. Омурова менен биргеликте жазган “Кыргызстан жана Шанхай кызматташтык уюму: тарыхый өнүгүү этаптары” деп аталган монографиясы уюмдун алкагындагы тарыхый өнүгүү этаптарынын ар тараптуу багыттарын изилдөөдө баалуу деп айтсак жаңылышпайбыз[67]. Монографияда Кыргызстандын геосаясий, геоэкономикалык, транзиттик, коопсуздук ж.б. абалы чагылдырылган. Кыргыз Республикасынын уюмдун алкагындагы саясий, экономикалык жана маданий-гуманитардык кызматташтыгы каралган. Ушул эле авторлордун кийнки эмгеги Кытайдын Кыргызстанга болгон маданий дипломатисы жана Кытайдын “жумшак күч” саясатынын инструменти болгон Конфуций институттары изилдөөгө алынган [124].

Окумуштуу Ж. О. Омурованын ж.б. авторлордун  аталган уюмдун ишмердүүлүгү, тарыхы, уюмдун алкагындагы кызматташуунун негизги багыттары, ошондой эле Кыргызстандын аталган уюмдун алкагындагы эки тараптуу жана көп тараптуу кызматташуулары  жана келечеги талданган бир катар макалалары бар [122], [123], [126], [127].

Саясат таануу илимдеринин доктору, профессор А.Акуновдун 2023-ж. жарык көргөн “Кыргызстан эгемендик доорунда (1991-2022-ж) аталышындагы монографиясы “Кыргызстан эгемендик доорунда (1991-2022-ж) аталышындагы монографиясы [61] баалуу болуп саналат. Монография 3 китептен турат, Кыргызстандын 1991-2022-жж. аралыгындагы тарыхы, геосаясий, геоэкономикалык кызыкчылыктары жана тышкы кызматташтыктар тууралуу маалыматтар берилген.

Ал эми окумуштуу А. Э. Джоробекова монографиясында Борбордук Азиядагы интеграциялык процесстердин негизги тенденцияларын жана багыттарын изилдеп, Борбордук Азиядагы Шанхай кызматташтык уюмунун ордун жана ролун талдаган [62].

Ошондой эле, ШКУнун артыкчылыктуу багыттары, коопсуздук жана экономикалык маселелери менен катар, уюмга мүчө мамлекеттердин маданий-гуманитардык кызматташтыгын ачып көрсөткөн. Аталган уюмдун мүчө

өлкөлөрүнүн гуманитардык, маданият, билим берүү, туризм жана экология жааттарындагы алакаларын талдаган, эл аралык - укуктук аспектилерин изилдеген окумуштууларыбыздын эмгектери да бар. Мисалы, Н. Т. Тынаеванын “Международно-правовые аспекты регулирования культурно-гуманитарного сотрудничества в рамках Шанхайской Организации Сотрудничества” деп аталган эмгеги [132].

Аталган уюмдун өнүгүү тарыхы жана келечеги, уюмдун алкагындагы мүчө мамлекеттердин эки тараптуу жана көп тараптуу кызматташуусу, Россиянын регионалдык саясатын, Кытайдын БА мамлекеттерине жүргүзгөн дипломатиясы тууралуу маалыматтар окумуштуулар Б. Султанованын[154] жана Ж. О. Омурованын[150] диссертациялык иштеринде берилген.

Аталган уюмдун маданий-гуманитардык кызматташтыгын, уюмдун алкагындагы мүчө мамлекеттердин билим берүү, илим, коопсуздук тармактарындагы алкаларын Д. В. Малютин[112], Ж. Нишараповалар [160] да изилдешкен.

Ал эми В. М. Шнейдер эмгегинде Кыргыз Республикасынын ШКУга мүчө мамлекеттер менен илимий-билим берүү кызматташтыгынын негизги аспектилерин талдаган. Автор изилдөөсүндө мүчө мамлекеттердин ар бири менен билим берүү чөйрөсүндө эки тараптуу өз ара аракеттенүүнү өнүктүрүүгө өбөлгө болгон бир катар факторлорду аныктаган [345].

Умдун түзүлүш тарыхын, өнүгүүсүн, Борбордук Азиядагы коопсуздуктун коркунучтары - терроризм жана экстремизм, ошондой эле Улуу Жибек Жолунун тарыхы жана келечеги жөнүндө изилденген Б. К. Абытовдун бир катар эмгектери бар [82].

Кыргыздын көрүнүктүү илимпоздорунун биргелешип жазган “ШОС как фактор интеграции: фундаментальное исследование” [81] аталышындагы эмгекте 2011-ж. чейинки аталган уюмдун ишмердүүлүгүнүн негизги принциптери, ШКУнун жаралуу тарыхы жана өнүгүү этаптары, максаты жана милдеттери каралган.

Жыйынтыктап айтканда, Кыргызстандын уюмдун алкагында маданий-гуманитардык кызматтыштыктарынын олуттуулугу бар экендигин тастыктаган пикирлер бар.

Тарыхнааманы талдап жатып, Кыргыз Республикасынын ШКУнун мүчө мамлекеттери менен болгон маданий-гуманитардык кызматташтыктыгы боюнча төмөндөгүдөй жыйынтык чыгарылды:

– Шанхай кызматташтык уюмунун тарыхы, келечеги жана Кыргызстандын уюмга мүчө мамлекеттер менен өз ара пайдалуу кызматташтыкты өөрчүтүшү тууралуу илимий изилдөөлөр чет өлкөлүк жана Ата мекендик окумуштуулар тарабынан иликтенип, илимий мектептер калыптана баштагандыгы көрүнүп турат.

– Изилденип жаткан маселенин тарыхнаамасынын үч чакан топко бөлүнүп анализ берүүгө аракет жасалды. Россия Федерациясы менен Чыгыш Азия өлкөлөрүнүн окумуштууларынын изилдөөлөрүндө аталган уюмдун алкагындагы маданий-гуманитардык ишмердүүлүк, айрыкча билим берүү, илим жана туризм ж.б. тармагындагы кызматташуусун өнүктүрүүдө, уюмдун мүчө мамлекеттеринин, анын ичинде Кыргызстандын кызыкдар экендиги көрсөтүлгөн. Илимий эмгектерде аталган уюмдун университетине кирген ЖОЖдордо жана Кытайдын Конфуций институттарындагы ар тараптуу билим алып жаткан жаштардын санынын жыл сайын өсүп жатканы көрсөтүлдү. Ошону менен катар Америка Кошмо Штаттары, Европа мамлекеттериндеги изилдөөлөр көбүрөөк сын көз караш менен жазылгандыгы байкалып турат.

– Ал эми Борбордук Азия мамлекеттериндеги изилдөөлөрдө аталган уюмдун алкагындагы ишмердүүлүк бир нече багытта ишке ашып жатышына ар кандай мүнөздө баа берилген. Демек, илимий изилдөөдө каралып жаткан маданий-гуманитардык багыт маанилүү маселе экендиги талаш жаратпайт. Ошондуктан уюмдун ишмердүүлүгүн терең изилдөө мезгил талабы деп жыйынтыктасак болот.

# II БАП. ИЛИМИЙ ИЗИЛДӨӨНҮН МЕТОДОЛОГИЯЛЫК ЖАНА БУЛАКТЫК НЕГИЗДЕРИ

## 2.1. Объект жана предмет. Методология жана изилдөө ыкмалары

Диссертациялык иштин объектиси катары Кыргыз Республикасы жана Шанхай кызматташтык уюмунун алкагындагы маданий-гуманитардык кызматташтык маселелеринин жөнгө салынышы, негизги багыттары жана артыкчылыктары болду.

1990-ж. 15-декабрда Кыргыз ССР Жогорку Советинин 3-сессиясы «Кыргызстан Республикасынын мамлекеттик эгемендүлүгү жөнүндөгү декларациясы» [1] деп аталган тарыхый документти кабыл алган. Ал эми 1991-жылы 31-августта Кыргызстандын эгемендүүлүгү жарыяланган [13]. Кыргыз Республикасы эгемен мамлекет катары конституциясы кабыл алынган [2] жана дүйнөлүк, регионалдык коомчулукка таанылган. Кыргызстандын улуттук кызыкчылыктарын алга жылдыруу жана ишке ашыруу негизинен коңшу өлкөлөр менен интеграциялык бирикмелерде достук, өз-ара пайдалуу мамилелерди өнүктүрүүнүн чегинде камсыз кылууга жол ачылган [85, 2-б.]. Кыргызстан 1992-жылы 2-мартта Бириккен Улуттар Уюмунун мүчөлүгүнө кирген [266].

Өлкөбүздүн тышкы саясий активдүүлүгү регионалдык жана ааламдык өз ара аракеттенүү чөйрөлөрүндө, ошондой эле жакынкы жана алыскы өлкөлөр менен экономикалык, соода, саясий чөйрөдө гана ар тараптуу кызматташууну жүргүзпөстөн, маданий-гуманитардык мамилелерди да ишке ашырып келет. Достук мамиледеги чөйрөнү түзүү жана ынак коңшулукту чыңдоо Кыргызстандын тышкы саясий ишмердүүлүгүндө өзгөчө мааниге ээ. Кыргыз Республикасы жакынкы кошуналары болгон Казакстан, Кытай, Тажикстан, жана Өзбекстан мамлекеттери менен болгон тыгыз саясий, социалдык-

экономикалык байланыштарынан тышкары маданий-гуманитардык кызматташтыктары да маанилүү ролду ойноодо [3].

Кыргыз Республикасынын тышкы ишмердүүлүгүнүн негизги багыттарынын бири маданият, билим берүү, саламаттык сактоо, экология, спорт, маалымат жана туризм чөйрөсү болуп эсептелет. Аталган багыттагы кызматташтык коңшу, жакынкы чет өлкөлөр менен эки тараптуу жана дүйнөлүк, регионалдык уюмдар аркылуу да ишке ашып келет. Евразия мейкиндигинде өзгөчө абройго ээ болуп, ар тараптуу өнүгүүнүн жолуна түшүп жаткан уюмдардын бири ШКУнун алкагында жогорудагыдай багыттагы кызматташуу жакшы жолго коюлган.

Аталган уюм маданий-гуманитардык чөйрөсүндөгү мамилелерди өнүктүрүүгө чоң маани берет. Бул багытта иштөөнүн зарылдыгы уюмдун расмий документтеринде – уюштуруу түзүмүн түзүү жөнүндөгү Декларацияда жана анын Хартиясында (Уставында) жарыяланган [81, с.303], [82, с. 93].

2001-жылы ШКУ деп өзгөргөтүлгөн күндөн тартып мүчө мамлекеттердин ортосунда эки жана көп тараптуу маданий-гуманитардык кызматташууну активдештирүү максатында маданият, спорт, билим берүү багытындагы министрлеринин жыйынын жана улуттук туристтик администрациялардын жетекчилеринин жолугушуусун өткөрүү каралган.

2002-Ал эми илимий иштин предмети ШКУнун алкагында маданий-гуманитардык кызматташтык маселелеринин жөнгө салынышын, негизги багыттарын жана артыкчылыктарын талдоо болду. Ошону менен катар Кыргыз Республикасынын аталган уюмдун мүчө өлкөлөрү менен маданий кызматташтыгынын негизги өнүттөрү жана көйгөйлөрү, уюмдун алкагында Кыргызстандын билим берүү, илим жана саламаттыкты сактоо тармагындагы интеграциялык процесстери, ШКУнун университетинин билим берүүсү, актуалдуулугу жана өнүгүү көйгөйлөрү жана Жаштар кеңешинин ишмердүүлүгү жана мүчө өлкөлөр үчүн стратегиялык мааниси каралып, талдоо жүргүзүү болду.

Мүчө мамлекеттер менен болгон маданий-гуманитардык багыттагы мамилелер Кыргызстандын эл аралык аренадагы саясатынын ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Өлкөбүз үчүн пайдалуу болуп саналган эл аралык маданий жана гуманитардык кызматташтык мамлекетибиздин тышкы саясатынын негизги максаттарына жетүүдө натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн олуттуу салым кошо алат.

Өлкөбүздүн маданий-гуманитардык кызматташтыгы ШКУнун мүчө мамлекеттеринин ортосундагы туруктуу жана узак мөөнөттүү байланыштарды түзүүгө жана колдоого багытталган. Мындай байланыштар маданият чөйрөсүндө гана эмес, башка тармактарда да мамлекеттер аралык өз ара аракеттенүүнү жөнгө салууга салым кошууга тийиш.

**Илимий изилдөөнүн методологиясы жана ыкмалары**

Кыргызстан менен ШКУга мүчө мамлекеттердин ортосундагы маданий-гуманитардык кызматташуусун изилдөөнүн методологиялык негиздерин аныктоодо ыкманын бир нече түрлөрүн көрсөтүп берүү зарыл. Илимий ишти жазууда эки негизги илимий методологиялык ыкма колдонулду: Биринчиси, коомдук илимдердеги теориялык жана методологиялык ыкма. Анын ичинен тарых илиминде колдонулуучу – тарыхый-салыштырма, тарыхый-типологиялык ж.б.; Экинчиси, саясат таануу жана  эл аралык мамилелерди изилдөөчү илимий методологиялык ыкмасы.

Азыркы учурда тарых ж.б. илимдердин алкагында изилдөө жүргүзүү объективдүүлүк, тарыхыйлуулук (историзм), салыштыруучулук, типологиялык, далилдөөчүлүк ж.б. ар тараптуу илимий ыкмалар колдонулат. Илимий коомчулукта белгилүү болгондой, объективдүүлүк принциби субъекттин аракетине, каалоосуна, көз карашына жана артыкчылыктарына карабастан тарыхый чындыкты бүтүндөй кароого милдеттендирген принциптердин бири. Тарыхты ушул принциптин чегинде карасак, анда биринчи кезекте коомдук-саясий өнүгүү процесстерин аныктоочу объективдүү мыйзам ченемдүүлүктү

изилдөө, алардын чыныгы мазмунундагы фактыларга таянуу зарыл экендигин түшүндүрөт.

Ал эми тарыхыйлуулук принциби конкреттүү тарыхый шарттар менен байланышта объективдүү дүйнөдөгү кубулуштардын пайда болушун жана өнүгүшүн изилдейт. Ошондой эле дүйнөдөгү бардык кубулуштарды тарыхый өнүгүүнүн натыйжасы катары карап, алардын кантип пайда болгонун, өзгөргөнүн, азыркы жана келечектеги абалын аныктоо зарылчылыгын белгилейт. Тактап айтканда, тарыхыйлуулук принциби тарыхты конкреттүү изилдебей, өткөндүн фактыларын ошол кездеги шарттарга байланышсыз караганга, чындыкты бурмалап, жансыз нерселердин сунуш кылганга каршы чыгат [75, с. 44].

Тарыхтагы эл аралык мамилени ар тараптуу, башкача айтканда, комплекстүү изилдөө принциби маалыматтын толуктугунун жана ишенимдүүлүгүнүн зарылдыгын камсыздайт. Андыктан, диссертациялык иштин теориялык-методологиялык негизин, изилдөөнүн атайын жана жалпы илимий ыкмаларынын жыйындысы түзөт. Иштин изилдөө ыкмасы (метолология) объективдүүлүк жана тарыхыйлуулук принциптерине негизделген. Башкача айтканда, таанып билүүнүн диалектикалык-материалисттик ыкмасы жана кубулуштарды анализдөөнүн конкреттүү тарыхый нуктары изилдөөнүн методологиялык негизин түздү. Тарыхыйлуулук жана обьективдүүлүк изилдөөнүн жетекчи принциби болду.

Кыргызстан менен мүчө мамлекеттердин ортосундагы маданий-гуманитардык кызматташууну жөнгө салынышын изилдөөнүн тарыхый өнүгүү мезгили үч этапка (3-баптын 1-параграфы) типологиялык жана хронологиялык ыкманын негизинде ишке ашты. Тарыхый фактологиялык материалдарды чогултуунун конкреттүү ыкмаларына же булактарды талдоолорго караганда изилдөөнүн методологиялык ыкмалары жөнүндө жазуу алда канча кыйын. Ушул себептерден улам, методология кандайдыр бир милдеттүү техникалык эрежелердин жана жол-жоболордун жыйындысы эмес, тескерисинче, бирдей

түшүнүүгө мүмкүн болбогон жалпы идеялардын, мамилелердин жана принциптердин белгилүү бир жыйындысы да болуп келет.

Диссертациялык ишти жазууда (3-4-баптарда) тарыхый-типологиялык, салыштырма-тарыхый, баяндоо жана структуралык-функционалдык методдор колдонулду. Тарыхый изилдөөлөрдү жүргүзүүдө колдонулган жалпы илимий жана атайын методдордун кыйла көп саны бар.

Баяндоо ыкмасы тарыхта, эл аралык мамиледе болуп өткөн окуялардын баяны. Тарых илиминин аталышынын өзү аңгеме – баян, аңгеме деген сөздөн келип чыкканы бекеринен эмес. Демек, баяндоо ыкмасы тарыхый фактыларды көрсөтүү үчүн жетиштүү болбосо да маанилүү. Тарыхый окуялар жөнүндөгү баяндаманын өзү белгилүү бир логикадан куралган ырааттуулукту болжолдойт. Бирок, мындай ырааттуу баяндамасыз тереңирээк талдоо мүмкүн эмес. Бул жерде «теориясы жок изилдөө сокур, ал эми изилдөөсүз теория боштук» деген жалпыга белгилүү эрежени эске алсак болот [75, с. 387]. Демек, чогултулган адабияттарды, булактардын сүрөттөлүшү жана маалыматтардын синтези бири-бири менен тыгыз байланышта болушу үчүн изилденип жаткан маселенин тарыхнаамалык жана булактык базасын ачып берүүдө баяндоо методу чоң роль ойнойт.

Кыргызстан менен ШКУга мүчө мамлекеттердин ортосундагы илим, билим чөйрөсүндөгү (4-бап, 1-2-бөлүмдөрү) байланыштардын калыптанышы жана өнүгүшүн изилдөөдө тарыхый-генетикалык метод да маанилүү. Анткени бул багыттагы алакалардын калыптанышын жана өнүгүшүн ачып көрсөтүүдө тарыхый-генетикалык метод колдонулду.

Диссертациялык ишти жазууда көп колдонулган ыкма бул тарыхый-салыштырма ыкмасы болду. Кээ бир орус окумуштуулары белгилегендей «тарыхый изилдөөлөрдө тарыхый-салыштырма ыкмасы мурунтан колдонулуп келет. Жалпысынан алганда салыштырма ыкмасы – илимий таанып билүүдө абдан кеңири тараган ыкма» [66,с.126]. Чындыгында бир дагы илимий изилдөөлөр салыштырмалуу талдоосуз ишке ашышы мүмкүн эмес. Демек,

салыштыруу процессинде изилдөөгө алынган маселенин маңызы ачылып, каралып жаткан фактыларды түшүндүрүү үчүн мүмкүнчүлүктөр пайда болот.

Тарыхый-генетикалык (же ретроспективдүү) метод тарыхый окуянын (феномендин, структуранын) себеп-натыйжа байланыштарын жана өнүгүү закон ченемдүүлүктөрүн көрсөтүүгө мүмкүндүк берет. Бул кандайдыр бир фактылардын, окуялардын же кубулуштардын себептерин аныктоо максатында өткөнгө ырааттуу түрдө кайра кайрылууга багытталган. Тарыхый-генетикалык метод тарыхый өнүгүүнүн субъективдүү, жеке фактору менен объективдүү факторлордун (саясий күрөштүн логикасы, экономикалык өнүгүү ж. б.) ортосундагы байланышты аныктоодо да колдонулат. Жогоруда айтылгандай, тарыхыйлуулук объективдүү дүйнөдөгү кубулуштардын пайда болушун, өнүгүшүн конкреттүү тарыхый шарттар менен байланышта изилдейт. Аталган метод Кыргыз Республикасынын аталган уюмдун мүчө өлкөлөрү менен маданий ишмердүүлүгүнүн негизги багыттарынын факторлорун аныктоого жардам берди.

Ошондой эле изилденип жаткан маселенин булактаануусунда, тарыхнаамасында жана Кыргыз Республикасы менен ШКУнун мүчө мамлекеттеринин өз ара кызматташуусунун калыптанышы, анын өнүгүшүн ачып берүүдө тарыхый-типологиялык методдун да мааниси зор болду. Бул метод коомдук жана гуманитардык илимдерде кеңири колдонулат. Салыштыруу ыкмасы сыяктуу эле, салыштырууга негизделген. Ал ошондой эле окшош кубулуштардын жана жүрүмдөрдүн топторун аныктоого мүмкүндүк берет. Ал конкреттүү тарыхый чындыкты логикалык моделдер - “идеалдуу типтер” деп аталган формада схемалык көрсөтүү аркылуу ишке ашат. Ал эми тарыхый-типологиялык ыкма ШКУнун мүчө мамлекеттеринин ортосундагы мамилелердин өнүгүү этаптарын түшүнүп билүүдө негизги усул катары каралат.

Илимий иште коюлган максат жана милдеттеринин натыйжалуу чечилиши эл аралык, саясий турмуштун кубулуштарын структуралык жактан

жакшыраак түшүнүүгө өбөлгө түзөт. Айрыкча азыркы эл аралык мамилелер чөйрөсүндө, аларды талдоодо орус окумуштуулары Богатуров-Хрусталев мектеби дайыма системалуу мамилени колдонгон. Бул мамиленин алкагында фактордук анализ эл аралык саясий реалдуулуктун структуралык жаңы элементтеринин ортосунда себеп-натыйжа байланыштарын түзүүгө, ошондой эле татаал системалардын иштешинин мыйзам ченемдүүлүктөрүн аныктоого болот. Фактордук анализ – көп өлчөмдүү статистикалык ыкма ички жана тышкы маселелерди анализдөөгө мүмкүндүк берет. Бул илимий методдун негизги максаты – изилденүүчү кубулуштун көптөгөн кыйыр, түз өлчөнгөн белгилери жөнүндө маалыматты анын түздөн-түз байкоого жана өлчөөгө жараксыз бир катар эң сыйымдуу жана олуттуу ички мүнөздөмөлөрүнө аныктоого жардам берет [93, с.9-54, 7-110].

Россиянын көрүнүктүү чыгыш таануучулары жана илимий кызматкерлери А. Д. Воскресенский, Е. В. Колдунова жана А. А. Киреева белгилегендей "татаал системалардын жүрүм-турумун алардын ички жана тышкы чөйрөлөрдүн туруксуздугуна жогорку сезгичтигинен улам алдын ала айтууга мүмкүн эмес. Ошондуктан, эл аралык реалдуулуктун шарттарында мамилелерди жана алардын андан аркы өнүгүүсүнүн векторлорун аныктоо жана калыптанып калган мамилелерди калыптандыруу, алардын өнүгүүсүн жагымдуу багытка багыттоо гана мүмкүн" [92, с.37-57]. Демек, саясат таанууда, өзгөчө эл аралык мамилелер чөйрөсүндө фактордук анализди кеңири колдонуу маселесин кайра карап чыгуунун мааниси алынган кошумча билимдердин сапаты менен аныкталат. Жогоруда көрсөтүлгөн фактордук анализ изилденип жаткан иште ар бир параграфтын олуттуу ички мүнөздөмөлөрүнө анализин берүүдө жана жыйынтыктарын жазууда жардам берди.

Коомдук илимдерде фактордук анализдин методологиясы эки негизги маселени чечүүгө баш ийет – формалдуу-статистикалык (алынган маалыматтарды экономикалык мүнөздөөгө багытталган) жана илимий-мазмундук (интерпретациялоочу, гипотезаларды тастыктоого же жокко

чыгарууга мүмкүндүк берүүчү). Бул эки маселенин ортосундагы тыгыз байланыш биринчисисиз экинчисин чечүү мүмкүн эместиги менен аныкталат.

Структуралык-функционалдык (структуралык) метод чындыгында системалык анализдин аспектилерининин бири болуп саналат. Кээ бир окумуштуулар тарабынан сынга кабылып, айрым окумуштуулар тарабынан колдоого алынган. Себеби бул ыкма тарых илимин европалык эмес маданиятты кабыл албоо дымагынан же “жөнөкөй”, “начар өнүккөн” маданият катары кабыл алуу түшүнүгүнөн арылууга жол ачкан [64, с.56]. Мисалы тарыхка болгон мындай мамиле Кыргызстан менен Шанхай кызматташтык уюмунуна мүчө мамлекеттердин маданий-гуманитардык байланыштардын баалуулугун төмөндөтпөй, аларды ошол салттуу коомдун баалуулугу катары кабыл алууга түрткү берди.

Эл аралык мамилелер – бул ар кандай деңгээлдеги (ааламдык, аймактык, көп тараптуу) кагылышуу жана өз ара аракеттенүү мейкиндиги. Эл аралык мамилелерди эки негизги түргө бөлүүгө болот: атаандаштык мамилелер жана кызматташтык мамилелер. Эл аралык же дүйнөлүк саясат - эл аралык мамилелердин борбору. Азыркы дүйнөлүк саясатта ар кандай көп сандагы катышуучулар бар, алардын негизгилери мамлекеттер жана мамлекеттердин топтору (союздары) [63]. Мисалга алсак ШКУ сыяктуу эл аралык бирикмелер.

Эл аралык мамилелерди талдоодо ар кандай ыкмаларды колдонулат – салттуу жана илимий, сапаттык жана сандык, сүрөттөмө жана аналитикалык, формалдуу жана рефлексивдүү. Булардан тышкары кырдаалды талдоо; экспликативдик методдор; прогностикалык методдору; чечимдерди талдоо илимий ишти жазууда негизги орунду ээледи.

Кырдаалды талдоо ыкмалары – эмпирикалык материалдарды топтоо жана баштапкы системалаштыруу үчүн колдонулган дисциплиналар аралык методдордун жана процедуралардын белгилүү бир комплексин (маалымат топтоо) колдонот. Бул ыкмалардын жыйындысы эң жөнөкөй (байкоо, документтерди изилдөө, салыштыруу) жана татаал (маалыматтар банкын түзүү,

көп өлчөмдүү шкалаларды түзүү, жөнөкөй (чогулган маалыматтарды текшерүү тизмелөө) жана татаал (индекстер ж.б.) көрсөткүчтөрдү түзүү, типологияларды куруу (факторлук анализ негизинде) ж.б. Ушул методология илимий ишти талдоонун жана анализдөөнүн негизги нугун түздү.

Байкоо – изилдөөчү алгач окуяларды көрүп, анан баа берет жана эл аралык аренада болуп жаткан процесстерди – түз байкоо, алынган маалыматтын негизинде жүргүзүлүүчү кыйыр байкоодон айырмаланат. Тышкы байкоо – бул мисалы журналисттердин же атайын кабарчылар тарабынан чет мамлекеттерде даярдалат жана кабарчылар өздөрү катышуучу катары байкоо жүргүзөт. Байкоочу эл аралык иш-чаранын: дипломатиялык сүйлөшүүлөрдүн, биргелешкен долбоордун ж.б. окуялардын түздөн-түз катышуучусу болуп саналат. Илимий иште аталган ыкманын негизинде ШКУга мүчө өлкөлөрдүн мамлекет башчыларынын, өкмөт башчыларынын, министрлердин жана ар бир мамлекеттин жооптуу өкүлдөрүнүн ж.б. сүйлөгөн сөздөрү, массалык маалымат каражаттарына берген маектери каралып талдоого алынды.

Документтерди изилдөө методу эл аралык мамилелердин тарыхынын маселелерин изилдөөдө чоң роль ойнойт, бирок аны эл аралык турмуштун заманбап проблемаларын изилдөө үчүн колдонуу чектелүү. Тышкы саясат жана эл аралык мамилелер тууралуу маалымат көп айтылганы менен мамлекеттик сырлар чөйрөсүнө жана мындай маалыматтарды камтыган документтер адамдардын чектелген чөйрөсүнө гана жеткиликтүү, айрыкча чет мамлекеттин материалдары жана документтери. Бул документтердин көбү менен иштөө убакыттын өтүшү менен гана мүмкүн болот, көбүнчө ондогон жылдардан кийин, башкача айтканда, алар негизинен тарыхчыларды, саясат таанучуларды кызыктырган учурда. Булардын арасынан эң жеткиликтүүсү расмий документтер: дипломатиялык жана аскер ведомстволорунун басма сөз билдирүүлөрү, иш сапарлар тууралуу маалыматтар. Алардын ичинен биздин илимий тема үчүн маанилүү болгон кээ бир эл аралык окуялардын дипломатиялык сүйлөшүүлөрдүн, расмий сапарлардын түздөн-түз

катышуучуларынын эскерүүлөрү, жазуу түрүндө калтырылган макала ж.б. колдонууга мүмкүн болду.

Жогорудагы ыкмалардан тышкары эл аралык мамилени изилдөөдө экспликативдик ыкмалар (explicatio – лат., түпкү – картада колдонулган символдорду жайылтуу, тактоо, түшүндүрүү ж.б.) – алынган маалыматты чечмелөө ыкмалары. Жалпы ыкмалар контентти талдоо, окуяларды талдоо, когнитивдик карта ыкмасы жана алардын түрлөрү.

Контентти талдоо (мазмун анализи) – изилдөөчү биринчи кезекте колдо болгон маалымат булактарын кунт коюп окуп чыгып, изилденип жаткан өлкө тууралуу көптөгөн пайдалуу нерселерди биле алат. Бул булактарды үч топко бөлүүгө болот: ички булактар (жеке адам, мекеме же өкмөт тарабынан түзүлгөн) жана ички багытталган (расмий чечим кабыл алуу процессинин өзүн чагылдырган окуялар); ички келип чыгуу булактары, бирок сырттан багытталган (маалымат адамдарда булактын өзгөчө образын түзө тургандай кылып атайылап берилген, демек, аны так айта ала турган басылмалар чечим кабыл алуу процессин жана натыйжаларын чагылдыруу) жана акырында, тышкы келип чыккан булактар (мисалы, чет өлкөлүк басылмаларды өлкөнүн ичинде максаттуу пайдалануу «образынын» калыптанышы). Бул булак категорияларынын ар бири изилденип жаткан иште ШКУнун өлкөлөрүндөгү саясий жүрүм-турумду терең түшүнүүгө мүмкүнчүлүк берүү менен ар бир бап боюнча тыянак чыгарууда кызмат кылды.

Окуяны талдоо (ивент-анализ) – бул ыкманын негизи болуп жаткан тенденцияларды аныктоо үчүн эл аралык аренадагы окуялардын динамикасына көз салууга негизделген. Айрым өлкөлөрдөгү, региондордогу жана бүткүл дүйнөдөгү саясий кырдаалдын өнүгүшү, окуянын талдоо анализинин жардамы менен ишке ашырса болот. Эл аралык мамиледеги кандайдыр бир уюмдардын ж.б. жүрүм-турумдун динамикасына көңүл буруууга, алардын ортосундагы сүйлөшүүлөр, жараянын катышуучуларынын сунуштарын, каалоолорун өз ара кызматташуунун динамикасы ж.б. талдоо жүргүзүлөт.

Прогностикалык методдор – болжолдоо ыкмалары фактылык жана эксперттик болуп бөлүнөт. Фактылык методдорго төмөнкүлөр кирет: 1) статистикалык методдор “экстраполяциялык болжолдоо”; 2) аналогия методдору (математикалык, тарыхый); 3) прогрессивдүү методдор (илимий-техникалык маалыматтын динамикасын талдоо, болжолдоо ыкмасы). Бул методдор сандык же сапаттуу колдонууга негизделген өткөн окуялар жөнүндө маалымат алуу болуп эсептелет. Эксперттик методдордун негизги артыкчылыгы – бул кандайдыр бир объектти өнүгүү тарыхын анализдөө жана алдын ала билүү жөндөмдүүлүгү. Дагы объекттин өнүгүү процессиндеги сапаттык өзгөрүүлөрдү алдын ала көрө билүү, көпчүлүк фактылык ыкмалар аркылуу келечекке ретроспективдүү тенденциянын кароого жана анализдөөгө мүмкүндүк түзөт.

Илимий иштин басымдуу бөлүгү аталган ыкманын негизинде ишке ашты. Айрыкча, ШКУнун алкагындагы Кыргызстандын маданий-гуманитардык кызматташтыгынын келечеги тууралуу маалымат жазууда чоң көмөк түздү. Ошону менен катар иштеги тиркемелерди түзүүдө, аларга талдоо жүргүзүү, ар бир параграф боюнча жыйынтыктоо жогоруда аталган илимий ыкмалардын (метод) жардамы аркылуу ишке ашты.

## 2.2. Илимий изилдөөнүн булактары

Диссертациялык иште коюлган максат менен милдеттерге ылайык колдонулган тарыхый булактар **беш топко** бөлүнүп талдоого алынды:

1. Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жана ШКУнун укуктук–ченемдик документтери;

2. ШКУнун мүчө мамлекеттеринин маданий-гуманитардык алкактагы ишмердигин чагылдырган расмий документтер, меморандумдар, конвенциялар жана келишимдер;

3. ШКУга мүчө мамлекеттердин президенттердин, премьер-министрлердин Тышкы иштер министрлердин, дипломаттардын маданий-гуманитардык кызматташтыкты демилгеген жана колдогон маектери, билдирүүлөрү;

4. Кыргыз Республикасындагы архивдик материалдары жана ШКУга мүчө мамлекеттердин министрликтердин (Билим берүү жана илим, Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты, Айыл-чарба, Саламаттыкты сактоо, Жаратылыш ресурстары, Экология жана техникалык көзөмөл, Кыргыз Республикасынын жооптуу органдарынын (Туризм департаментинин), Улуттук статистика комитетинин жана Бишкек шаарынын мэриясыны маалыматтары;

5. ШКУнун маданий-гуманитардык ишмердиги чагылдырылган массалык маалымат каражаттарында жарыяланган жана жарыяланбаган материалдар.

**Биринчи топтогу булактар:** Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жана ШКУнун укуктук–ченемдик документтери: Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүгүн бекемдеген расмий документтери [1], [2], [13], [14], жана Кыргыз Республикасынын Тышкы саясий концепциясы [3].

Андан тышкары Кыргыз Республикасынын ШКУнун толук кандуу мүчөсү катары таанылгандан кийин уюмдун мүчөлөрү тарабынан кабыл алынган документтер, декларациялар жана конвенциялар да диссертациялык иштин булактык базасын толуктады [15], [16], [17], [18], [20], [26], [27].

Ошондой эле ШКУнун укуктук – ченемдик документи болуп саналган уюмдун Хартиясы [35], [36]. Хартияда уюмдун максаты, мүчө мамлекеттердин милдеттери жана принциптери каралган. Аталган документтер диссертациялык иштин маанисин ачып көрсөтүүдө негизги булак катары колдонулду.

**Экинчи топтогу** булактар: мүчө мамлекеттердин маданий-гуманитардык алкактагы ишмердигин чагылдырган расмий документтер, меморандумдар, конвенциялар жана келишимдерден турат.

Аталган уюмдун мүчө мамлекеттеринин маданий-гуманитардык тармактагы министрлеринин ар жылда өткөрүлгөн жыйындарында кабыл

алынган декларациялар, конвенциялар, ШКУнун мамлекеттери ортосундагы маданий-гуманитардык тармактагы кызматташтык тууралуу эки тараптуу жана көп тараптуу келишимдери [29], [30], [31], [32], [33] аталган уюмдун расмий сайттарындагы [23], [24], [25], [26] мүчө мамлекеттердин университеттеринин сайттарындагы [188], [237], [262], [290], [332], [334] ж.б. расмий документтер иштин негизин түзүүчү булак катары каралды.

Жогорудагы Кыргыз Республикасынын жана ШКУнун укуктук – ченемдик документтери илимий иштин укуктук – ченемдик базасын толуктап, Кыргызстандын уюмдун алкагындагы маданий-гуманитардык тармактагы алкаларын аныктоодо негизги булак катары колдонулду.

**Үчүнчү топтогу** булактарга уюмдун мүчө мамлекеттеринин президенттеринин, премьер-министрлеринин, тышкы иштер министрлеринин жана дипломат, элчилердин маданий-гуманитардык байланыштарды демилгеген жана колдогон маектери, билдирүүлөрү кирди. Мамлекет башчыларынын [4], [6], [7], премьер-министрлердин [8], [9], [10] тышкы иштер министрлердин [11] жана дипломат, өкүлчүлүктөрдүн [12] ШКУнун маданий-гуманитардык ишмердиги жөнүндө берген билдирүүлөрү жана интервьюлары уюмдун маданий-гуманитардык багыттагы ишмердүүлүгүн ачып көрсөтүүдө жана тереңирээк изилдөөдө көмөкчү булак катары мүмкүнчүлүк берди.

Кыргыз Республикасынын Президентинин архивинин материалдары жана ШКУна мүчө мамлекеттердин маданий-гуманитардык алкактагы министрликтердин (Билим берүү жана илим, Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты, Айыл-чарба, Саламаттыкты сактоо жана Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл), Юстиция, Экономика жана Кыргыз Республикасынын жооптуу органдарынын (Туризм департаменти) маалыматтары **төртүнчү топко** кирди.

Диссертацияда архивдик булактар иштин жаңылыгын, жоболорун, практикалык маанисин жана корутундуларды чыгарууда кызмат кылды.

**Кыргыз Республикасынын Президентинин архиви (КР ПА):**

Кыргыз Республикасынын Президентинин архивдик фондунун материалдарды жана маалыматтары булактык база катары камтылды. Бул архивдин материалдарын иштин аталышына жараша 5 топко бөлүнүп каралды:

Биринчи топко – "Жаматтык коопсуздук жөнүндө келишим уюму жана ШКУнун ишмердүүлүгүн" чагылдырган материалдар (программалары, каттары, пландары ж.б.) [48], [54], [55], [57] киргизилди.

Экинчи топко – "Кыргыз Республикасынын Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештиги өлкөлөрү жана алыскы чет өлкөлөр менен маданий-гуманитардык багытындагы келишимдер жана макулдашуулар" [38], [39] киргизилген.

Үчүнчү топко – "Чет мамлекеттердин жана эл аралык уюмдардын башчыларынын Кыргыз Республикасына болгон визиттеринин" материалдары [40], [41], [42], [43], [44], [45], [46], [47], [49], [50] тиркелди.

Төртүнчү топко – "Билим берүү, илим жана маданият маселелери боюнча кат алышуулары" [48], [56] камтылган.

Бешинчи топко – "Маданият жана искусство маселелери" боюнча материалдар [58] кошулду.

Ошондой эле КРнын жана мүчө мамлекеттердин Билим берүү жана илим [276], [277], Тышкы иштер [222], [266], [297] , [324], Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты [230] Саламаттыкты сактоо [273], [349] Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл [305], Экономика министрликтердин [264] жана жооптуу органдарынын (Туризм департаментинин) [173], Улуттук статистика комитетинин[342] жана Бишкек шаарынын мэриясынын [219] алдында эл аралык байланыш жана тышкы саясатын жарыялоо максатында түзүлгөн бөлүмдөрүнүн интернет баракчалары каралып, Кыргызстандын уюмдун өлкөлөрү менен болгон маданий байланыштары, кабыл алынган эл аралык келишимдердин тизмелери, ошондой эле эл аралык кызматташтык бөлүмүндө берилген маалыматтарга анализ берилип, колдонулду.

Ал эми ШКУнун маданий-гуманитардык багыттагы ишмердүүлүгүн чагылдырылган массалык маалымат каражаттарында жарыяланган жана жарыяланбаган материалдар **бешинчи топтогу** булактарга кирди.

Илимий иштин булактык базасын дүйнөгө таанылуу жана маалыматтык чөйрөдө абройлуу болгон: “Центральная Азия и Кавказ” [116], [128], [131], “CONCORDE” [84], “The Caspıan regıon: Politics, Economics, Culture” [118], “Азиатско-Тихоокеанский регион: экономика, политика, право” [111] журналдары жана “КиберЛенинка” [169], [175], [179], [234], [242], [294], [316] деп аталган электрондук онлайн журналында жарыяланган макалалар толуктады.

Андан тышкары ШКУна кирген Борбордук Азия мамлекеттеринин, анын ичинде Кыргызстандын жана Россиянын уюмдун алкагындагы маданий-гуманитардык кызматташуу маселелерин чагылдырган электрондук сайттары аркылуу жарыяланган материалдар [176], [195], [208], [206] илимий иштин негизги өзөгүн чагылдырууга жардам берди.

Ошондой эле, ШКУнун өлкөлөрүнүн гезит–журналдарынын, аналитикалык борборлорунун [183], [186], [190], [215] кабар агенттиктеринин [181] [193], [184], [189], [191] жана илимий мекемелердин электрондук китепканаларынын электрондук сайттарындагы жарыяланган даректүү жана жарыяланбаган материалдар [171], [199], [284] диссертациялык иштин негизги мазмунун чагылдырууга зарыл болгон олуттуу маалыматтарды камтыды.

Диссертациялык ишти изилдөөдө булактык базанын негизин түзгөн маалыматтарды иликтеп жатып төмөндөкүдөй жыйынтык чыгарылды:

Илимий иштин булактык базасы 5 топко бөлүнүп анализ берилди. Ар бир топтогу колдонулган маалыматтар: Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жана ШКУнун укуктук–ченемдик документтеринен баштап, аталган уюмга мүчө мамлекеттердин маданий-гуманитардык алкактагы ишмердигин чагылдырган расмий документтер, меморандумдар, конвенциялар жана келишимдер, маданий-гуманитардык алкактагы министрликтердин

интернеттеги официалдуу баракчасындагы маалыматтар негизги булак катары кызмат кылды. Ал эми мүчө мамлекеттердин президенттеринин, премьер-министрлеринин, тышкы иштер министрлеринин, дипломаттарынын маданий-гуманитардык кызматташтыкты демилгеген, колдогон маектери жана билдирүүлөрү анализге алынды. Аталган эмгектер диссертациялык ишти жазууда көмөкчү булак катары кызмат кылды. Өзгөчө булактык базанын негизин түзгөн архивдик маалыматтарынын негизинде салыштырмалуу анализ жасоого аракет жасалды. Ошондой эле уюмдун маданий-гуманитардык ишмердүүлүгү чагылдырылган массалык маалымат каражаттарында жарыяланган жана жарыяланбаган материалдар илимий айлампага киргизилип, Кыргызстандын ШКУнун мүчө мамлекеттери менен болгон маданий-гуманитардык маселелерин сын көз караште анализдөөгө негиз салды. Жогоруда жазылган булактык база илимий иштин жаңылыгын, жоболорун, практикалык маанисин жана корутундусун аныктоого көмөк көрсөттү.

Жыйынтыктап айтканда, илимий иштин тарыхый булактарын: салттык материалдар (архивдик, китепканаларда ж.б. кагаз бетинде сакталган, мезгилдүү басма сөздөгү, расмий басылмаларда жарык көргөн материалдар) жана санариптик материалдар түздү. Жогорудагы материалдар Кыргыз Республикасынын ШКУнун мүчө мамлекеттери менен болгон маданий жана гуманитардык кызматташтыгын изилдөөгө мүмкүнчүлүк түздү. Илимий иштин максатына жетүү үчүн коюлган милдеттерди жүзөгө ашырууда жетишээрлик булак катары кызмат кылды.

# III БАП. КЫРГЫЗСТАНДЫН ШАНХАЙ КЫЗМАТТАШТЫК УЮМУНУН МАМЛЕКЕТТЕРИ МЕНЕН МАДАНИЙ-ГУМАНИТАРДЫК АЛАКАЛАРЫН ТАЛДОО

## 3.1. Маданий-гуманитардык кызматташтыгынын концептуалдык жана укуктук-ченемдик негиздери

Учурдагы жүрүп жаткан эл аралык мамилелердеги мамлекеттер ишке ашырып жаткан маданий-гуманитардык жааттагы алакалар саясий, экономикалык ж.б. кызматташтык менен тең катар маанилүү экендигин эске алуу зарыл.

Маданий-гуманитардык багыттагы алакалар кызматташуунун ар кандай түрү менен ишке ашууда. Окумуштуу, профессор Ю. Морозов [116, с.157] белгилегендей: “Эл аралык уюмдардын гуманитардык кызматташуусу өзүнө билим берүү, маданият, илим, маалымат, туризм жана спортту өзүнө камтыйт”. “Маданий иденттүүлүк эл аралык мамилелерде абдан маанилүү ролду ойнойт” [76, с.775]. Демек, маданият - элдердин ортосундагы бири-бирин жакшы түшүнгөн “бирдиктүү тил” деп айтсак болот экен. “Маданият - ар кандай элдердин бири-бирин оңой түшүнө турган "көпүрөнүн" ролун аткара алат. Дүйнөлүк тажрыйба көрсөткөндөй окшош цивилизацияга ээ болгон өлкөлөрдө саясий жана экономикалык кызматташтык жаатында өз ара ишеним жеңилдейт”[140, с.14-15]. Кыскасы, ар бир улуттун башка улуттан айрымалап турган, кайталангыз маданий баалуулуктары, өзгөчөлүктөрү жана ишенимдери бар. Ар бир улуттун бири-бирине болгон сабырдуу, толеранттуу, жумшак жана сый-урматтын негизинде түзүлгөн мамилелери - элдердин, улуттардынун ортосундагы ишенимдин негизин түзө алат деп айтууга болот.

ШКУну изилдеген бир катар окумуштуулардын, атап айтканда, С. Г. Лузянин [68, с.151], Л. Чжэньпэн[149], Ц. Сяофэндин[153] эмгектеринде “Уюмдун ишмердүүлүгүнүн негизги багыттары катары маданий-гуманитардык

алакалар” көрсөтүлгөн. “Аталган уюмдун  Хартиясында мүчө мамлекеттердин ортосундагы илим жана техника, билим берүү, саламаттыкты сактоо, маданият, спорт жана туризм тармагындагы өз ара кызматташууну кеңейтүү зарыл” – деп белгилейт А. Э. Джоробекова [62, с.98-99] эмгегинде.

Дал ушул багыттагы алакалардын негизинде мамлекеттер өздөрүнүн артыкчылыктарын билдирип, кадыр-баркын жарата алышат. Казакстандын Л. Н. Гумилев атындагы Евразиялык улуттук университетинин профессору Р. Айтбаева менен Н. Касимова [84, с.84]: “Учурдагы жүрүп жаткан ааламдашуу шарттарында гуманитардык кызматташтык маанилүү жана артыкчыклыктуу мааниге ээ болуп жаткандыгына байланыштуу, мамлекеттер жана уюмдар эл аралык аренада маданий-гуманитардык кызматташтык аркылуу кадыр-баркка ээ болуп, өздөрү жөнүндө оң абройун жаратышууда” – деп эсептешет. Демек, маданий тармактагы алакалардын алкагында түрдүү иш-чараларды уюштурууда мекендештер менен иштеп, чет өлкөлүктөрдү жумушка тартуу аркылуу ар бир мамлекет өз маданиятын  жайылтууга мүмкүнчүлүк ала алышат. Өз кезегинде, бул маанилүү финансылык инвестицияны да талап кылат. Эл аралык аренадагы маданий – гуманитардык кызматташуунун маанилүүлүгүн түшүнгөн мамлекеттер, аталган багыттагы мамилелердеги долобоорлорду ишке ашырууда көп каражат жумшап келишет.

Мындан тышкары**,** Ю. В. Морозовдун [115, с.122-123] изилдөөлөрүнө ылайык, “Аталган уюмга түрдүү маданияттын өкүлдөрү кирген: конфуцийчилик (Кытай), ислам (Борбордук Азия өлкөлөрү, Пакистан жана Иран), христианчылык (Россия) жана индуизм (Индия)”[115, с.122-123].

«Түрдүү цивилизациянын өкүлдөрүнүн уюмга мүчө болушу, мүчө мамлекеттердин тарыхынын баалуулугу аталган багыттагы кызматташтыктын өнүгүүсүнө өбөлгө түзө алат». Бул тууралуу маалыматтар Е. И. Сафронованын [129, с.131] эмгегинде көрсөтүлгөн.  Демек, ШКУнун аймагындагы түрдүү маданияттын өкүлдөрүнө алгач, бири-биринин маданиятын таанып, билип жана

түшүнүү менен мамиле жазоосу зарыл. Анткени, бири-биринин маданиятын билүү – «ийгиликтүү кызматташуунун» кепилдиги болуп саналат.

2005-ж. кабыл алынган "ШКУнун Декларациясында"[15] мүчө өлкөлөрдүн ортосундагы маданий кызматташтыкты өнүктүрүүнүн зарылчылдыгы көрсөтүлгөн.

Ошол себептерден, гуманитардык кызматташтыкка толук камдуу жана дыккат мамиле керектелээрин баса белгилөө зарыл.

«1996-ж. "Шанхай бештиги" мамлекеттер аралык түзүмү катары түзүлүп, өз ишмердүүлүгүн баштай" [60, с 217], [131, с.58],[155, с.57]. Ал эми, "Өзбекстандын аталган түзүмгө мүчө катары кабыл алынышы менен "Шанхай бештиги" түзүмү 2001-жылдан тартып "Шанхай кызматташтык уюму" аталышында чөлкөмдүк уюм катары өнүгө баштаган" [164], [236], [340]

**ШКУга катышкан мамлекеттердин типтери**

**№1 сүрөт.**




Аталган уюмдун жогорку органы болуп уюмга мүчө мамлекеттердин өлкө башчыларынын кеңеши болуп саналат. Андан тышкары парламент төрагаларынын, коопсуздук кеңешинин катчыларынын, экономикалык, коопсуздук, маданий жана гуманитардык багыттагы министрледин деңгээлиндеги жолугушуулар өтүп турат. Ал эми дайыма иштеп туруучу

административдик органы жана уюмдун чечимдеринин жана токтомдорунун ишке ашыруусун тейлеген органы болуп уюмдун катчылыгы саналат [35].

**ШКУнун Башкы катчылары. Таблица 3. 1**

| № | Аты-жөнү | Өлкө | Иштеген жылдары |
|---|---|---|---|
| 1 | Чжан Дэгуан | Кытай Эл Республикасы | 15.01.2004-31.12.2006-жж. |
| 2 | Нургалиев Болат Кабдылхамитович | Казакстан Республикасы | 01.01.2007-31.12.2009-жж. |
| 3 | Иманалиев Муратбек Сансызбаевич | Кыргыз Республикасы | 01.01.2010-31.12.2012-жж. |
| 3 | Мезенцев Дмитрий Федорович | Россия Федерациясы | 01.01.2013-31.12.2015-жж. |
| 4 | Алимов Рашид Кутбидинович | Тажикстан Республикасы | 01.01.2016-31.12.2018-жж. |
| 6 | Норов Владимир Имамович | Өзбекстан Республикасы | 01.01.2019-31.12.2021-жж. |
| **7** | Чжан Мин | Кытай Эл Республикасы | 01.01.2022- азыркы учурга чейин. |

А. Шаршенбек кызы менен Р. А. Каулбекованын [106, 284-б.] биргелешип жазган эмгегине ылайык, «ШКУнун катчылыгы маданий-гуманитардык багыттагы иш чараларды уюштуруп, анын ийгиликтүү ишке ашышына жооптуу көзөмөлгө алат. Уюмдун биринчи күнүнөн баштап анын кызматташтыгынын негизги чөйрөлөрүнүн бири маданий-гуманитардык деп жарыяланган. 2001-ж. Шанхай шаарындагы мамлекет башчыларынын жолугушуусунда уюмга мүчө мамлекеттердин маданият министрлеринин жолугушуусун өткөрүү жана иш-чаралардын программасын иштеп чыгуу чечими кабыл алынган».

Орусиянын ТИМнин электрондук сайтындагы [297] маалыматтарга ылайык, «Мүчө мамлекеттеринин маданият министрлеринин алгачкы жолугушуусу - Кытай Эл Руспубликасынын борбору Пекин шаарында 2002-ж. 12-апрелинде уюштурулган. Жолугушуунун жыйынтыгында билдирүү кабыл

алынган. Бул документ уюмдун алкагында маданий кызматташтыктын юридикалык негизин түптөдү жана мүчө мамлекеттердин ортосундагы көп тараптуу кызматташуунун механизмин ишке киргизүүнү белгилеген. Жолугушуунун негизги максаты - уюмдун өлкөлөрүнүн маданияттарынын ар түрдүүлүгүн сактоо менен бирге тийиштүү болгон ырым-жырым жана каада-салттарын урматтоо. Ошондой эле, билим берүү жана илим багытында бирдиктүү өнүгүү саналат».

ШКУнун интернет баракчасындагы маалыматка ылайык, «Жогоруда аталган «жолугушуу учурунда бир канча долбоорлор каралып, анын ичинде маданият күндөрүн өткөрүү колдоого алынган. Ошол мезгилден тартып маданий-гуманитардык кызматташуу тармагында ШКУга кирген өлкөлөрдүн белгилүү тарыхый күндөрүнө арналган иш чаралардын биргеликте өткөрүлүшү, профессордук-окутуучулар курамын жана студенттерди өз ара алмаштыруу тажрыйбаланаары, биргелешкен окуу борборлорун түзүү аракеттери каралган» [319] .

Ошондой эле, «маданият министрлери өз ара кызматташууну көп тараптуу жана эки тараптуу негизде өнүктүрүү зарылдыгы жөнүндө пикирлерин билдиришкен. Бул багыттагы кызматташтыкты өнүктүрүүнүн уландысы «ШКУга мүчө мамлекеттердин Өкмөт башчыларынын Кеңешинин отурумунун жыйынтыгы боюнча Биргелешкен коммюникенин» кабыл алынышы болгонун» Орусиянын ТИМи маалымдайт [297].

2002-жылдан кийин мындай жолугушуулар туруктуу негизде өткөрүлүп келген жана алардын ар бири маданият багытындагы белгилүү бир кабыл алынган макулдашуулар менен белгиленген. Бул жолугушуулардын бардыгы "Маданият министрлеринин кеңешмесинин" алкагында болуп, жолугушуулардын алкагында маданият күндөрүн өткөрүү, көркөм жамааттар менен искусство ишмерлеринин ортосунда өнөктөштүк байланыштарды түзүү сыяктуу маданий дипломатиянын инструменттерине активдүү колдоо көрсөтүшкөн. Ошону менен бирге ар бир мамлекеттин турмушундагы

маанилүү тарыхый күндөргө жана окуяларга арналган биргелешкен иш-чараларды үзгүлтүксүз өткөрүү бекитилген. Бул мүчө өлкөлөрдүн бири-биринин тарыхына жана саясатына болгон сый-урматын көрсөтөт.

“2005-жылдын октябрь айындагы Москва шаарында болуп өткөн мүчө мамлекеттеринин өкмөт башчыларынын отурумунан кийин гана маданият багытындагы кызматташуу активдүү түрдө ишке аша баштаган. 2005-жылдын жай мезгилиндеги Казакстанда уюштурулган мүчө мамлекеттердин искусство фестивалдарынын ийгиликтүү өтүшүн белгилөө менен жыл сайын үзгүлтүксүз түрдө өткөрүүнү демилгелешкен» [129, с.135-137].

ШКУнун интернет баракчасында [319]: «2005-жылы Астанада болуп өткөн уюмдун мүчө мамлекеттеринин маданият министрлеринин экинчи жолугушуусу жана маданий кызматташтык маселелери боюнча Эксперттик жумушчу топтун түзүлүшү маданий чөйрөдөгү кызматташууну андан ары тереңдетүүгө түрткү болгон» - деп берилет. Анткени, жолугушуунун жыйынтыгында кийинки 2005-2006-жж. карата көп тараптуу маданий кызматташтыктын планы бекитилген [320]. Ошондой эле, «Жолугушууда кабыл алынган документтердин негизинде 4 багытты маанилүү» деп эсептөөгө болот. Бул багыттар тууралуу Кытай окумуштуусу Ш. Даньдань да[95, с.96]. эмгегинде белгилеп кеткен. Аларга:

- «Биринчи багыт катары – маданий багыттагы иш-чараларды камтыган фестивалдарды уюштуруу»;
- «Экинчи багыт - маданий мекемелердин ортосундагы алакаларга көмөк көрсөтүү»;
- «Үчүнчү багыт – Массалык маалымат каражаттары чөйрөсүндөгү эки тараптуу жана көп тараптуу кызматташууларды ишке ашыруу»;
- «Төртүнчү багыт - мүчө мамлекеттердин ортосунда маданият чөйрөсүндөгү өз ара алмашууларды уюштуруу».

Ошондой эле, «уюмдун мүчө мамлекеттери тең укуктуулук шартында цивилизациянын бардык түрлөрүн бири-биринен үйрөнүү менен тынчтыкта

жанаша жашашы керек» деп билдиришет. Ага далил катары, ШКУнун интернет баракчасындагы маалыматка ылайык, «Мүчө мамлекеттердин маданият министрлеринин 2005-2006-жылдарга карата планын» атоого болот[319]. Аталган планда уюмдун калкынын түрдүү маданияттарды коргоо, урматтоо жана «ШКУнун мейкиндигинде» кеңири жайылтуу мүмкүнчүлүктөрү каралган.

Ал эми, "маданият министрлеринин кезектеги үчүнчү жолугушуусу 2006-жылдын апрель айында Өзбекстандын баш калаасы Ташкентте өтүп, анда «ШКУга мүчө мамлекеттердин өкмөттөрүнүн ортосундагы маданият тармагындагы кызматташуу жөнүндөгү макулдашуу» [319] кабыл алынган. Мындан тышкары, «2007-2008-жылдарга карата көп тараптуу маданий кызматташтыктын планы бекитилген" – Морозов Ю. В. [116, с.158]. Кабыл алынып жаткан планда искусство фестивалдары мүчө мамлекеттердин ортосундагы достук мамилелерди бекемдөөгө маанилүү салым кошоору белгиленип, экинчи ирет уюштурулушу тууралуу макулдашышкан [319].

Маданият тармагындагы кызматташуунун келечегине кадам таштаган негизги документтер тууралуу окумуштуу Р. Айтбаева менен Н. Касимова [84, с.84] биргелешкен эмгегинде көрсөтүшкөн. Анда «2007-ж. август айынын 16 да Кыргызстандын баш калаасы Бишкекте болгон мамлекет башчыларынын кезектеги саммиттинин жыйынтыгында кабыл алынган документтер" берилген: Алар **:**

- ❖ 1. "Мүчө мамлекеттердин өкмөттөрүнүн ортосундагы маданият жаатындагы кызматташтык жөнүндөгү макулдашуу" [57].
- ❖ 2. "Мүчө мамлекеттердин узак мөөнөттүү коңшулук, достук жана кызматташтык келишими" [18], [20].

"Мүчө мамлекеттердин узак мөөнөттүү коңшулук, достук жана кызматташтык" аталышындагы келишимге ылайык, 19-беренесинде макулдашып жаткан тараптар «маданият», «искусство», «билим берүү», «илим», «технологиялар», «саламаттык сактоо», «туризм», «спорт» өз ара алмашууларды жана кызматташтыкты өнүктүрүшөт" [18]. Мындан тышкары,

“Аталган келишимде тараптардын маданий жана гуманитардык мекемелердин ортосундагы түз байланыштарды түзүү, биргелешкен илимий-изилдөө программаларын жана долбоорлорун ишке ашыруу, кадрларды даярдоодо, студенттер, окумуштуулар жана адистер менен өз ара алмашуулар каралган” - деп баяндайт Е. Х. Казыхановдун [78, с.199] редакторлугу астындагы эмгекте. Ошондой эле, Е. Х. Казыханов [78, с.199] белгилегендей, уюмдун алкагындагы маданий багыттагы көп тараптуу жана эки тараптуу өз ара кызматташуусун жөнгө салуучу негизги документтердин катарында берилген. Бул көп жагынан маданият ишмерлеринин өз ара мамилелерин активдештирип, маданий иш-чаралардын санын көбөйткөн. Активдүү маданий өз ара кызматташуунун натыйжасында, эл аралык саясий лексикондо «Шанхай руху» термини кеңири пайдалана башталган.

Окумуштуу, тарыхчы Пань Гуан [300]: “20 иероглифтен турган "Шанхай руху" түшүнүгү – өз ара ишеним, өз ара пайда, теңдик, маданияттардын көп түрдүүлүгүн урматтоо жана биргелешип өнүгүүгө умтулуу" – деп билдирет. Аталган концепция уюмга мүчө мамлекеттердин ортосундагы цивилизациялар аралык айрымачылыктарга карабастан, мүчөлөрдүн ортосундагы ишенимдин негизинде маданий-гуманитардык алакаларды кеңейтүүдө маанилүү ролду ойнойт деп айтсак болот [117, с.154].

«Мамлекет башчыларынын жыл сайын уюштурулуп туруучу саммиттеринде жана маданият жана билим берүү министрлеринин башчыларынын кезектеги жолугушуулары уюмга мүчө болгон жана байкоочу өлкөлөрдүн көркөм өнөр чеберлеринин фестивалдарын уюштуруу салтка айланган. Спорттук мелдештер жана көргөзмөлөр сыяктуу ар кандай маданий иш-чаралар кызматташтыктын бул алкагында жигердүү роль ойнойт» [86, с.84].

2007-жылдагы «Өкмөттөр арасындагы маданият тармагындагы кызматташуу келишиминде» [31] өз ара кызматташуунун негизги багыттары чагылдырылган. Аталган келишимге ылайык, кызматташуунун негизги багыттарына: музыка, көркөм-өнөр, кинематография, кол өнөрчүлүк, кирген.

Мындан тышкары, аталган келишимде катышуучулар кызматташтыктын аталган багытын өнүктүрүү үчүн кадрларды даярдоого жана алардын квалификациясын жогорулатууга колдоо көрсөтүүнү милдеттенишкен. Ошондой эле, мүчө мамлекеттердин эксперттери менен тажрыйбачылардын катышуусунда илимий иш-чараларды өткөрүү каралган. Бул, өз кезегинде маданий диалогду илимий жактан колдоо деп айтсак жаңылышпайбыз.

А. Шаршенбек кызы [105] эмгегинде: «ШКУнун маданий чөйрөдөгү өткөрүп келген ири иш-чараларга: катышуучу өлкөлөрдүн «Искусство фестивалдары», Ханчжоудагы «Сиху көлүн тартабыз» сүрөт форуму, Кыргыз Республикасынын Чолпон-Ата шаарында өткөн «Ысык-Көл кинофестивалы», "Балдар жомокторду тартышат" көргөзмөсү, "Чыгыш обондору" эл аралык музыка фестивалдарын киргизүүгө болот» -деп белгилеген.

Ал эми «Балдар жомокторду тартышат» деп аталган балдар сүрөт көргөзмөсү 2005-ж. баштап жыл сайын үзгүлтүксүз өткөрүлүп келет» [181]. Долбоордун демилгечилеринин идеясы элдик жомоктор аркылуу коңшулаш өлкөлөрдүн маданиятына, ошондой эле улуттук баалуулуктарына балдарды кызыктырууга жана тартууга шарт түзгөн. Аталган долбоордун негизинде балдар элдик жомоктор аркылуу ШКУнун мейкиндигиндеги көп тармактуу маданият менен таанышууга мүмкүнчүлүктөр түзүлгөн. Жаш «көчмө шериктигинин мүчөлөрүнүн» миссиясы искусство аркылуу жашоонун кубанычтуулугун жана сулуулугун, башка элдердин маданиятын сыйлоо болуп саналат.

«2008-жылы маданий иш-чаралардын кезектеги планы» бекитилген [295]. “Маданий өз ара кызматташуунун стратегиясын жана багыттарын иштеп чыгууда Эксперттик топ иш алып барат. Ал эми эксперттик топ 2005-ж. 5-июлунда Астанада болуп өткөн уюмдун маданият министрлеринин кезектеги экинчи жолугушуусунда түзүлгөн». Аталган маалымат тууралуу О. И. Лазоркина [267] изилдөөсүндө көрсөткөн.

Ошентип, жогоруда берилген маалыматтарга таянып, 2001-2008-жж. аралыгында уюмдун укуктук-ченемдик негиздери түптөлүп, маданий кызматташуу чөйрөсүндө туруктуу негизде өткөрүлүп жаткан маданият министрлеринин жолугушууларынын – эксперттик механизмдери түзүлгөн деп айтсак жаңылышпайбыз. *(Толук маалымат № 2 тиркемеде берилген).*

Маданий багытыттагы кызматташтыктын кийинки маанилүү документтеринин бири болуп «Пекин декларациясы» саналат». Ш. Даньданьдын [95, с.98] пикири боюнча «2012-ж. июнь айындагы «Пекин декларациясы» саналат». Автордун эмгегинде: «Аталган декларацияда уюмдун алкагындагы маданий кызматташуунун багыттары, формалары жана келечеги берилген» - деп жазылган [95, с.98]. «Пекин декларациясы» мүчө мамлекеттердин маданият тармагындагы алакалардын өнүгүшүнө көмөк көрсөтүүгө маанилүү салым кошоору жалпыбызга маалым.

Уюмдун алкагындагы маданий дипломатияны ишке ашырган укуктук базасын түзгөн документтердин бири катары "Шанхай кызматташтык уюмунун 2025-жылга чейинки өнүгүү стратегиясы" [34] деп айтсак жаңылышпайбыз. Өнүгүү стратегиясы 2015-жылы кабыл алынган. Стратегияда «ШКУнун ишмердүүлүгүнө баа берүү, уюмдун чөлкөмдөгү жана дүйнөдөгү ролу эске алынган. Мындан тышкары, аталган стратегияда мүчө мамлекеттердин маданий-гуманитардык жаатындагы байланыштарды өнүктүрүү үчүн жагымдуу шарттардын түзүлүшү» көрсөтүлгөн [34].

Демек, 2001-2013-жж. аралыгында ШКУнун алкагында маданий кызматташтыктын укуктук базасы таризделип, бул чөйрөдөгү министрликтер тарабынан атайын жумушчу топтор түзүлүп, маданий - гуманитардык кызматташтыктын артыкчылыктуу багыттары аныкталып, искусство фестивалдарына, көргөзмөлөргө жана кинофестивалдарга катышуу активдешкен.

Индия окумуштуусу Дас Кунду белгилегендей [157, с.105] «ШКУ түзүлгөндөн тартып саясий, соода, экономикалык мамилелерди чыңдоо менен

катар маданий-гуманитардык өз ара байланыштар» да түзүлгөн. Маданий-гуманитардык алакалардын багыттарынын бири “*Билим берүү чөйрөсү*”. Аталган багыт бүгүнкү күндө мүчө мамлекеттердин ортосундагы туруктуу жана түбөлүктүү мамилени камсыз кылууда. “2005-жылы “Астана саммитинде” [15] бир нече маанилүү маселелер каралган” [88, с.92].

2005-ж. ШКУнун өлкө башчыларынын декларациясында [15] билим берүү тармагындагы мамилелерди өнүктүрүү демилгеси каралган [30]. Ал эми КЭРдин Шанхай шаарындагы 2006-жылдын 15-июнунда болуп өткөн өкмөт башчыларынын саммитинде «Билим берүү тармагындагы ШКУнун өкмөттөр аралык келишими» [29] кабыл алынган. Бул келишим мүчө мамлекеттердин билим берүү тармагындагы көп тараптуу кызматташуусун өнүктүрүүгө жол ачкан.

«2006-ж. 18-октябрында Пекинде билим берүү чөйрөсүндөгү маселелерди биргелешип талкуулоо үчүн мүчө мамлекеттердин билим берүү министрлеринин ортосундагы биринчи кеңешмеси өткөрүлгөн» - деп жазат Ланьчжоу университетинин доктору, окумуштуу Цзяо Ицянь [140, с.15]. Мына ушул кеңешменин өткөрүлүшү уюмдун алкагындагы аталган чөйрөдөгү көп тараптуу кызматташтыктын механизминин официалдуу түрдө ишке киришинин башаты экендигин түшүндүрөт [144, с. 120].

**Билим берүү министрлеринин жолугушуулары жана анда кабыл алынган документтер. Таблица 3.1.**

| № | **Өткөрүлгөн жери, жылы жана күнү** | **Кабыл алынган документтер** |
|---|---|---|
| 1 | Биринчи жолугушуу 2006-жылы 18-октябрда Пекинде болгон. | Тараптар билим берүү жаатында кызматташуу боюнча туруктуу эксперттик жумушчу топ түзүүнү макулдашып, анын иштөө эрежелерин бекитишти. |
| 2. | Экинчи жолугушуу 2008-жылы 23-октябрда Астана шаарында өттү. | Тараптар ШКУнун Университетин түзүү боюнча ШКУга мүчө мамлекеттердин Билим берүү министрликтеринин Протоколуна кол коюуга жана ШКУ Университетин түзүү жана иштөө Концепциясынын этаптарын ишке ашыруу үчүн атайын адистештирилген |

| | | |
|---|---|---|
| | | жумушчу топторун түзүүгө макулдашышты. |
| 3. | Үчүнчү жолугушуу 2010-жылдын 23-24-сентябрында Новосибирск шаарында өткөн. | Тараптар ШКУ университетин түзүү боюнча Билим берүү министрликтеринин мындан аркы биргелешкен иш-аракеттери жөнүндө протоколго кол коюлду. |
| 4. | Төртүнчү жолугушуу 2012-жылдын 11-октябрында Бишкек шаарында өткөн. | ШКУ Университетинин Ректорлор кеңеши жөнүндө жобо, ШКУ Университетинин Камкорчулар кеңеши жөнүндө жобо, ШКУ Университетинин сертификатынын формасы жана ага тиркеме бекитилди. |
| 5. | 2014-жылдын 8-октябрында Барнаул шаарында (Россия Федерациясы) | 2015-2016-жылдарга ШКУ Университетин түзүү жана техникалык тейлөө боюнча негизги иш-чаралардын планы бекитилди. Планды камтыган иш-чаралар ШКУ өлкөлөрүндө жогорку кесиптик билим берүүнүн сапатын жогорулатуу жаатында өз ара аракеттенүүнү мындан ары чыңдоого багытталган. |
| 6. | Алтынчы жолугушуу 2016-жылдын 20-октябрында Дүйшөмбү шаарында (Тажикстан Республикасы) болуп өттү. | Тараптар ШКУга мүчө мамлекеттердин Билим берүү министрлерине "ШКУ мейкиндигиндеги академиялык мобилдүүлүктү мамлекеттик жана укуктук жактан колдоо" отчетун жактырышты.<br>ШКУга мүчө мамлекеттердин ЖОЖдорунун студенттеринин арасындагы сынактын туруктуу негизде өткөрүлүп турушу керектигин белгилешти. |
| 7. | Жетинчи жолугушуу 2018-жылдын 17-октябрында Казакстан Республикасынын Астана шаарында болуп өттү. | Тараптар "ШКУнун билим берүүнүн ардактуу кызматкери" жана "Шанхай Кызматташтык Уюмуна мүчө мамлекеттердин Билим берүү министрликтеринин" Шанхай кызматташтык уюмунун билим берүү кызматкери "төш белгиси жөнүндө" жобонун долбоорлорун кароону макулдашышты. |
| 8. | Сегизинчи жолугушуу 2024-ж.19-апрелинде РФнын Москва шаарында болду. | Тараптар Шанхай кызматташтык уюмунун университетинин иштеп жаткан 7 багыттын алкагында окуучуларды даярдоо боюнча натыйжалуу ишин белгилешип, даярдоонун жаңы багыттары: агрономия, журналистика, медицина жана юриспруденция менен толукталган ШКУ университетинин актуалдаштырылган концепциясын |

| | | |
|---|---|---|
| | | бекитишкен. |

Орусиянын Тышкы иштер министрлигинин официалдуу интернет баракчасындагы [222] берилген маалыматтарга таянсак, “мүчө мамлекеттеринин билим берүү министрлеринин кеңешмелеринин механизми жана туруктуу иштөөчү эксперттик тобу 2006-ж. түзүлгөн”. Аталган макулдашуу уюмдун алкагындагы Университет, Жаштар кеңеши жана Форум сыяктуу жаңы институттардын түзүлүшүнө алып келди десек да болот.

“2006-жылдын 15-июнунда кабыл алынган “Мүчө мамлекеттердин өкмөттөрүнүн ортосунда билим берүү багытындагы келишим»[29] 2008-ж**.** гана күчүнө кирген. Ошондой эле, аталган келишимде окуу жайларда мүчө мамлекеттердин тилдерин, тарыхын, маданиятын үйрөтүү, ошондой эле окуучулары жана илимий-педагогикалык кызматкерлердин мобилдүүлүгү” каралган” [99, с.171].

“Аталган багыттагы мамилелер "Билим берүү жумалыгы" программасы тарабынан ишке ашырылууда. “2008-2020-жылдар аралыгында ШКУнун билим берүү жумалыгынын алкагында 13 жолугушуу өткөн. Салтка айланган билим берүү тармагындагы жетекчилердин жана эксперттердин жолугушуулары гуманитардык кызматташтыкты бекемдөөдө чоң ролду ойнойт”- деп жазат Н. Т. Тынаева [132, с.169]. Аталган программа мамлекеттер ортосундагы достукту жана кызматташтыкты чыңдоодо чоң ролду ойнойт десек жаңылышпайбыз. (*Билим берүү багытындагы кызматташтык боюнча маалымат менен 4-баптын биринчи жана экинчи бөлүмдөрүнөн толук маалымат менен таанышасыз)*

ШКУнун гуманитардык кызматташтыгынын кийинки багыты – *“Саламаттык сактоо багыты”*. 2006-жылы гана статистикалык маалыматтарга тынчсызданган уюм бул маселени чечүүнү колго алган. “Уюмдун катчылыгына саламаттык сактоо маселелери боюнча жооптуу адамдардын өз ара кызматташуу планын иштеп чыгуу жана туруктуу негизде иш алып барууга тийиш болгон максаттуу эксперттик топту түзүү

тапшырылганы" тууралуу Ю. С. Зеленина да изилдөөсүндө белгилеп кеткен [99, с.171].

"Калктын санитардык эпидемиологиялык бейпилдигин камсыздоого жооп берген эксперттик топ 2007-жылдын июнунан тартып иштей баштаган. Ал эми саламаттыкты сактоо министрликтеринин ага кызматкерлеринин тобу 2008-жылдын июнунан практика жүзүндө өз ара мамилелерин баштаган" [222].

Демек, жогоруда берилген маалыматтардын негизинде: ШКУнун мүчө мамлекеттеринин маданий-гуманитардык кызматташтыгынын концептуалдык жана укуктук-ченемдик негиздеринин түзүлүүсү, эксперттик жумушчу топтордун түзүлүп, аталган багыттагы долбоорлордун ишке ашырылуусунун негизинде, көп тараптуу жана эки тараптуу форматтын алкагында маданий-гуманитардык кызматташуу белгилүү бир жолду басып өттү жана көрүнүктүү жетишкендиктерге ээ болду десек болот.

Жыйынтыктап жатып, жогорудагы маалыматтарды эске алуу менен уюмдун алкагындагы маданий-гуманитардык алакалардын жөнгө салынышын жана өнүгүшүн төмөнкүдөй үч этапка бөлүп кароого болот:

«I этап - 2002-жылдан 2010-жылдар» аралыгын камтыйт. Бул этапта уюмга мүчө мамлекеттердин маданий тармагындагы министрлердин алгачкы жолугушуусу болгон. 2002-ж. (12.04.2002., Пекин ш.) [297]. Аталган жолугушуунун жүрүшүндө «Эки тараптуу жана көп тараптуу кызматташуунун артыкчылыктуу багыттары болуп эсептелинген маданий фестивалдарын, маданият күндөрүн өткөрүү каралган» [159]. Мындан тышкары, ушул эле этапта өзгөчө белгилеп кетүүчү учур, 2005-ж. 5-июлунда Астанада өткөн жолугушууда маданий чөйрөдө үзгүлтүксүз иштөөчү эксперттик жумушчу топ түзүлгөн [319]. Топтун ишмердүүлүгү ар бир кийинки жылга карата иш планы түзүлүп, ошол эле учурда өткөн жылдагы иш-чаралардын өткөрүлүшүнүн жыйынтыктарын талдоого алган. Ал эми маданий тармагы сыяктуу эле билим берүү чөйрөсүндө министрлердин жолугушуулары биринчи жолу 2006-ж. (18-октябрь, Пекин ш.) [144, с.120] өткөрүлгөн. 2008-ж. билим берүү

кызматташуусунун андан ары өнүгүшүндө ШКУ университети түзүлдү [81, с.299], ушул эле жылы билим берүү жөнүндөгү Декларация кабыл алынган. Ал эми 2009-ж. 26-28-апрелинде маданият тармагындагы министрлердин алтынчы жолугушуусунда маданият боюнча Декларациясы кабыл алынды [319]. Ошондой эле 2009-ж. 2–5-майда ШКУнун Жаштар Ассамблеясы [169], анын алкагында уюмдун Жаштар кеңешинин уюштуруу конференциясы болуп өткөн. Ошентип, 2002–2010-жж. чейинки аралыкта маданият жана билим берүү чөйрөсүндөгү кызматташуунун укуктук-ченемдик базасы түзүлүп, ишке киргизилген.

Экинчи этап – 2010-жылдан 2017-жылга чейинки аралыкты камтыйт. 2010-жылдын 26-октябрында Пекин шаарында айыл чарба министрлеринин биринчи жолугушуусу болуп өткөн [196], Ушул этаптын дагы бир өзгөчөлүгү 2015-ж. 25-март айында Москва шаарында уюмга мүчө өлкөлөрүнүн улуттук туристтик администрациялардын жетекчилеринин биринчи жолугушуусу уюштурулуп [218]. Аталган багыттагы алакалардын тереңдешине шарт түзүлгөн.

III этап – «2017-жылдан азыркы күнгө чейинки» аралык. Бул этаптын башталышын 2017-жылдын 9-июнь күнү уюмга Индия жана Пакистандын [117, с.138], [162, с.5] 2022-ж. 16-сентябрда Ирандын [67, 97-б.], [108, с.76] толук кандуу мүчө болуп кабыл алынышы жана 2023-ж. Сауд Арабиянын [313] ШКУнун диалог боюнча өнөктөшүнүн статусун кабыл алынышы менен байланыштырсак болот. Уюмга толук кандуу мүчө катары кабыл алынган Индия, Пакистан жана Иран сыяктуу салмактуу оюнчулар менен уюмдун катарын толуктоо "ШКУну Евразия мейкиндигинде сапаттык жана сандык жактан күчөтүү" жөнүндө айтууга негиз берет [161, с.72], [121, с.603-609], [74, с. 11-13], [157, с.105-106], [223]. Себеби, аталган уюмдун өнүгүшү бул өлкөлөрдүн мүчө болушу менен дагы бир баскычка көтөрүлүп, маданий-гуманитардык кызматташтык тереңдеди. Уюмдун мүчө мамлекеттеринин ортосундагы маданиятты жана тарыхый мурастарды кеңири жайылтуу

максатында ШКУнун катчылыгы менен ЮНЕСКОнун ортосундагы меморандумга кол коюлган. Ушул эле этаптын учурунда «ШКУ – биздин жалпы үйүбүз» долбоорунун алкагында «Сыйкырдуу тогуз нота» музыкалык кечелери жана «ШКУнун марафону» уюштурула баштаган. «Сыйкырдуу тогуз нота» жана «ШКУнун марафону» тууралуу толук маалымат менен 3-баптын 2-параграфынан берилген ).

## 3.2. Кыргыз Республикасынын Шанхай кызматташтык уюмунун мүчө өлкөлөрү менен маданий кызматташтыгынын негизги өңүттөрү жана проблемалары

Мамлекеттер ортосундагы кызматташуунун негизги чөйрөлөрүнүн бири – маданий кызматташуу болуп саналат. Анда негизги катышуучулардын кызыкчылыктары бири-бирине дал келет. Маданият багытындагы алакалар ар дайым өлкөлөрдүн ортосундагы ар түрдүү чөйрөлөрдөгү кызматташтыкты өнүктүрүүгө оң таасирин тийгизет. Ошондой эле, өлкөлөр ортосундагы өз ара түшүнүшүүгө, достукту, коңшулаштыкты жана өз ара пайдалуу мамилелерди өнүктүрүүгө салым кошот.

«Уюмдун өлкөлөрүнүн калкынын ар биринин өзүнө таандык маданияты, кайталангыз маданий өзгөчөлүктөрү, ар бир мүчө мамлекеттин тарыхынын баалуулугун эске алсак, анда бул сыяктуу кызматташтыктар цивилизациялар диалогунун өнүгүшүнө жол ачат» - деген пикири менен Р. А. Каулбекова менен Шаршенбек кызы Айперинин [107, 397-б.] эмгегинде бөлүшүшкөн. Демек, уюмга мүчө өлкөлөрдүн элдеринин биримдигин бекемдөөдө чоң ролду ойноору жалпыбызга маалым.

Орусиянын ТИМдин интернет баракчасынын [222] маалыматына байланыштуу “2002-ж. башталып, бирок 2005-жылдан тартып министрлердин жолугушуулары туруктуу негизде өткөрүлүп келген”. Жолугушуулардын ар бири маданият багытындагы белгилүү бир кабыл алынган макулдашуулар

менен белгиленип, маданий дипломатиянын инструменттерине активдүү колдоо көрсөтүшкөн [158, с.9]. Ошондой эле ар бир мамлекеттин турмушундагы маанилүү тарыхый даталарга жана окуяларга арналган биргелешкен иш-чараларды үзгүлтүксүз өткөрүү бекитилген. Бул мүчө өлкөлөрдүн бири-биринин тарыхына жана саясатына болгон сый-урматын көрсөтөт десек жаңылышпайбыз.

Ал эми, “2005-жылы эксперттик топтун түзүлүшү жана ар жылга пландарды кабыл алуу менен кабыл алынган келишимдердин негизинде өткөрүлүп жаткан иш – чаралардын саны көбөйө баштаган” – деп белгилейт Ю. В. Морозов [116, с.157]. Иш-чаралардын ичине: А. С. Пушкин атындагы Мамлекеттик көркөм сүрөт музейинин балдарга көркөм тарбия берүүнүн максаттуу программасынын алкагында 2005-2013-жылдар аралыгында "Балдар жомок тартышат" долбоору ишке ашырылган [84, с. 85]. Долбоор алгач Пекинде 2005-жылдын 29-майында көркөм сүрөт музейинин залдарында ачылган [326]. Бул балдар кечесин ШКУнун катчылыгы, Пушкин атындагы Мамлекеттик көркөм сүрөт музейи, сүрөтчүлөр союзу жана Кытайдын көркөм сүрөт музейи тарабынан колдоого алынган. Көргөзмөдө 2 миңден ашык эмгектер коюлган: сүрөттөр, гравюралар, коллаждар, керамикадан жасалган буюмдар, сырдалган жыгач куурчактар, желдеткичтер ж.б. Бул экспозиция уюмдун мүчө өлкөлөрүнүн 30 шаарын кыдырган [233].

«2005-жылы Астанадагы маданият министрлеринин жыйынында 2005-2006-жж. карата аталган уюмдун алкагында көп тараптуу маданий кызматташуу планы кабыл алынып, планды аткаруу үчүн маданий кызматташтык маселелери боюнча эксперттик топ түзүлөт” – деп көрсөткөн С. О. Азимов [83, с.14] эмгегинде. Айтылган маданий кызматташтык планын ишке ашыруу жалпысынан эл аралык маданияттар менен алмашуу аянтчасына айланат десек жаңылышпайбыз. Ц. Юйцай [77, с.8-9] белгилегендей: “Мамлекеттердин маданияттарынын ар түрдүүлүгүн сактоо, элдин өз-ара бири-бирин урматтоо, каада-салттары менен үрп-адаттарын кеңири жайылтуу –

мамлекеттердин ортосундагы достуктун көпүрөсү болушу керек". Ар кандай цивилизациялардын болушу, алардын өз ара байышы - албетте, чөлкөмдөгү достуктун рухун бекемдөөдөгү орду маанилүү десек да болот.

2007-жылы маданий багытта эң маанилүү деп саналган "ШКУнун өкмөттөрү ортосундагы маданий багыттагы келишим" кабыл алынган [222]. Келишимдин негизинде бир катар иш-чаралар уюштурулуп, маданий алмашуу кыйла активдүү ишке аша баштаган. Атап айтсак: "Цивилизациялардын диалогу" деп аталган конференциялар [179], [228] кыргыз жергесиндеги Ысык-Көл кинофестивалдары [244], Шанхай кызматташтык уюмуна мүчө өлкөлөрдүн эл аралык искусство фестивалдары [55, с.150-151], [56, с. 231-233], [227] жана Кытайдын Чжэцзян провинциясындагы Ханчжоу шаарындагы көркөм өнөр форуму [329], [351] бүгүнкү күнгө чейин өткөрүлүп келет.

2008-жылы мүчө мамлекеттердин маданият министрлери кезектеги отурумда 2009-2011-жылдарга карата кызматташуунун кезектеги планын бекитишкен. Ал эми атайын эксперттик топ мүчө мамлекеттердин түрдүү маданияттарын чагылдырган фестивалдарды өткөрүүнүн "Фестивалдар жөнүндөгү бирдиктүү жобону" иштеп чыккан. Дал ушул кабыл алынган жободон кийин мындай иш-чаралар максаттуу түрдө каржылана баштаган [252]. Башкача айтканда, маданият министрлеринин жолугушуулары маданият күндөрүнүн, фестивалдарынын үзгүлтүксүз уюштурулушунун жана долбоорлорду каржылоо маселелерин чечүүгө өбөлгө түзгөн. Мисалы, "2016-ж. Ташкентте болуп өткөн маданият министрлеринин кезектеги отурумунда КЭРдеги "Жибек Жолу" эл аралык көркөм өнөр фестивалы, Кыргызстандагы "Арт-Ордо" театралдык фестивалы, Россия Федерациясындагы "Бердэмлек[2]-Шериктештиги" сыяктуу көркөм өнөр фестивалдарын уюштуруу жана каржылоо тууралуу ШКУнун официалдуу электрондук интернет баракчасынын [319] кездештирүүгө болот.

Ал эми, "Маданият күндөрү" сыяктуу иш-чаралар бир топ убакыттан бери Шанхай кызматташтык уюмунун мамлекеттерин бири-биринин маданиятын өз ара урматтоонун жалпы идеясынын эгидасы астында бириктирип келет. Алар белгилүү бир мүчө мамлекетке арналып, уюмдун катчылыгына өткөрүлгөн. Бул иш-чаралар маданият министрлерин, Тышкы иштер министрлерин, ыйгарым укуктуу элчилерди жана консулдарды, маданият тармагынын кызматкерлерин жана жарандык коомдун өкүлдөрүн бириктирет. Башкача айтканда, ар бир өлкөнүн коомунун бүтүндөй бир катар субъекттеринин активдүү катышуусу менен уюштурулат. Маданият күндөрү ар дайым дипломатия жана достук маанайда өтүп, мамлекеттер бири-бири жөнүндө актуалдуу маалыматтар менен улуттук маданий үрп-адаттар менен таанышууга мүмкүндүк алышат. Мисал катары уюмдун штаб-квартирасында 2008-ж. 22-25-сентябрь күндөрү [190] жана 12-14 – ноябрь 2016-ж. [198] өткөрүлгөн "Кыргызстандын маданият күндөрүн" алсак болот.

2008-ж. 22-25-сентябрь күндөрү өткөрүлгөн "Кыргызстандын маданият күндөрүнүн" алкагында кытайлык көрүүчүлөргө А.Малдыбаев атындагы опера жана балет театрынын, Ош облустук филармониясынын коллективдердин, "Ак марал" бий ансамблинин жана "Ысык Ата Арашан" фольклордук тобунун чыгармачылыгы көрсөтүлгөн. Ошондой эле, Кыргыз чеберлери маданият күндөрүнүн алкагында Чжаньжоу шаарында өтө турган эл аралык көркөм чыгармачылык фестивалына да катыша алышкан [190].

“2016-ж. Кытайдагы “Кыргызстандын маданият күндөрү” Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат жана туризм министрлиги менен Кытай Эл Республикасынын Маданият министрлигинин ортосундагы 2016-2019-жылдарга карата кызматташуу программасын ишке ашыруу максатында өткөрүлгөн. Аталган иш - чара Кыргызстандын эгемендүүлүгүнүн 25 жылдыгына арналган” [231]. Маданият күндөрүнүн программасына ылайык “Кыргызстандын белгилүү артисттеринин катышуусунда концерт, кол

өнөрчүлөрдүн көргөзмөсү, ошондой эле өлкөбүздүн туристтик потенциалын көрсөтүү максатындагы кече уюштурулган" [198].

"Маданият күндөрү" ШКУнун штаб-квартирасында уюмдун катчылыгы тарабынан гана уюштурулбастан, мүчө мамлекеттердин аймагында да өткөрүлүп келген. Ага далил катары Кыргыз Республикасынын Президентинин архивинин материалдарын келтирсек болот. Атап айтсак, алгачкы "Россиянын маданият күндөрү" 2002-ж. 14-19- май күндөрү Кыргызстанда өткөрүлгөн. Ал эми, "Кыргыз Республикасынын маданият күндөрү" 2003-ж. сентябрь айында Россияда [44], 2004-ж. май айында Таджикистанда [40], 2006-ж. 12-13-май күндөрү Казакстанда [41], 2021-ж. 20-24-сентябрь күндөрү Россияда уюмдун "Тынчтык миссиясы - 2021" биргелешкен аскердик антитеррордук командалык-штабдык машыгуунун алкагында [212] өткөрүлгөн. 2022-ж. 27-29-октябрында Казакстанда [229], 2024-ж. 18-19-июлунда Өзбекстанда [209] жана Белорусияда "Витебскидеги Славян базары" эл аралык искусство фестивалынын алкагында Кыргызстандын маданият күндөрү [230] өткөрүлгөн.

Аталган маданият күндөрүн уюштурууда кыргыз кино күндөрү, Кыргызстандын материалдык жана материалдык эмес маданий мурастарынын элементтеринин көркөм көргөзмөлөрү, кыргыз дизайнерлеринин мода көрсөтүүлөрү, кыргыз искусство чеберлеринин концерттери өткөрүлүп келет. Жогоруда аталган иш-чаралар өнөктөш мамлекеттердин ортосундагы маданий гана эмес саясий жана экономикалык байланыштарды да өнүктүрүүгө жана алардын элдеринин ортосундагы салттуу достукту чындоогo мүмкүндүк берет деп айтсак болот.

Уюмдун маданият министрлеринин кезектеги XV отуруму 2018-жылдын 2-июнунда Кытайдын Хайнань провинциясынын Санья шаарында өткөн. Тараптар 2018-2020-жж. карата "Маданий иш-чаралар планын" бекитишкен. Ошол менен бирге, делегация башчылары "ШКУ — биздин жалпы үйүбүз" долбоорунун алкагында иш-чараларды, анын ичинде мүчө мамлекеттердин белгилүү пианисттеринин аткаруусундагы "Сыйкырдуу тогуз нота" деп аталган

музыкалык кечелери жана "ШКУнун марафонун" маанилүүлүгүн белгилешкен [319].

Популярдуу болуп калган "Шанхай кызматташтык уюму — биздин жалпы үйүбүз" комплекстүү программасынын алкагында ишке ашырылып жаткан камералык кечелердин башкы максаты – уюмга мүчө мамлекеттердин музыкалык искусствосу жана салттары менен таанышуу, маданияттардын өнүгүп жаткан диалогуна көмөктөшүү, "Шанхай рухун" чыңдоо жана ШКУнун элдеринин ортосунда өз ара түшүнүшүү жана достук атмосферасын түзүү болуп эсептелинет.

"Сыйкырдуу тогуз нота"  долбоору алгач 2017-ж. 26-сентябрында уюмдун штаб-квартирасында уюштурулган салтанаттуу достук маанайдагы музыкалык кече болуп саналат. Алгачкы концерттик кечени белгилүү кытай пианисти Тянь Цзясин берген. Анын аткаруусунда 10дон 330га чейинки Вольфганг Амадей Моцарттын фортепиано сонатасы, ошондой эле азыркы кытай композиторлорунун лирикалык чыгармалары жаңырган” [213].

“2017-жылдын 27-ноябрында уюмдун штаб-квартирасында музыкалык кечелердин циклинен "Сыйкырдуу тогуз нота"  аттуу экинчи концерт болуп өткөн. Концерттик программаны өзбекстандык белгилүү пианист Мадина Файзиева сунган. Өзбекстандык пианисттин виртуоздук аткаруусунда Иоганн Себастьян Бахтын, Сергей Рахманиновдун, Фредерик Шопендин, ошондой эле Кытай композиторлорунун чыгармалары жаңырган. Ошондой эле программанын алкагында Өзбекстандын архитектуралык шедеврлерине, тарыхына, каада-салттарына жана дүйнөгө белгилүү кооз жерлерине арналган сүрөт көргөзмөсү уюштурулган” [242].

Ар бир айда уюштурулуп жаткан концерттин кезектеги үчүнчү концерти “2017-жылдын 15-декабрында ШКУнун катчылыгы жана Тажикстандын КЭРдеги элчилиги тарабынан уюштурулуп, тажик жаш пианисти Жаннат Хусейнзоданын катышуусунда болгон. Программанын алкагында "Тажик элинин музыкалык маданиятынын тарыхы" аттуу фотокөргөзмө жана тажик

элинин белгилүү музыканттардын, композиторлордун, дирижерлордун жана тажик элинин белгилүү искусство ишмерлеринин эмгектери көрсөтүлгөн” [285].

“Төртүнчү концерт 2018-жылдын 17-январында орус музыка дүйнөсүнө арналган. Коноктор үчүн Россиянын Варвара Кутузова аттуу музыканты ачкан. Анда артисттин 2 жеке концерти болуп, ага ар кайсы өлкөлөрдөн 10 элчи катышкан» [350].

"Сыйкырдуу тогуз нотанын" бешинчи концерти 2018-жылдын 2-февралында кыргыз элинин маданиятына арналып уюштурулган. Кечеде Кыргызстандын мамлекеттик филармониялык камералык оркестринин солисти Айтурган Турапова, дирижер Нур Өмүрбаев жана скрипкачы Анна Алябьева өз өнөрлөрүн тартуулашкан. Музыкалык кеченин алкагында мындан тышкары, өлкөбүздүн маданиятынын өнүгүшүнө баа жеткис салым кошкон көрүнүктүү инсандарыбыз: Чыңгыз Айтматов, Абдылас Малдыбаев, Атай Огонбаев ж.б. тууралуу фотокөргөзмө уюштурулган” [203].

Кезектеги маданият күнү “2018-жылдын 26-мартында Пакистанга арналган. "Шанхай кызматташтык уюму — биздин жалпы үйүбүз" долбоорунун алкагында өткөн камералык музыканын кезектеги кечесинде Пакистан Ислам Республикасынын Лахор шаарынан келген жаш пианист-виртуоздор Шахбаз Абдулла жана Харун Шад жандуу музыка тартуулашкан”. Музыкалык кеченин алкагында Пакистандын бай маданиятын даңазалаган сүрөт жана көркөм кол өнөрчүлүк буюмдарынын көргөзмөсү болгон” [232].

2018-жылдын 23-апрелинде аталган долбоордун жетинчи концерти казак элинин маданиятына арналып, музыкалык кеченин алкагында Астана шаарынын 20 жылдыгына арналган фотокөргөзмө уюштурулган. Кеченин коноктору дүйнөнүн эң жаш борбору - Казакстандын борбору Астананын калыптануу жана дүркүрөп өнүгүү тарыхы менен таанышууга мүмкүнчүлүк алышкан [246].

"Сыйкырдуу тогуз нотанын"  сегизинчи жыйынтыктоочу концерти 2018 - жылдын 14-майында жаш таланттуу сүрөтчү жана ишкер Никель Сардананын аткаруусундагы индиялык фильмдердин музыкалары тартууланган. Музыкалык кечении алкагында Кытайдагы Индия элчилиги республиканын бай маданияты жана архитектурасына арналган сүрөттөрдүн көргөзмөсү уюштурулган.

Аталган уюмдун түзүлгөндүгүнүн 17 жылдыгына арналган "Сыйкырдуу тогуз нота"  аталышындагы музыкалык кечелердин гала-концерти  2018 – жылдын 26-июнунда уюмдун сегиз өлкөсүнөн сегиз музыканты менен биргеликте уюштурулуп, жаш пианисттер кезектешип классикалык жана заманбап чыгармаларды аткарышкан [197]. Алардын музыкалык чыгармачылыгы тынчтыкты, достукту жана кызматташтыкты бекемдөөгө, ааламдашуу доорунда адамзаттын жетишкендиктерин урматтоого жалындуу чакырык болду деп айтсак болот.

Мындан тышкары, маданий багытта өзгөчө белгилей кетүүчү маселе, 2019-жылы 13-14-июнда Бишкекте өткөн  уюмга мүчө өлкөлөрдүн мамлекет башчылар кеңешинин катардагы отурумунда  Кыргыз Республикасынын президенти С. Жээнбеков бир катар сунуштарды киргизген. «Түрк дүйнөсүндөгү стратегиялык изилдөөлөр борборунун  [165] маалыматы боюнча, «С. Жээнбеков маданий-гуманитардык багыттагы кызматташууну өнүктүрүү максатында «ШКУ жана Жибек Жолундагы мамлекеттеринин маданий-интеграциялык борбору (МИБ)» деп аталган коомдук фондду түзүү демилгесин көтөргөн» [324]. Мүчө мамлекеттер Кыргыз Республикасы тарабынан сунушталган долбоорду колдоп, мамлекет башчыларынын кеңешинин жыйынын расмий декларациясына киргизишкен [4]. Аталган коомдук фонддун туруктуу кеңсеси Бишкекте жайгашкан [257]. МИБдин биринчи долбоорлору катары «"Жибек Жолунун маданий алкагынын эл аралык кербени" жана "ШКУ жана Жибек Жолунун өлкөлөрүнүн эл аралык спорттук оюндары" аныкталган. Долбоорлорду учурдагы «Ысык-Көл спорттук оюндарынын» форматында жана масштабын кеңейтүү менен ШКУ  жана Жибек Жолунун өлкөлөрүнүн эң ири

спорттук иш-чараларынын бирине айландыруу жолу менен ишке ашыруу сунушталган» [265]. Ал эми «Ысык-Көл спорттук оюндарын» өткөрүүнү 2005-ж. 19-20-декабрындагы Пекиндеги уюмдун маданий алакалар боюнча эксперттик топтун биринчи кеңешмесинин жүрүшүндө кыргыз тарап көтөрүп чыккан. Бирок, уюмдун Өзбекстандан башка бардык мүчө-мамлекеттери колдоосун көрсөтүшкөн. Уюмдун эгидасы жана маалыматтык колдоосу астында Ысык Көл оюндарын өткөрүүгө өзүнүн принципиалдуу макулдугун өзбек тарап 2006-ж. 31-августунда гана берген. Ошентип, жалпы мүчө мамлекеттердин колдоосуна алынган спорт оюндары 2007-ж. Бишкек шаарында уюмдун мүчө мамлекеттеринин мамлекет башчыларынын саммитинин алкагында Кыргыз Республикасынын жетекчилигинин көзөмөлүндө Ысык-Көлдө өткөрүлгөн [48].

Маданий-интеграциялык борборду түзүү Кыргызстан үчүн маданий кызматташтыкты кеңири масштабда жайылтууга жана ШКУнун мүчө өлкөлөрүнүн элдеринин жакындашуусуна, ошондой эле маданияттар аралык коммуникация үчүн туруктуу иштөөчү аянтчаларды уюштуруу менен дүйнөлүк маданияттар аралык кызматташтыктын миссиясын принципиалдуу жаңы деңгээлге көтөрүүгө багытталган.

Мындай жогорку деңгээлдеги долбоорлорду ишке ашыруу Кыргыз Республикасына ШКУнун жана Жибек жолу өлкөлөрүнүн маданий интеграциясынын масштабдуу эл аралык демилгелеринин борбору болууга мүмкүндүк берет.

Азыркы коомдо массалык маалымат каражаттары (ММК) коомдук пикирди жана калыптандырууда өтө маанилүү ролду ойнойт. Ошону менен катар, уюмдун алкагындагы ар тараптуу байланыштарды туруктуу чагылдырып келген ММК да маданий багыттагы кызматташууда салымы зор. Аталган уюмдун алкагында маданий алакаларды өнүктүрүү ММКнын ишмердүүлүгүнөн ажырагыс болуп саналат. Анткени, ШКУнун дүйнөдөгү ролу жана таасири тынымсыз өсүүдө. Уюм тууралуу бүткүл дүйнөлүк коомчулук

үчүн уюмдун өлкөлөрүнүн ММКлары гана эмес, дүйнө жүзү маалымдайт. Бирок, уюмга тиешелүү гана маалымат каражаттар менен аналитикалык борборлору өз окурмандары жана угармандарына окуяларга салмактуу талдоо жүргүзүүнүн натыйжасында так маалыматты жеткире алат.

ММК уюмдун мамлекеттеринин ортосундагы өз ара кызматташууну күчөтүүдө, алардын биримдигин жана биргелешкен аракеттерин консолидациялоодо негизги ролду ойнойт. 2003-жылдын биринчи жарым жылдыгында Кыргызстандын алдыңкы ММКларынын журналисттеринин Кытайга болгон сапары эки тараптуу маданий-гуманитардык байланыштарды чыңдоодо маанилүү роль ойноду. Ал 2003-жылдын мартында КР ТИМнин жетекчилиги астында өткөн [49]. Мындай шартта ММКнын милдети – маданий багыттагы кызматташтыкты өнүктүрүүгө дем берүү, ар түрдүү элдердин жакындашуусу үчүн кызматташтыкты кеңейтүүгө көмөктөшүү болуп эсептелет.

Уюмдун аталган тармактагы кызматташуусуна кыргыз өкмөтүнүн да салымы бар. 2007-ж. уюмдун кезектеги саммиттине даярданууда кыргыз улуттук “Кабар” агенттиги тарабынан ШКУнун расмий интернет-сайты түзүлгөн. Бул тууралуу маалыматты Кыргыз Республикасынын финансы министринин орун басары К. Асангуловдун [54] Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын башчысы М. Ч. Садыркуловго жазган катынан билсек болот.

Ошол эле Кыргызстандын ММКтарынын уюмдун маданий-гуманитардык тармагынын өнүгүшүнө кошкон салымына 2007-ж. Бишкекте өткөн уюмдун мүчө мамлекеттеринин мамлекет башчыларынын VII отуруму жөнүндөгү КРнын Президентинин пресс-кызматынын отчету далил болуп бере алат [53]. *(№ 6 тиркемеден толук маалымат менен тааныша аласыз).*

Ошондой эле, 2007-ж. август айында Бишкекте өткөн уюмдун саммитинин ачылышына карата аталган уюмдун ишмердүүлүгүү тууралуу орус жана кытай тилдериндеги алгачкы маалыматтык “Планета Шелковый путь”

гезитинин жарыялануусу даярдалган. Гезит Э. Өкүмалиев баш болгон кыргыз журналисттери жана КЭРдин жараны, белгилүү профессор Макелек Омурбай тарабынан даярдалган [58]. Бирок, акча каражатынын жетишсиздигинен аталган гезит жарыкка чыкпай калган. *(Гезит тууралуу маалымат менен № 5 тиркемеден таанышa аласыз).*

Ал эми, уюмдун алкагындагы ММКнын эки тараптуу кызматташтыктарын карай турган болсок, тарыхчы, окумуштуулар Ж. О. Омурова менен Шаршенбек кызы Айперинин [126, 100-б.] эмгегинде: “2015-ж. тарта Бишкекте Кытай Эл Республикасынын каржылоосу менен кыргыз, орус жана кытай тилинде “Жибек Жолу маданий өнүгүүсү” гезити басылып келет. Гезит кытай-кыргыз достугунун символу катары бааланып, Кытай менен Кыргызстандын ортосундагы экономикалык жана гуманитардык өз ара кызматташуу үчүн маанилүү жаңылыктар платформасын түзөт. Бул гезит акысыз таратылып, ар жума сайын Кытайдын каржылык колдоосу менен кыргыз, орус тилдеринде жыйырма миң жана кытай тилинде төрт миң нуска менен чыгат” – деп көрсөтүлгөн. Мамлекеттик жана расмий тилдердеги нускалары почта системасы аркылуу бүткүл Кыргызстанга таркатылат. Ал эми гезиттин кытай тилиндеги нускасы Кытай-Кыргызстан каттамындагы учактарда, Конфуций институттарында [3], Кыргызстандагы Кытай ресторандарында жана мейманканаларында таратылып келет.

Гезит өлкөбүздө Кыргыз-Кытай мамилесин өнүктүрүү максатында ар кандай иш-чараларды өткөрүп келет. Мисалы, “2022-ж. 28-октябрь күнү эксперттик демилгелер борбору "Ой Ордо" менен биргеликте “Кыргызстан менен Кытайдын эки тараптуу мамилелеринин абалын баалоо көйгөйлөр жана өнүгүү перспективалары” деген темада тегерек стол өткөргөн” [289]. Иш-чаранын алкагында Кыргызстандын алдыңкы эксперттери жана саясат таануучулары азыркы геосаясий кырдаалда эки тараптуу кызматташуунун

---

3 Конфуций институттары- КЭР Билим берүү министрлигинин чет өлкөлүк окуу жайлары менен биргеликте кытай тилин чет өлкөлөрдө жайылтуу боюнча мамлекеттик канцелярия тарабынан түзүлгөн кытай тилин жана маданиятын изилдөө мекемелери.

өзгөчөлүктөрү, Кыргыз Темир жолунун келечеги, азыркы дүйнөлүк саясатта ММКнын жана ШКУнун ролу сыяктуу жана башка маанилүү маселелерди талкуулашкан.

2019-ж. 24-26-май күндөрү Кыргызстандын уюмга төрагалыгынын алкагында Бишкекте "ШКУ өнүктүрүүдө жалпыга маалымдоо каражаттарынын ролу" деп аталган темада медиа форум өткөрүлгөн. Форум 100дөн ашык ММКнын жана 12 өлкөнүн профилдик мамлекеттик органдарынын өкүлдөрүнүн катышуусунда өттү. Иш чаранын жүрүшүндө ММКларды өнүктүрүүнүн заманбап багыттары, медиа менен мамлекеттин ортосундагы өз ара кызматташуусу, уюмдун өлкөлөрүнүн ММК ортосундагы алакаларды активдештирүү маселелери, ошондой эле уюмдун алкагында жалпы маалыматтык мейкиндикти түзүү мүмкүнчүлүктөрү боюнча пикир алмашуулар болгон. Форумдун жыйынтыгында ШКУнун борбордук интернет порталынын [185] маалыматына ылайык, “Медиафорумдун резолюциясы” кабыл алынган. Резолюцияда [25]: «Маалыматтарды кеңири жайылтуу үчүн жагымдуу шарттар, уюмдун өлкөлөрүнүн редакцияларынын ортосундагы өз ара пайдалуу кызматташтыгы, кесиптик тажрыйба алмашуу, ММК жаатында жолугушуулар, семинарларды жана конференцияларды өткөрүү, теле жана радиопрограммаларды трансляциялоодо өз ара көмөктөшүүнү, корпункттардын ишин, кадрларды даярдоо ж. б.” камтылган. Аталган иш-чара журналисттердин түздөн-түз байланышы жана кесиптик тажрыйба алмашуу, ШКУнун алкагында ММК тармагында сунуштарды иштеп чыгуу үчүн өзгөчө маанилүү болду.

2019-жылы башталган Covid -19 пандемиясы уюмдун ишмердүүлүгүн чектегени менен интернет технологиясынын жардамы менен ал онлайн режимине өтүп, ММК аркылуу ар кандай телекөрүүлөр бериле баштаган. Ш. Даньдандын [95, с.99-100] изилдөөсүнө ылайык, “2020-жылдын май айында Ташкентте "Түстүү дүйнө" аттуу балдардын онлайн сүрөт көргөзмөсү болуп, анда Шанхай кызматташтык уюмунун өлкөлөрүнүн тарыхы жана маданияты,

алардын коңшулук мамилелери тууралуу 100гө жакын балдардын сүрөттөрү коюлган”.

Кезектеги ММКга байланыштуу форумдар: 2022-ж. 29-июлда Кытайдын Циндао шаарында "ШКУнун жаңы көз карашын пландоо" [309] жана 2023-ж 28-июлунда “ШКУнун тыгыз коомчулугун курууга көмөктөшүү" деген аталышта өткөрүлгөн [337].

2022-ж. форумга Кыргызстандан келген "Кутбилим" гезитинин аналитикалык баяндамачысы Кубанычбек Таабалдиев докладында маалыматтык борборду түзүүнүн маанилүүлүгүн жана аны уюмдун мамлекеттери тарабынан ар тараптуу колдоого мезгил жеткени белгиленген. Ошондой эле, уюмдун маалыматтык борборунун жардамы менен гана уюмдун өлкөлөрүнүн калкы уюмдун ишмердүүлүгү жөнүндө маалыматтарды өз убагында жана үзгүлтүксүз алышары көрсөтүлгөн [309].

Ошол менен бирге, акыркы жылдары Кытай менен Кыргызстандын ММК тармагында байланыштар байма-бай, өзгүлтүксүз жүргүзүлүүдө. “Кыргызстандын улуттук жана мамлекеттик телеканалдары Кытай тууралуу берүүлөрдү көрсөтүп келүүдө. Алсак, Кытай өкмөтүнүн экономикасынын өнүгүшү, жетишкендиктери жана маданиятынын өзгөчөлүктөрү тууралуу “Жүңгөгө сапар” телекөрсөтүүсүн” [343] айтсак болот. “Бул программа Кытай элчилигинин каржылык колдоосу менен ачылган” – деп жазган кыргыз жана орус тарыхчылары, окумуштуулары Ж. Омурова, Ю. Лысенко жана А. Кылычевдин [124, с.228] биргелешип жазган эмгегинде. “Аталган программа 2017-ж. январь айынан тартып бүгүнкү күнгө чейин көрсөтүлүп келүүдө” [154,с.101]. Ошондой эле, “орус тилиндеги «Жэньмин Жибао» аталышындагы маалыматтык сайты жана гезити Кытай маданиятын чагылдырууда” – деп белгилейт Б. Султанова [154, с.48]. Мындан тышкары Д. Бердаков [176] менен Ж. О. Омурованын ”[127, с.9] изилдөөлөрүнө таянсак, “«CCTV Русский» деп аталган орус тилинде чагылдырылган Кытай эл аралык телеканалы Кытайдын экономикасы жана маданияты тууралуу маалыматтарды жеткирүүдө”.

Жогоруда аталган телеберүүлөрдө Кытай Эл Республикасынын экономикалык жана маданий жетишкендиктерин жөн гана чагылдырбастан аларга болгон саясат менен мамилени жакшыртууну да ишке ашырышууда.

Ал эми, маданий алакалардын кийинки тармагы *спорт* багытындагы кызматташуу саналат. “Спорт чөйрөсүндөгү алгачкы долбоор 2016-жылы башталган” [256]. Бүгүнкү күндө жаңы жана кызыктуу өзгөчөлүктөргө ээ болуп, уюмдун калкын гана эмес, дүйнө жүзүндөгү спорт сүйүүчүлөрдүн кызыгуусун арттырган “Шанхай кызматташтык уюмунун марафону” [256] саналат.  Долбоор алгачкы ирет 2016-жылдын 17-декабрында Кытайдын Куньмин шаарында уюштурулуп, ага дүйнөнүн бардык континенттеринен 15 600 спортчу катышкан. Аталган марафондо ар кандай аралыкта чуркоолор каралып,  катышуучу балдардын, улгайган адамдардын, мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын катышуусу үчүн атайын шарттар түзүлгөн. Долбоорду ишке ашырууга миңдеген ыктыярчы, коопсуздук жана укук коргоо органдарынын өкүлдөрү, ошондой эле ондогон медицина кызматкерлери тартылган. Спорттук мелдешти CCTV5 каналы түз алып көрсөткөн. Аталган марафон атайын мелдештин катышуучулары жана күйөрмандары үчүн маданий оюн-зоок программасы менен коштолгон[170]. Долбоордун максаты-гуманитардык принциптердин, анын ичинде элдердин ортосундагы тынчтыкты, достукту, маданияттар аралык баарлашууну камсыз кылуу болуп эсептелинет. Ошол менен бирге, цивилизациялардын жакындашуусун жана өз ара байышын, "Шанхай кызмтташтык уюмунун үй-бүлөсүнүн" өлкөлөрүнүн руханий биримдигин бекемдөөгө чоң салым кошот деп айтсак жаңылышпайбыз.

2017-жылдын 31-декабрында Куньмин шаарында (Юньнань провинциясы, КЭР) "Ынтымактуу! Жакындашуу!” деп аталган ураандар менен уюмдун экинчи эл аралык марафону болуп өткөн[235]. Марафонго дүйнөнүн 27 өлкөсүнөн келген  14 300 чуркоочу "Шанхай рухунун" алдында биригип, келе жаткан 2018- жаңы жылды "түбөлүк жаз шаарынын" чуркоо жолдорунан тосуп алышкан.

Үчүнчү эл аралык марафондун мелдештери 2018-жылдын 2-декабрында Дянчи шаардык көлүнүн жээгинде өткөн [331]. Бул уюмдун тарыхындагы эң өкүлчүлүктүү жана ири спорттук мелдеш болуп калган. Мелдешке катышуу үчүн 41626 адам арыз берген. Дыкат тандоонун жыйынтыгы боюнча дүйнөнүн 51 өлкөсүнөн 20002 спортчу катышкан.

2019-жылдын 1-декабрь күнү ШКУнун төртүнчү марафону болуп, “Куньмин марафонуна” 33 өлкөдөн 19927 адам катышкан [334]. Covid-19га байланыштуу үзгүлтүккө учураган марафонду 2022-жылдын 14-майында кайрадан жанданып, “Run the Silk Road” аталышында бир эле учурда Кыргызстанда жана Өзбекстанда уюштурулган [244], [207]. Ал эми 2023-жылдын эсебинен болуп өтчү марафон 2023-ж. 14-майында Кыргызстандын кереметி болуп саналган Ысык-Көл жергесинде[166] жана 31-декабрда Кытайдын Куньминь шаарында болуп өткөн[186].

“Ар жыл сайын өткөрүлүп келген ШКУнун марафону уюмга кирген мүчө мамлекеттердин башчыларынын кеңешинин жыйындарынын декларациясында тынчтыкты камсыз кылуу менен элдердин маданиятын бириктирүү, биргелешкен өнүгүүгө өбөлгө түзүүчү инструмент катары белгиленген. Декларацияда мындай иш-чараларды туруктуу негизде өткөрүү мүчө мамлекеттердин элдеринин ортосундагы достук менен өз ара түшүнүшүүнү тереңдетүүгө салым кошот” [272].

Кезектеги марафон 2024-жылдын 4-майында Чолпон-Ата шаарында өткөрүлдү. Салтка айланган уюмдун эл аралык Ысык-Көл марафону - "Run the Silk Road — 2024" Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги, Кыргызстандын жеңил атлетика федерациясы жана эл аралык марафондун дирекциясы тарабынан уюштурулган [271]. Бул иш-чарага дүйнө жүзүнөн миңдеген спорт сүйүүчүлөрүнүн катышуусунда өткөн. Аталган долбоордун үзгүлтүксүз уланып келиши сергек жашоого, уюмга мүчө мамлекеттердин элдеринин ортосундагы достукту жана кызматташтыкты чыңдоого өбөлгө түзүүчү салттуу иш-чара болуп калды.

Маданият багытындагы маанилүү болгон агрардык секторду өнүктүрүү, экологиялык жактан таза айыл чарба продукциясын өндүрүү жана кайра иштетүү демилгесин ишке ашыруу үчүн уюмдун алкагында экологиялык чөйрөдөгү кызматташтыкты бекемдөө зарыл экендиги жалпыбызга маалым. “Кыргызстан экономика, транспорт, байланыш тармактары менен тең катар экология тармагындагы долбоорлорду ишке ашырууга өзгөчө кызыкдар” – деп жазган окумуштуу, саясат таануучу Н. М. Омаров [72, с.122]. Айтылгандай эле, экология багыты уюмдун ишмердүүлүгүнүн маанилүү багыттарынын бири болуп саналат. Алсак, 2006-ж. кабыл алынган “ШКУнун мүчө-мамлекеттеринин узак мөөнөттүү коңшулук, достук жана кызматташтык жөнүндөгү конвенциясынын” [39] 19-беренеси жана 2007-ж. кабыл алынган “ШКУнун мүчө-мамлекеттеринин узак мөөнөттүү коңшулук, достук жана кызматташтык жөнүндөгү келишиминин” [38] 17-беренеси. Аталган конвенция менен келишимде тараптар курчап турган чөйрөнү коргоо, экологиялык коопсуздукту камсыздоо, жаратылышты сарамжалдуу пайдалануу тууралуу жазылган. Ошол менен бирге, аталган чөйрөдө атайын программа менен долбоорлорду иштеп чыгуу жана ишке ашыруу боюнча чараларды көрүүнүн зарылдыгы белгиленген.

“2004-жылдагы мүчө мамлекеттердин БАдагы курчап турган чөйрөнү коргоо, суу-энергетикалык ресурстарды сарамжалдуу пайдалануу, жерлердин чөлгө айланышынын алдын алуу багыттарында кызматташууну өнүктүрүү боюнча макулдашуу” тууралуу орус окумуштуусу Ю. С. Зелениналын [99, с.173] эмгегинде белгилеген.

Ошондой эле, экология багытында 2014-жылы “Уюмдун курчап турган чөйрөнү коргоо багытындагы кызматташуу” борбору түзүлгөн. 2018-жылы уюмдун өлкөлөрүнө экологиялык инновацияларды жайылтуу, алдыңкы тажрыйбалар менен бөлүшүү үчүн “Экология жаатындагы маалымат менен алмашуучу платформа” түзүлгөн. Өзбекстандын президентине караштуу изилдөө институтунун интернет баракчасындагы [238] маалыматтарына

таянсак, “аталган платформанын орус, англис жана кытай тилдеринде сайты ишке киргизилип аны өнүктүрүү боюнча эксперттердин семинарлары үзгүлтүксүз өткөрүлүп турат”. Ал эми 2019-жылы “Айлана-чөйрөнүн булганышын алдын алууга, климаттын өзгөрүүсүнүн кесепеттерин адаптациялоого, жумшартууга, мегаполистердин экологиялык коопсуздуктун алдын алуунун, уюмдун мамлекеттеринин экологиялык бакубаттуулугун өнүктүрүүнүн программасы” кабыл алынган [201].

“Экологияны коргоо” боюнча маселелер уюмдун алкагындагы коопсуздук жана туруктуу өнүктүрүү маселелери менен түздөн-түз байланышта. Уюмдун бардык жыйынтыктоочу документтерине киргизиле баштаганын белгилей кетүү керек. Мисалы, 2021-ж. Душанбе шаарында болуп өткөн мамлекет башчыларынын саммитинде кабыл алынган декларацияда айлана-чөйрөнү коргоо, экологиялык коопсуздук, климаттын өзгөрүүсүнүн терс кесепеттерин алдын алуу, биологиялык ар түрдүүлүктү сактоо жана пайдалануу, белгиленген[16].

Кыргызстан жалпы эле уюмдун мүчө мамлекеттери менен биргеликте уюмдун алкагында экология жаатындагы алакаларды өнүктүрүүнү көздөөдө. Максатка жетүү үчүн ШКУ алдыга бир катар иштерди пландаштырууда. Пландалган иш-чараларды М. С. Ефремова [98, с.116] эмгегинде 8 пункт менен көрсөткөн. *(№3.2. таблицаны караңыз)*

**Иш-чаралар. Таблица 3.2.**

| **№** | **Аталышы** |
|---|---|
| 1 | Экологияны коргоо жаатында кызматташуу жөнүндөгү макулдашууну иштеп чыгуу |
| 2 | Экология багытындагы иш-чаралар аткаруучу жумушчу топту түзүү |
| 3 | Экологиялык өнүктүрүү институтун түзүү |
| 4 | Жашыл алкак программасын түзүү жана иштеп чыгуу |
| 5 | Маалымат алмашуунун аянтчасын жана Экологиялык |

| | |
|---|---|
| | инновациялардын базасын түзүү |
| 6 | Мүчө өлкөлөрдүн экологиялык көйгөйлөрүнүн тизмесин каттоо |
| 7 | ШКУнун экосистемалык санариптик картасын иштеп чыгуу |
| 8 | Экологиялык туризмди өнүктүрүү |

Ошону менен катар, ШКУнун банктар аралык бирикмесинин жетекчилиги астында банктар тобу түзүлүп, алардан түшкөн каражаттарды экологиялык маселелерди чечүү үчүн пландаштырылган. Мүчө мамлекеттер айлана-чөйрөнү коргоо жана экологиялык таза технологияларды киргизүү багытында биргелешкен долбоорлорду жана программаларды ишке ашырууну ниеттенүүдө.

Жогорудагы аталган планды кыргыз өкмөтү уюмдун мүчө мамлекеттери менен биргеликте ишке ашыра баштады. "Экологиялык таза" коомдук транспортту киргизүү[183], Өзбекстандын "Эко жүргүнчүлөрдү ташуу" компаниясынын 350 даана автобусу[177], "Жашыл шаарлар 2" программасы боюнча Кытайдан келген 1000 автобус[251] - жалпы жолунан 1350 даана автобус, 100 даана эко такси сатылып алынды, атмосфералык абанын булганышына байкоо жүргүзүүчү 7 тосмо[341] жана 50 өлчөгүч[250] жаңыланды. Бишкектин 27 жаңы конушунан 4501 абонент газдаштырылды [219] ж.б. иштери жүргүзүлүүдө.

Ошондой эле, 2024-ж. Астанада өткөн саммиттин [312] алкагында бир катар экология тармагындагы маселелер талкууланып, келишимдер кабыл алынган. Анын ичинде “ШКУнун мүчө мамлекеттеринин өкмөттөрүнүн ортосундагы Айлана-чөйрөнү коргоо тармагындагы келишими” [33]. Саммиттин жыйынтыгында “2024-жыл - ШКУнун экология жылы” деп жарыяланып, өзгөчө жаратылышты коргоо жана экологиялык туризм багытын өнүктүрүүдө өз ара кызматташууга тиешелүү ондогон маанилүү документтер иштелип чыккан.

Ал эми Кыргызстандын өлкө башчысы С. Н. Жапаров жыйындын

учурунда “энергияны үнөмдөө жана гидроэнергетикага байланыштуу долбоорлорду алдыга жылдырууга” чакырды. Экологиялык маселелерге көңүл бурууну, биринчи орунга коюуну сунуштады. Анткени, Тянь-Шандагы мөңгүлөрдүн эриши суу ресурстарынын кыскарышына коркунуч туударарын жана бул процесстин айыл чарбасынын абалына терс таасирин тийгизип, азык-түлүк коопсуздугу маселесинин келип чыгуу мүмкүндүгүн көрсөтөт [263].

Демек, Кыргызстан ШКУнун мүчө мамлекеттери менен экологиялык багытта кыйла активдүү иштерди келечекте ишке ашырат деген ишенимдебиз. Себеби, уюмдун негизги мүчөлөрүнүн бири болгон Кытайда "жашыл" инфраструктура**,** "жашыл" энергетика жана "жашыл" транспорт чөйрөлөрүндө кызматташууну активдештирүүнү, фотоэлектрдик тармактардын диалог аянтчасын жана жашыл аз көмүртектүү өнүгүү боюнча эксперттик тармакты түзүүнү пландап жатат. Ошондой эле, 2030-жылга карата 10 миң адамга эсептелген "жашыл" инвестициялардын принциптерин ишке ашыруунун алкагында өнөктөш өлкөлөрдүн адистерин даярдоо курсу уюштурула башталган [6].

Ал эми **туризм** тармагындагы кызматташтык билим берүү, илим жана башка тармактарындагы кызматташтыкка салыштырмалуу кийинчерээк башталган. Бул багыттагы кызматташууну кеңейтүүнү алгач Кытайдын премьер-министри Вэнь Цзябао 2005-жылдын октябрында Москвада өткөн мүчө мамлекеттердин өкмөт башчыларынын жыйынында демилгелеген. Вэнь Цзябаонун [129, с.133] айтымында: “Туризм тармагындагы кызматташтыктын маанилүүлүгү үчүн "Жибек Жолу" концепциясы негиз боло алат”. Бирок аталган багыттагы мүчө мамлекеттердин биринчи отурумдары [110, с.33], кызматташуунун программалары [24], пландары 2015-2016-жж. гана кабыл алынып, бүгүнкү күндө эки тараптуу жана көп тараптуу кызматташуулар ишке ашып келет.

Аталган багыттагы алака мүчө өлкөлөрдүн калкынын ортосундагы байланышты жайылтууга жана маданий индустриясын өнүктүрүүгө жардам

берет. Бул багыттагы байланыштардын мүнөздөмөлөрүнө ылайык, туризм чөйрөсүндөгү кызматташууну эки этапка бөлүп кароого болот:

1. 2001–2013-ж.ж. – «Жаралуу этабы»;

2. 2014-жылдан бүгүнкү күнгө чейин – «Тездетүү этабы».

"Жаралуу этабында" туризм багыты маданий кызматташтыктын бир тармагы катары кабыл алынган. Бул этапта туризм тармагындагы мамилелер негизинен эки тараптуу форматта болгон. (*Мүчө мамлекеттердин туризм багытындагы департаменттеридин жолугушуулары, кабыл алынган келишимдери боюнча толук маалымат № 3 тиркемеде берилген).*

Туризм алкагындагы мамилелердин экинчи этабын - «тездетүү жана тереңдетүү этабы» деп атасак болот. Себеби, бул этапта туризм тармагындагы документтер кабыл алына баштаган. Кытай окумуштуусу Лю Сянцяндын [110, С.34] эмгегинде: «Мүчө мамлекеттердин туризм тармактарынын жетекчилеринин алгачкы жолугушуусу 2015-жылдын мартында Москвада болуп өткөн. Бул келечектеги аталган багыттагы көп тараптуу жана эки тараптуу кызматташуунун багыты» - деп жазат. Лю Сянцянь белгилегендей эле, аталган жолугушуу туризм тармагындагы кызматташуунун алгачкы кадамы болуп саналат. Анткени, бир жылдан кийин, тактап айтканда, 2016-жылдын 24-июнунда Өзбекстандын баш калаасы Ташкент шаарында болуп өткөн саммитте "Мүчө мамлекеттердин туризм тармагындагы кызматташтыгын өнүктүрүү боюнча программасы" [24] кабыл алынган. Ал Аталган программа туризм чөйрөсүндөгү кызматташуулардагы алгачкы документ болуп саналат**.**

Ал эми, II этапты – “Суроо-талаптын тынымсыз өсүү мезгили» деп да айтууга болот. Ага далил катары, ШКУнун электрондук баракчасындагы туризм тармагындагы кызматташуу тууралуу маалыматтарды алууга болот. Анда, «туризм жаатында жолугушуулар үзгүлтүксүз уюштурулуп, иш-чаралардын пландары бекитилип турган” [346]. *(Иш-чаралардын пландары* та*блица 3.3. дө көрсөтүлгөн*)

**Иш-чаралардын пландары. Таблица 3.3.**

| № | Аталышы | Жылы, жери |
|---|---|---|
| 1. | 2017-ж. жана 2018-жылдарга карата уюмдун туризм чөйрөсүндөгү кызматташтыкты өнүктүрүү программасы | 09.06.2017., Казакстан |
| 2. | 2019 жана 2020-жылдарга карата иш-аракеттер планы [241]. | 09.06.2018., Кытай Эл Республикасы |
| 3. | 2021-2022-жылдарга карата иш-аракеттер планы [311]. | 23.05.2020., Орусия |

Уюмдун жогорудагы аталган пландары жана программалары менен чогуу жетишкендиктерин да белгилей кетүү керек. Чжао Чжэнь [143, с.227] белгилегендей: «ШКУ Бириккен Улуттар Уюму менен билим берүү, илим жана маданият уюму менен кызматташуу боюнча келишимдерге кол коюшкан. Мындан тышкары, тарыхый жерлерди коргоо жана маданий эстеликтерди калыбына келтирүү боюнча илимий изилдөөлөрдү жүргүзө баштаган».

Мүчө мамлекеттер учурда маданий мурастарды коргоого жана маданий ресурстарды өнүктүрүүгө көбүрөөк көңүл бурушууда. Мисалы, Д. Д. Иманкуловдун [103, с. 31] эмгегинде: «2014-жылы Кытай, Казакстан жана Кыргызстан биргелешип жарыялаган "Жибек Жолу: Чанъантяньшань автожол тармагы" аталышындагы долбоор дүйнөлүк маданий мурас тизмесине киргизилген» - деп берилген. Бул тарыхый мурастарды сактоо жана колдонуу боюнча алгачкы ийгиликтүү долбоор болгон. Анткени, Д. Д. Иманкуловдун [103, с.35-36] изилдөөсүндө: «Долбоордун алкагында Кытай, Казакстан жана Кыргызстандын эксперттери маданий мурас тизмесин иштеп чыгуу процессинде үч өлкөнүн объектилери менен таанышуу сапарларын уюштурушкан. Бул сапарлардын жыйынтыгында сериялык номинацияга киргизилген эстеликтерди сактоо, калыбына келтирүү жана коргоо боюнча тажрыйба алмашууну жүргүзүшкөн» -деп көрсөтүлүүдө. "Жибек Жолу: Чаньань – Тянь-Шань коридорунун аралыктар тармагы" трансулуттук сериялык

номинациясынын бирдиктүү досьесин полиграфиялык аткаруу Кытай тарабынан ишке ашырылган. Ал эми Кыргызстан 2013-жылдын январь айында үч өлкөнүн атынан дүйнөлүк мурас борборуна кароо үчүн "Жибек Жолу: Чаньань – Тянь-Шань коридорунун аралыктар тармагы" трансулуттук сериялык номинациясын сунуштаган.

2019-жылы уюмдун катчылыгы "ШКУнун сегиз кереметти" иш-чарасын демилгелеген [96, с.134]. «Аталган демилгенин максаты - мүчө мамлекеттерде бирдиктүү туристтик мейкиндикти түзүү жана дүйнөгө аталган уюмдун өлкөлөрүнүн маданий мурасын, туризмин өнүктүрүүнүн ар түрдүүлүгүн жана потенциалын таанытуу» [120, с.72]. Уюмдун мамлекеттеринин "Сегиз керемети" болуп туризм департаменттери тарабынан бекитилген компетенттүү адистер тарабынан тандалып алынган тарыхый жана маданий тамыры терең, кооз жерлери саналат. Бул пландын негизинде аталган уюмдун сегиз мүчө мамлекеттеринин тарыхын, маданий артыкчылыктарын башкача айтканда "кереметтерин" медиа сүрөттөр аркылуу чагылдырылып көрсөтүлгөн. Бул долбоор биринчиден, «8 мүчө мамлекеттин «Сегиз керемети" чектеш аймактардагы калктын туристтик кызыгуусун арттырса, экинчиден, тарыхый объектилерди коргоо максатында туризм багытындагы кызматташтыкты колдоо болуп саналат” [122, с.64], [120, с. 72].

Аталган багытта кызматташуунун негизинде Ц. Сяофень [153] менен Ф. Толипов [330] изилдөөлөрүндө: “ШКУ - чөлкөмдүк деңгээлде гана эмес эл аралык масштабда да таанила баштады” - деп белгилешкен. Себеби, ШКУ башка уюмдар менен да эл аралык деңгээлде алакаларды түзө баштаган. Мисал катары, “2019-ж. 15-майындагы Кыргызстандагы кеңешмеде уюмдун катчылыгы менен ЮНЕСКОнун ортосунда «Кызматташтык боюнча өз ара түшүнүшүү жөнүндөгү меморандумга» кол коюлган” [319]. Хэ Юэцзэнин [137, с. 17]. көз-карашы боюнча: “Аталган меморандум "Уюмдун сегиз керемети" иш-чараларынын сериясы жана уюмдун маданиятынын жылы Азия-Тынч океан аймагындагы элдердин туристтик ресурстарынын маданий мурасынын эл

аралык көрүнүктүүлүгүн жогорулатат”. Демек, ЮНЕСКО аркылуу 8 мамлекеттин “8 кереметин” дүйнөгө жайылтууга мүмкүнчүлүк алуу менен бирге, уюмдун мүчө мамлекеттеринин туристтик индустриясын өнүктүрүүгө, региондун маданий-тарыхый эстеликтерин сактоого өбөлгө түзөт деп айтсак жаңылышпайбыз.

“Уюмдун мүчө мамлекеттери Улуу Жибек Жолунун айдынында жайгашып, Улуу Жибек Жолу аркылуу тыгыз байланышта экендиги тарыхый чындык. Улуу Жибек Жолунун маданий мурасы бай, улуттук маданияттардын ар түрдүүлүгүн камтыйт, руханий ж.б. байлыгы түгөнгүс» - деп берет изилдөөдө кытай окумуштуулары Ц. Юйцай, Ч. Гупин, Л. Вэйдун [77, с.143]. Башкача айтканда, туризм үчүн ыңгайлуу аймак болуп саналат. Тарыхый, маданий мурастарды сактоодо коңшу жашаган мамлекеттер менен эриш аркак мамиледе болуп, маданиятка этият мамиле кылуу, уюмдун мүчө мамлекеттери менен биргелешип туристтик жумаларды жана айларды уюштуруу аркылуу өлкөбүздүн туризм тармагын өнүктүрүүгө өбөлгө түзүп берээри жалпыбызга маалым.

Ыссык-Көл жээгинде “Азыркы мезгилдеги билим берүү” аталышындагы Казакстандын журналына Д. Кендирбаеванын [261] интервьюсунда: “Он төрт жылдан бери “Ысык-Көл досторду чогултат” эл аралык этно-карнавалы өтүп келет. Карнавалга Беларусь, Индия, Казакстан, Орусия, Өзбекстан жана Кыргызстандан 9-17 жаштагы балдар катышууда. Бул жылдар аралыгында 10 миңге жакын бала этнокарнавалдын катышуучусу болушкан” – деп жазылган. Этно-карнавал маданияттар аралык алакаларды өнүктүрүүгө, мүчө мамлекеттердин маданиятына тиешелүү өзгөчөлүктөрүн сактоого, жана жайылтууга мүмкүнчүлүк берет.

Жалпысынан айтканда, Кыргызстан уюмдун алкагындагы маданий-гуманитардык кызматташууда акыркы мезгилде активдүү ишмердүүлүгүн көрсөтүп келет. Кыргыз Республикасынын ТИМдин электрондук баракчасында [5] көрсөтүлгөн маалымат боюнча, “Кыргыз Республикасынын Президенти

Садыр Жапаровдун 2021-ж. Кытайга болгон иш сапарынын алкагында бир топ келишимдерге кол коюлган. Анын ичинде маданий-гуманитардык багыттагы документтер №3.4. таблицада көрсөтүлгөн.

**Таблица 3.4.**

| № | **Аталышы** |
|---|---|
| 1. | Эки өлкөнүн маданият министрликтеринин ортосундагы 2021-2024-жылдарга карата кызматташуунун программасы |
| 2. | Кыргызстан менен КЭРдин басма сөз мамлекеттик башкармалыгынын ортосундагы классикалык улуттук адабияттын маанилүү чыгармаларын өз ара которуу жана басып чыгаруу жөнүндөгү протоколу. |

Аталган келишимдердин алкагындагы иш-чаралар Кыргызстандын келечектеги ШКУнун алкагындагы маданий-гуманитардык тармактагы ишмердүүлүгүнүн өнүгүүсүнө зор салымын кошот деп айтсак жаңылышпайбыз.

Кыргызстан өз кезегинде уюмдун алкагында маданий тармактагы долбоорлорду демилгелөөдө. Атап айтсак, 2019-жылы өткөн мамлекет башчыларынын саммиттинде өлкө башчыбыз тарабынан демилегеленген «Шанхай кызматташтык уюмунун өлкөлөрүнүн маданий-интеграциялык борбору»[265]. Аталган борбор 2022-жылы ишин баштаган [288].

Борборду түзүү келечекте кеңири масштабдагы маданий кызматташтыкты жайылтуу жана уюмга катышуучу өлкөлөрдүн элдеринин жакындашуусунун илгерилетүү максатында сунушталган. Борбордун биринчи долбоорлору катары "Жибек жолунун маданий алкагынын эл аралык кербени" жана “ШКУнун жана Жибек жолунун өлкөлөрүнүн эл аралык спорт оюндары" кирет. Долбоорлорду учурдагы уюштурулуп келген Ысык-Көл спорттук оюндарынын форматын жана масштабын кеңейтүү менен аларды уюмдун жана Жибек Жолунун өлкөлөрүнүн эң ири спорттук иш-чараларынын бирине айландыруу жолу менен ишке ашыруу сунушталган [265].

Жогорудагы долбоорлорду ишке ашыруу Кыргыз Республикасына ШКУнун өлкөлөрүнүн маданий интеграциясынын масштабдуу эл аралык демилгелеринин борбору болууга мүмкүндүк берет.

Үчүнчү бап боюнча төмөнкүдөй жыйынтык чыгарсак:

- Аталган чөйрөдөгү кызматташуунун башаты уюмдун мүчө мамлекеттеринин маданият министрлеринин жолугушуусунан (2002-ж. 12-апрель, Пекин ш.) башталып, биргелешкен билдирүүлөр кабыл алынып, маданий кызматташтык маселелери боюнча Эксперттик жумушчу топ түзүлгөн (2005-ж., Астана ш.). Уюмдун алкагында чыгармачыл жамааттардын гастролдорун өз ара негизде өткөрүү жана фольклордук ансамблдердин фестивалдарга катышуусу салтка айланып, мүчө мамлекеттердин жакындашуусу, достук мамилелери жана өз ара кызматташтык чыңдалууда**.**

- Жылына «Маданият күндөрү», «Тогуз сыйкырдуу нота», «Сегиз керемет», «ШКунун марафону» сыяктуу жаңы долбоорлор ишке ашырылууда. Аталган долбоорлордун негизинде Кыргызстан уюмдун алкагындагы маданий жааттагы алакаларын гана бекемдебестен, Евразия мейкиндигиндеги мамлекеттерге кыргыз эли өз маданиятын кеңири таратып, ошол менен бирге, өз ара байыта алат деген ойдобуз.

# IV БАП. ШАНХАЙ КЫЗМАТТАШТЫК УЮМУНУН АЛКАГЫНДАГЫ КЫРГЫЗСТАНДЫН МҮЧӨ МАМЛЕКЕТТЕР МЕНЕН ГУМАНИТАРДЫК ИНТЕГРАЦИЯСЫ

## 4.1. Шанхай кызматташтык уюмунун алкагында Кыргызстандын билим берүү, илим жана саламаттыкты сактоо тармагындагы интеграциялык жүрүмдөрү

Эл аралык мамиледе кызматташтыктын маданий багыты менен билим берүү тармагы тыгыз байланышта болуп келет. Башка бир мамлекетте билим алып жатып, ал өлкөнүн маданияты менен таанышпоо мүмкүн эмес. Азыркы учурда эки тараптуу жана көп тараптуу кызматташтыкта билим берүү багытындагы алака алдыңкы позицияны ээлейт. Аталган уюмдун алкагында бул багыт да активдүү өнүгүүдө. «Маданий кызматташтыктагыдай эле эксперттик механизмдер: билим берүү министрлеринин кеңешмелери жана туруктуу иштөөчү эксперттик жумушчу тобу түзүлгөн” [320]. ШКУнун официалдуу интернет баракчасындагы маалыматка ылайык, “билим берүү жаатындагы кызматташуунун негизги максаты – бардык заманбап талаптарга жана уюмга мүчө өлкөлөрдүн суроо-талаптарына жооп берген адистерди даярдоо болуп саналат” [320].

Жалпыбызга маалым болгондой, уюм алгач коопсуздук тармакта ишмерүүлүгүн баштаган [167], кийин Борбордук Азиядагы мамлекеттер аралык кызматташтыкты өнүктүрүү максатында кызматташуунун жаңы түзүмдөрүн активдүү издөөдө аракеттерди жасай баштаган. Бүгүнкү күндө уюмдун ишмердүүлүгүнүн келечектүү багыттарынын бири болуп - жогорку билим берүү тармагы саналат.

2006-ж. КЭРдин Шанхай шаарындагы болуп өткөн саммиттин учурунда «ШКУнун мүчө мамлекеттеринин өкмөттөрүнүн ортосундагы билим берүү багытындагы кызматташуу жөнүндөгү келишим» [30] кабыл алынган. Кабыл

алынган келишимдин натыйжасында уюмдун алкагында билим берүү багытындагы мамилелер өз нугуна түшүп, өнүгө баштаган.

Ал эми, “2007-ж. ноябрь айында уюмга мүчө өлкөлөр тармактык кызматташуусу аркылуу алдыңкы ЖОЖдордун ортосунда бирдиктүү билим берүү мейкиндигин түзүү демилгесин көтөрүшкөн» [26].

Ди Хайдын [144, с.120] көрсөткөн маалыматы боюнча: “Билим берүү министрлеринин алгачкы отуруму 2006-ж. 18-октябрда болгон. Тараптар отурумдун жыйынтыгында 21 беренеден турган “ШКУнун мүчө мамлкеттеринин өкмөттөрүнүн ортосундагы билим берүү тармагындагы кызматтпшуу жөнүндөгү келишимин” [29] кабыл алышкан”. Аталган келишимде: “Мүчө мамлекеттер өз өлкөсүнүн мыйзамдарына ылайык билим берүү багытында кызматташууну ишке ашыруу менен бирге мамлекетиндеги аталган багыттагы жүргүзүлгөн реформалар тууралуу тажрыйба жана маалымат менен алмашышат. Студенттер жана билим берүү мекемелеринин профессордук окутуучулар курамы менен өз ара алмашуулар жүргүзүлөт. ШКУнун өлкөлөрүнүн тилин, тарыхын, маданиятын үйрөнүү. Мүчө мамлекеттер уюмдун өлкөлөрүнүн билим берүү мекемелеринин бүтүргөндүгү тууралуу диплом, алган окумуштуулук даражалары жана наамдары тууралуу документтерди өз ара таанышат” -деп белгиленет [29].

Жогорудагы келишимге чейин билим берүү жаатында эки тараптуу кызматташууну Кыргызстан активдүү ишке ашырып келген. Мисалга алсак, Кыргыз окумуштуусу, профессор А. А. Акунов [85, с.42] изилдөөсүндө: “2002-ж. Кыргызстан менен Кытайдын ортосундагы билим деңгээли жана окумуштуулук даражалары жөнүндөгү келишимдердин эки тараптуу таанылышы тууралуу макулдашууларгага кол коюлуп, натыйжада алыскы чет өлкөлөрдүн ичинен Кытай биз менен мындай макулдашууга барган биринчи өлкө болгон» - деп жазат.

Ал эми эки өлкөнүн ортосундагы келишимдер тууралуу белгилүү саясат таануучу, окумуштуу Н. М. Омаровдун [73, с.242], [72, с.177] эмгектеринде да

көрсөтүлгөн: «КЭРдин Мамлекеттик кеңешинин Премьери Вэнь Цзябаонун 2004-ж. 21-22-сентябрында Кыргызстанга келген расмий сапарынын натыйжасында бир катар маанилүү келишимдер кабыл алынган. Анын ичинде саясий, экономикалык, маданий-гуманитардык тармактардагы кызматташтыкты камтыган КРсы менен КЭРдин ортосундагы 2004-2014-жылдарга карата түзүлгөн кызматташуунун программасы саналат».

Эки өлкөнүн ортосундагы келишимдердин негизинде бир топ иш-чаралар ишке аша баштаган. "Кытай Борбордук Азия өлкөлөрүндө кытай тилин үйрөнүү программасы боюнча борборлорду жана Кытайдын Түндүк – Батыш университетинде окутуучуларды даярдоо боюнча программасын түзгөн" [84, с. 86].

"2002-ж. сентябрь айында Борбордук Азия өлкөлөрүнөн алгачкы болуп ачылган Кыргызстандын К. Карасаев атындагы БМУдагы кытай тилин үйрөөтүүчү борборду айтсак болот. Ал эми, 2004-ж. ушул ЖОЖдо кыргыз-кытай факультети ачылган" [45]. Ошондой эле, 2006-ж. кийин мүчө өлкөлөрдөн келип Кытайда билим алып жаткан студент, магистранттарга стипендиялык квоталарды бөлүп бере баштаган. Мисалы, "2006-ж. Кыргызстандын 20 студенти үчүн Кытай өкмөтү стипендиясын бөлүп берген" [45]. Ал эми "Россия 2003-ж. Кыргызстандан барган 50 студентке жана кошумча 20 кишиге Россиянын ЖОЖдорунда билим алууга жана стажировка өтүүгө квота бөлүп берсе" [47], "2006-ж. 80 студентке жана 15 аспирантка бюджеттик бөлүмдө билим алуу үчүн жылдык квота бөлүнгөн" [46].

"Ал эми уюмдун түйүндүк университетинин алкагында Россиянын өкмөтү тарабынан бөлүнгөн бюджеттик квоталардын саны уюмдун түзүлүп, ишке кириши менен өсө баштаган. "РФнын билим берүү министрлигинин берген маалыматы боюнча 2018 -ж. Россиянын ЖОЖдорунан Кыргыз Республикасынын жарандарына 366 квоталык орун бөлүнгөн. Ал эми 2019-ж. Россиянын ЖОЖдорунда 15,800 кыргыз жараны билим алса, анын ичинен 6,600 бюджеттик орунда окуган» [145, с.37].

Ошондой эле, уюмдун байкоочу - мамлекет статусун алган өлкөлөлөр бюджеттик квота бере баштаган. Мисалы, 2005-ж. 4-июнунда Астанадагы отурумда Индия Республикасы аталган уюмдун байкоочу - мамлекет статусун алган [51]. Кыргызстан менен болгон келишиминде Индиянын техникалык кызматташуу программасы жана Индиянын маданий байланыштар кеңешинин стипендиясы боюнча 2007-ж. карата жылдык квотанынын саны 65ке жеткизилген. Келишим 2006-ж. 2-5-август күндөрүндөгү Дели шаарындагы Кыргызстан менен Индиянын Тышкы иштер министрлигинин орун басарларынын сүйлөшүүлөрүүнүн жүрүшүндө кабыл алынган [59].

“2006-ж. 18-октябрында Пекинде уюмга мүчө мамлекеттердин билим берүү министрлеринин биринчи жыйыны болуп, анда тараптар билим берүү тармагындагы көп тараптуу өз ара аракеттенүү механизми, негизги багыттары, милдеттери тууралуу келишимди кабыл алышкан” [320]. Уюмдун официалдуу интернет баракчасындагы [320] маалыматтарга ылайык, билим берүү чөйрөсүндөгү ишмердүүлүктүн көп тараптуу кызматташтыгынын негизги багыттарына төмөнкүлөр кирет. *(№ 4.1. таблицаны караңыз*)

**Билим берүү тармагындагы көп тараптуу кызматташтыктын негизги багыттары. Таблица. 4.1.**

| № | Аталышы |
|---|---|
| 1. | ШКУнун мамлекеттеринде билим берүү тармагында жүргүзүлүп жаткан реформалар жөнүндө тажрыйба жана маалымат менен алмашуу |
| 2. | Билим берүү жаатында интеграциялык процесстерди өнүктүрүү жана бул максаттарда уюмга катышкан мамлекеттердин билим берүү жаатындагы саясат маселелери боюнча маалыматтык жана ченемдик базаны түзүү |
| 3. | ШКУга мүчө мамлекеттердин билим берүү мекемелеринин, уюмдарынын окуп жаткандары жана илимий-педагогикалык кызматкерлери менен өз ара алмашуу |

| | |
|---|---|
| 4. | Билим берүүнүн сапатын жогорулатуу жаатында кызматташуу |
| 5. | Квалификациянын жана билим жөнүндө дипломдордун ачыктыгын жана салыштырылышын камсыз кылуу, уюмга мүчө мамлекеттердин билим берүү мекемелери, уюмдары тарабынан берилген билим берүү жөнүндөгү мамлекеттик үлгүдөгү документтердин эквиваленттүүлүгүн таануу жана аныктоо механизмдерин түзүү |

2007-жылга чейин аталган уюмда билим берүү уюмдарын экспорттоо жана импорттоо маселелерине бирдиктүү мамиле болбогондугун белгилей кетүү керек. Ошондой эле, орус окумуштуусу, профессор, тарыхчы А. В. Цвык [138, с. 420] “Мүчө мамлекеттердин билим берүү кызматтары боюнча бирдиктүү маалыматтык борборунун болбогонун жана бул маселени чечүү үчүн уюмдун атайын сайты түзүлүп, 2007-жылдан баштап билим берүү тармагында кызматташуу тууралуу маалымат бюллетени чыга баштаганын” жазган.

Билим берүү министрлеринин Казакстандын баш калаасы Астана шаарындагы 2008-жылдын 23-октябрында өткөн экинчи жыйынында Концепциясы [320] кабыл алынган. “2010-жылдын апрелинде мүчө мамлекеттердин базалык 53 ЖОЖдон турган ШКУнун университетин (ШКУУ) ачуу туралуу меморандумуна” [81,с.299] кол коюлган. Аталган университеттин концепциясына ылайык, «ШКУУ - мүчө өлкөлөрдүн ЖОЖдорунун өз ара кызматташуусунун тармактык тутумуна» айланган [144,с.121]. Аталган университет түйүндүк университет катары алдыңкы окуу жайларды бириктирип, интеграциялык процесстердин өнүгүшүнө, башкача айтканда, бирдиктүү билим берүү мейкиндигин түзүүгө салым кошууда. (*ШКУУ боюнча толук маалымат 4-баптын 2-параграфында берилген)*

“2013-жылдын октябрында жана 2014-жылдын июлунда Москва шаарында ШКУУнун долбоорунун алкагында Росскызматташтыктын колдоосу

менен мүчө өлкөлөрдүн жаш окумуштуулар мектептери уюштурулуп, ага мүчө мамлекеттердин илимий жана билим берүү мекемелеринин кызматкерлери катышкан” [344]. “Долбоордун максаты - илимий иш-чараларды бирге өнүктүрүү үчүн ар кайсы өлкөлөрдөн келген жаш изилдөөчүлөрдү тартуу” болгон.

Түйүндүк университеттин жалпы билим берүү багытындагы ролун 2008-жылдан тартып “Алдыңкы университеттердин ректорлорунун форумдары”, “Шанхай кызматташтык уюмуна мүчө мамлекеттердин билим берүү жумалыгынын"[315] жана 2009 – жылдан тартып бүгүнкү күнгө чейин мүчө мамлекеттердин мамлекеттик кызмат академияларынын ректорлорунун форумдарынын үзгүлтүксүз өткөрүлүп [138,с.420] жаткандыгынан да байкасак болот.

Аталган ири иш-чараларды өзгөчө бөлүп көрсөтүү керек. Анткени, мамлекеттик билим берүү органдарынын жетектөөчү кызматкерлери менен тең катар алдыңкы жогорку окуу жайлардын көптөгөн көрүнүктүү өкүлдөрү да катышып келишет.

Мүчө мамлекеттердин өлкө башчыларынын 2014-ж. Тажикстандагы кеңеште билим берүү жана илим министрлери илимий-билим берүү чөйрөсүндөгү байланыштарды андан ары өнүктүрүү боюнча маселелерди талкуулашкан. Анын маселелердин ичинде: мүчө мамлекеттердин улуттук билим берүү системаларын өнүктүрүү жөнүндөгү маалымат алмашуу, форумдар, илимий конференциялар жана симпозиумдар.

Ошондой эле, 2015-2016-жылдарга карата ШКУУнун планында уюмдун официалдуу интернет баракчасындагы маалыматтарга таянсак, “Мүчө өлкөлөрдө жогорку кесиптик билим берүүнүн сапатын жогорулатуу чөйрөсүндө өз ара кызматташууну андан ары күчөтүүгө басым жасалган. ЖОЖдор аралык илимий-педагогикалык кызматкерлеринин академиялык мобилдүүлүгүн өнүктүрүү ж.б. иш-чаралар каралган” [320].

“Билим берүү министрлеринин кезектеги алтынчы кеңешмеси Тажикстан Республикасында өткөн. 2016-жылдын 20-октябрында болгон жыйында билим берүү жана илим тармагындагы кызматташуунун форматтары талкууланган. Ошондой эле тараптар ШКУнун Катчылыгы тарабынан уюмдун түзүлүү тарыхы, калыптануу этаптары жана келечеги тууралуу эң мыкты илимий макалага ЖОЖдорунун студенттеринин арасында сынак өткөрүүсүн колдошкон. Мындай иш чаралар уюмдун билим берүү багытындагы алакаларды бекемдөөгө өбөлгө түзөөрүн белгилешкен» [320]. «2016-жылдан тартып аталган уюмдун катчылыгы мүчө мамлекеттердин ЖОЖдорунда мыкты илимий макалага сынак жарыяланган, сынак "Шанхай кызматташтык уюму — биздин жалпы үйүбүз" деп аталган комплекстүү программасынын алкагында өткөрүлүп келет» [347]. «Сынакка катышкан студенттердин илимий макалалары кеңештин мүчөлөрү тарабынан изилденип, алар уюмга мүчө ар бир мамлекеттен бирден жеңүүчүнү аныкташат. Сынактын жеңүүчүлөрү белек менен сыйланып, илимий макалалары жарыялоого сунушталат» [253]. Бул өз кезегинде билим берүү тармагындагы уюмдун кызматташуусун студенттердин арасында жайылтуу болуп саналат.

Билим берүү министрлеринин жетинчи кеңешмеси 2018-ж. Астана шаарында болгон. «Билим берүүнүн ардактуу кызматкери», «Шанхай кызматташтык уюмунун мүчө мамлекеттердин билим берүү министрликтеринин төш белгиси жөнүндө» жана «Шанхай кызматташтык уюмунун билим берүүнүн ардактуу кызматкери» тууралуу жоболорунун долбоорлору тууралуу макулдашышкан [320].

Covid-2019га байланыштуу башталган пандемиянын натыйжасында кезектеги уюмдун Билим берүү министрлеринин сегизинчи кеңешмеси Москвада 2024-ж. 19-апрель күнү болуп өткөн. Кеңешменин жүрүшүндө катышуучулар биринчи кезекте студенттик жана академиялык алмашуулар, кесиптик билим берүүнү уюштуруу, тил үйрөтүү, жаштардын өз ара аракеттешүүсүн интенсификациялоону карашкан. Ошондой эле ШКУнун

алкагында билим берүү тармагын санариптештирүү маселелерин талкуулашкан [276].

Кытай өкмөтү "жумшак күч" жана "маданий дипломатия" саясаттарын ишке ашырууда. «“Жумшак күчтүн” мазмундук категориясынын негизги аспектилери болуп – маданий, маалыматтык жана билим берүү факторлору саналат» -деп жазган Муса кызы А.[119, с.140] эмгегинде. Чындыгында, КЭР Кыргызстанга грант түрүндө активдүү инвестицияларды салууда. Инвестициялар кытай тилин терең үйрөтүү максатында мектептерди курууга жана институттарды ачууга каржыланууда.

Эки өлкөнүн гуманитардык тармактагы кызматташтыгын мындан ары өнүктүрүү жана жакшы коңшулук мамилелерди чыңдоо максатында Кыргызстандын аймагында Конфуций институттарын (КИ) ачуу сунушталган [124, с.231-232]. «Конфуций институту- кытай тилин жана маданиятын жайылтуунун комплекстүү платформасы болгон ири долбоорду ишке ашыруудагы «жумшак күч саясаты»[135, с.121], [148], [168], [70, с.188]. Конфуций институттары кытай тилин чет өлкөлөрдө жайылтуучу негизги орган болуп саналат. «Кытай Эл Республикасы Конфуций институттары жана башка билим берүү долбоорлору аркылуу тийиштүү финансылык каражаттарды бөлүү менен студенттик мобилдүүлүк программаларын активдүү өнүктүрүүдө. Студенттерге бюджеттик орундар гана берилбестен, окуу чөйрөсүн эске алуу менен 200–330 АКШ доллары өлчөмүндө стипендия да берилип келет» [87, с.91]. «Аталган институттарынын ишмердүүлүгүнүн айырмалоочу өзгөчөлүгү болуп заманбап технологияларды кеңири колдонуу саналат. Мындан тышкары, институттардын аудиторияларында окутуу процессин уюштурууда ар кандай мультимедиялык каражаттарды пайдалануу, анын ичинде компьютерлерди жана лингафон бөлмөлөрүн кеңири колдонууда гана эмес, ошондой эле маалыматтык коммуникациялык ресурстарын колдонуу менен окутуунун ар кандай методикаларын колдонуу да байкалат» [113, с.102].

«2013-жылы Кытай ШКУнун мүчө мамлекеттердин жарандарына 30,000 мамлекеттик стипендия берүү жана ошол өлкөлөрдөгү Конфуций институттарынын 10,000 окутуучулары жана студенттери үчүн Кытайга багыт алуу сапарларын каржылоо боюнча 10 жылдык планын жарыялаган» [139, с. 50], [109, с.173].

Кыргызстанда долбоор тууралуу макулдашуулар “2007-жылы Бишкекте өткөн ШКУнун саммитинин алдында Кытайдын төрагасы Ху Цзинтаонун өлкөбүзгө болгон иш сапарынын алкагында жүргүзүлгөн” [52]. “Конфуций институтун түзүү боюнча макулдашууга расмий кол коюу аземи 2007-жылдын 27- октябрында болуп өткөн” [111, с.231], [124, с. 40].

**Кыргызстандагы Конфуций институттары.** **Таблица 4.1.**

| № | ЖОЖ догу Конфуций институттары | Кытай тараптан кызматташкан университет | Келишимге кол коюулган күнү | Ачылган күнү |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Бишкек Мамлекеттик университеттеги КИ | Синьцзян университети | 26.10.2007 | 15.06.2008 |
| 2 | Кыргыз улуттук университетиндеги КИ | Синьцзян педагогикалык университети | 26.10.2007 | 14.05.2009 |
| 3 | Ош мамлекеттик университетиндеги КИ | Синьцзян педагогикалык университети | 23.01.2013 | 20.06.2013 |
| 4 | Жалал-Абад мамлекеттик университетиндеги КИ | Синьцзян университети | 04. 2016 | 26.12.2016 |

Ал эми 2008-жылы К. Карасаев атындагы БМУнун алдында Конфуций институтунун салтанаттуу ачылышы болуп өткөн [237]. “Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинде (КУУ) 2009-жылы Конфуций

институту ачылган” [187]. “2013-жылы кытай тилин жана маданиятын өнүктүрүү боюнча мамлекеттик башкармалык менен Ош мамлекеттик университетинин (ОшМУ) ортосундагы келишимдин натыйжасында ОшМУнун алдында Конфуций институту түзүлгөн” [262]. Казак окмуштууларынын эмгегиндеги маалыматка таянсак, “Кыргызстандын аймагындагы кийинки КИ 2016-жылдын декабрь айында Жалалабад мамлекеттик университетинде ачылган” [128, с.28], [188]. 2007-ж. бери институттар толук түрдө Пекин тарабынан каржыланып келет.

2016-жылдан бери Улуттук илимдер академиясынын Борбордук илимий китепканасы Конфуций институтунун колдоосу менен сегиз айлык кытай тили курсун акысыз өткөрүп келет. Ал орто мектеп окуучуларына, студенттерге жана жаш илимпоздорго арналган. 2020-2022-жж. Кыргыз Республикасынын тышкы иштер министри болуп иштеген Р. А. Казакбаевдин [11, с. 135] “Кыргыз Республикасы менен КЭРдин дипломатиялык алакаларынын 30 жылдыгына” арналган илимий-практикалык конференциядагы докладына ылайык, “2017-жылы Кытай инвестициясы менен курулган Бишкекте кытай тилин тереңдетип окуткан жаңы мектеп ачылган”. Ал эми, “Акыркы үч жылдын ичинде 4 жогорку окуу жайы жана 9 уюм "Кытай таануу" адистиги боюнча окутуу укугуна уруксат алышкан” – деп жазат Б. Султанова[154] изилдөөсүндө.

Өлкөбүздө кытай тилин үйрөнүп жаткан жаштардын саны жыл сайын өсүүдө. Себеп катары:

- жаштар келечектеги кесибин, киреше булактарын Кытай менен байланыштырышын;

- географиялык жайгашуунун жакындыгын, өнүккөн инфраструктура системасы сыяктуу көптөгөн факторлорду алсак болот.

2019-ж. маалымат боюнча “2019-ж. маалымат боюнча Кытайда окуган кыргыз студенттеринин саны 4000ге болсо, ал эми БМУда кытай тилин окуган студентердин саны 2000ге жакын, Ж.Баласагын атындагы КУУнун Кыргыз-Кытай факультетинде 1200 ге жеткен” [154].

Ал эми, “2019-жылдын сентябрь айынын аягында 158 мамлекетте 535 Конфуций институту ачылып, 1134 Конфуций классы катталган” [339]. “Алардын ичинен “Кыргызстанда 4 институт жана 21 Конфуций классы иштейт”-деп белгилеген КЭРдин Кыргызстандагы посолу Д. Дэвэнь [12, с. 147]. Институт жыл сайын Кыргызстандын 600дөн ашык жаранын Кытайга жөнөтөт жана 800 кытай тили мугалими үчүн квалификацияны жогорулатуу курстарын уюштуруп келет [154]. Мындан тышкары, “2021-жылы Ж. Баласагын атындагы КУУда Жибек Жолу институту ачылды. ОшМУда Кытай тарап Конфуций Институту үчүн 800 миң долларга автономдуу окуу корпусун курду. Республиканын бардык аймагында 65 Кытай мектеби, кытай тилин окутуу боюнча 65 тил курсу, анын ичинен 37си Бишкекте жайгашкан” [123, с. 81-82].

Уюмдун алкагында билим берүү тармагындагы келишимдердин натыйжасында Кыргызстандын окуу жайларында да мүчө мамлекеттердин жарандары билим алып келишет. (Таблица 4.1.).

**ШКУга мүчө мамлекеттерден келген студенттердин саны Таблица 4.2.**

| Өлкө | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 | 2021 | 2022 | 2023 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Белоруссия** | - | 3 | 8 | - | - | - | - | - | - | - | 42 | 1 | 4 | 4 |
| **Казакстан** | 2700 | 2941 | 4357 | 4338 | 4828 | 5184 | 4655 | 3294 | 2479 | 2083 | 2178 | 1989 | 3179 | 2315 |
| **Кытай** | 539 | 433 | 385 | 255 | 267 | 187 | 269 | 273 | 220 | 204 | 99 | 216 | 399 | 494 |
| **Россия** | 808 | 847 | 927 | 1223 | 1377 | 1186 | 910 | 1535 | 1622 | 1844 | 2005 | 1672 | 1916 | 2623 |
| **Таджикстан** | 570 | 1113 | 885 | 1130 | 1423 | 1840 | 1864 | 1856 | 2365 | 2439 | 1932 | 1396 | 876 | 492 |
| **Өзбекстан** | 4122 | 1544 | 1219 | 1094 | 620 | 519 | 540 | 882 | 2063 | 14538 | 37571 | 51606 | 40282 | 24526 |
| **Индия** | 581 | 788 | 1137 | 1709 | 2377 | 3917 | 4745 | 6828 | 8662 | 10749 | 12272 | 14377 | 15306 | 14424 |
| **Иран** | 17 | 21 | 25 | 2 | 7 | 7 | 2 | 1 | 3 | 9 | 7 | 3 | 10 | 2 |
| **Пакистан** | 955 | 928 | 778 | 628 | 559 | 413 | 390 | 579 | 830 | 3533 | 6003 | 7498 | 8407 | 9589 |

Жогоруда (жадыбал 4.2.) берилген статистикалык маалыматта Кыргызстандын аймагындагы ЖОЖдорго 2010-жылдан 2023-жылга чейинки уюмдун мүчө мамлекеттеринен келген студенттердин саны көрсөтүлгөн [342].

Казакстан менен Өзбекстандан келген студенттердин саны башка Борбордук Азия республикаларына жана Россияга салыштырмалуу көбүрөөк болгондугу байкалат. Өзбекстандан келген абитуриенттер педагогикалык жана экономикалык адистиктерди тандашат. Ал эми Индия менен Пакистандан келген студенттердин саны жылдан жылга көбөйүүдө. Улуттук статистика комитетинин [342] маалыматы боюнча: Кытайдан келген студенттердин саны 500 тегерегинде гана болууда. Уюмга мүчө мамлекеттердин ичинен аз санда келген студенттер Белоруссия менен Иран тарапка тиешелүү экендиги көрүнүп турат.

Билим берүү багыты менен ынак жүргөн гуманитардык багыттагы кызматташуунун дагы бир негизги тармагы болуп - илимий-техникалык кызматташуу саналат.

Жогорку квалификациялуу адистерди, аспиранттарды, докторанттарды даярдоо багыттарында жемиштүү иштер жүргүзүлүүдө. КРнын Президентине караштуу архивден[50] табылган маалыматтар боюнча: Кыргызстан Илимдер Академиясы менен Россия Илимдер Академиясынын Сибирдеги бөлүмүнүн институттарынын келишиминин негизинде Россиянын илимий-изилдөө институттарында 17 аспирант билим алган. Ал эми, 2002-ж Россияга дагы 3 аспирант жиберилген.

“ШКУга мүчө мамлекеттердин өкмөттөрү ортосундагы келишимдин алкагында сейрек кесиптеги адистерди даярдоо, студенттерди, аспиранттарды, докторанттарды, стажерлорду жана окутуучуларды алмашуу боюнча план иштелип чыккан” [86, с. 86-87]. Кыргыз өкмөтү келишимдерди активдүү аткарууда. Кыргызстандын окумуштуу эксперттери мүчө мамлекеттердин илимий-изилдөө институттары менен ар кандай долбоорлого катышууда. Архивдик документтерге[43] таянсак, Кыргызстан менен Орусиянын ортосунда 2000-2009-жылдарга карата экономикалык кызматташууну ишке ашыруу максатында Бишкек шаарында эл аралык илимий - изилдөө борбору-

геодинамикалык полигон түзүлгөн. Анда эки өлкөнүн Илимдер Академиясы институттары биргелешкен илимий-изилдөө иштерин жүргүзүшкөн.

Ошону менен катар Россиянын АлтМУнун алкагындагы "Чоң Алтай" алтаистика жана түркология борборун [293] мисал кылып алсак болот. Борбордун эл аралык эксперттик кеңешинин курамына алтаистика, түркология жана монгол таануу багытындагы төрт өлкөнүн: Россиянын, Казакстандын, Кыргызстандын жана Өзбекстандын алдыңкы окумуштуулары кирген [348]. Аталган өлкөлөрдө Алтай мамлекеттик университетинин “Федералдык бюджеттик билим берүү мекемесинин өкүлчүлүк борборлору” ачылып (№ 14 тиркемеде берилген), илимий долбордун алкагында ар кандай эл аралык илимий форум, конференциялар [268] уюштурулуп келет. Илимий иш-чараларга өнөктөш мамлекеттердин окумуштуулары, ЖОЖдордун профессордук-окутуучулар курамы, аспиранттары катышат. Аталган долбоордун алкагында илимий эмгектер АлтМУнун илимий басылмаларында жарык көрүп келет.

“Кытай Эл Республикасы Россия менен Борбордук Азия мамлекеттери менен илимий багытта кызматташып, илимий-аналитикалык фонддорду түзүп, окуу стажировкаларды уюштуруп берүүдө”- деп белгилеген А. Х. Ходжаев [136, с. 43].

“2003-ж. Кытай менен уюмдун алкагындагы эки тараптуу илимий багыттагы кызматташтык башталган Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн жылын майрамдоонун алкагында Кытай Эл Республикасынын СУАР коомдук илимдер академиясынын окумуштуулар тобу тарабынан байыркы кытай архивдери боюнча кыргыздардын тарыхын изилдөө боюнча илимий долбоор ишке ашырылган. Анын алкагында 2004-жылдын июль айында "Кытай булактары боюнча кыргыздардын байыркы тарыхы" китеби 1500 нускада кыргыз тилинде басылып чыкканы көрсөтүлгөн. Ошондой эле, ошол эле 2004-жылы Кытайда белгилүү манасчы Жусуп Мамайдын вариантында жалпы 1000 нускада "Манас" эпосу кыргыз тилинде басылып, кытай тилине которулган. Бул үчүн жылдык

бюджети 50 миллион юаньдан турган (6 миллион АКШ доллары) атайын илимий-практикалык топ түзүлгөн” [101, с.41]. Демек, Кытай менен Кыргызстандын ортосундагы илимий алакалар уюмдун түзүлүшү менен активдеше баштаган десек болот. Ошондой эле, архивдик материалдар[42] боюнча, Пекинде "Тоо ханышасы Курманжан жана анын мезгили" аталыштагы китеп жарык көргөн.

Эки мамлекеттин ортосундагы илимий кызматташтыктын дагы бир жетишкендиги болуп Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратына караштуу “Мурас” фонду 2018—2019-жж. демилгеси саналат. “Мурас” фондунун төрагасы К. С. Молдокасымовдун бергени маалыматтарына ылайык, “Бишкек менен Пекиндин тарых илими багытындагы кызматташтыгын чыңдоо максатында, байыркы доордогу кытай жазма булактарын калыс изилдөө жана эки тараптуу кызматташтыктын жемиштерин жарыялоо белгиленген. Тараптар 2019-ж. январь айында өз ара кызматташуу жөнүндөгү макулдашууга кол коюшкан” [308]. Келишим байыркы мезгилдеги кыргыз-кытай мамилелеринин тарыхын чагылдырган, аз изилденген Кытай архивдик булактарынын кытайлык кесиптештери менен болгон илимий изилдөөлөрдү камтыйт. “Архивдик документтер боюнча байыркы кыргыздар тууралуу көптөгөн фактылар белгилүү болгон. Буга чейин кыргыздар жөнүндө алгачкы эскерүүлөр тарыхчы Сыма Цяндын "Ши цзи" эмгегинде б.з.ч. 201-жылга чейин деп берилсе, эми Кытайдын расмий жылнаамалары аркылуу кыргыздардын тарыхы 8 кылым артка жылат”- дейт “Мурас” фондунун төрагасы К. С. Молдокасымов [243]. Долбоор Пекин шаарындагы Коомдук Илимдер Академиясы сыяктуу илимий мекемелерден колдоо табып, азыркы күндө долбоордун үстүнөн иштер жүргүзүлүп келет [259].

Аталган уюмдун интернет баракчасындагы [225] берилген маалыматтарга ылайык, “Уюмдун алкагындагы илим жана инновациялык технологиялар багытындагы демилгелүү ролду уюмдун Ишкер Кеңеши (ИК) ойнойт. ИК мүчө мамлекеттердин башчыларынын кеңеши тарабынан түзүлөт”. “Биринчи

кеңешме 2010-жылдын май айында болгон. Ал эми, 2013-ж. 13-сентябрында Бишкектеги жыйынында мүчө-мамлекеттердин ортосундагы коопсуздукту сактоо, жаратылышты коргоо, айыл чарба, энергетика, нанотехнологиялар, телекоммуникациялар, геология жана сейсмология ж. б. тармактарда өз ара кызматташуу боюнча макулдашуу кабыл алышкан” [306]. Демек, ИК уюмдун ишмердүүлүгүнүн негизги багыттарына байланыштуу иштерди алып бараарында күмөн жок.

«Мүчө мамлекеттер илимий-техникалык кызматташтыктын негизинде жогорку ылдамдыктагы маалыматтык технологиялардын долбоорун иштеп чыгышкан. Анын максаты Евразиялык трафиктин транзитинин көйгөйүн чечүү жана заманбап маалыматтык технологияларды киргизүү болуп саналат” [254]. Бул долбоор ШКУнун алкагындагы бирдиктүү маалыматтык мейкиндикти түзгөн.

Учурда жүрүп жаткан замандын өзгөрүүлөрүнө байланыштуу мүчө мамлекеттер илимий-техникалык кызматташтыкка көбүрөөк көңүл бурууда. Уюмдун алкагында электрондук аянтчалар жана интернет платформалардын өнүгүшүнө колдоо көрсөтүү демилгелери карала баштаган [264]. «2022-жылы мүчө мамлекеттер жасалма интеллект технологияларын изилдөө, иштеп чыгуу жана кеңири колдонууну камтыган жасалма интеллектти өнүктүрүү боюнча кызматташуу планын бекитишкен. Индиянын төрагалыгынын алкагында кызматташуунун жаңы механизми –инновация жана ишкердик боюнча максаттуу топ түзүлүүдө. Топтун максаты болуп, илим жана техника багытындагы кызматташтыкты кеңейтүү болуп саналат” [338].

Заманбап технологияларды билим берүү жана илим дүйнөсүнө киргизүү бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасынын ЖОЖдору үчүн эң зарыл деп эсептелинет. Аны менен бирге Кыргызстанда ШКУнун алкагында аналитикалык ишмердүүлүк чөйрөсүндө адистер жана эксперттер үчүн илимий-изилдөө борборлорунун түзүлүшү керектелет. Аталган көйгөйлөрдү чечүүдө уюмдун алкагындагы кызматташтыктын жардамы тиет деген ойдобуз. Себеби,

КЭРдин төрагасы Си Цзиньпиндин [6] Кытайдын ТИМдин интернет баракчасындагы жарыланган программалык сөзүндө: “Кытай Эл Республикасы аталган долбоордун алкагында илимий-техникалык алмашуу боюнча конференцияларды өткөрүүнү, жакынкы 5 жылда биргелешкен лабораториялардын санын 100гө чейин көбөйтүүнү каалайт. Дүйнөнүн булуң-бурчунан келген жаш окумуштууларга Кытайда кыска мөөнөттүү иштөө үчүн колдоо көрсөтүүнү пландаган. Ошондой эле, жасалма интеллектти глобалдык башкаруу демилгесин көтөрүп, глобалдык жасалма интеллектти туруктуу, иреттүү жана коопсуз өнүктүрүү үчүн өнөктөштөр менен байланышты жана диалогду күчөтүүгө даяр” - деп билдирген[6].

Андан тышкары, “Азыркы мезгилде Шанхайда 550 инновациялык өндүрүштөр түзүлүп, инновациялык шаардын саны 45ке жеткен. Бул илимий-технологиялык борборлор “Бир алкак, бир жол” долбоорун ишке ашыруу максатында курулган” [67, с.230]. Демек, Кытай Улуу Жибек Жолун жандандырууну сунуштап жаткандыгына байланыштуу. Уюмдун мейкиндигинде, анын ичинде Кыргызстанда илимий-техникалык кызматташтык ишке ашырылат.

Гуманитардык багыттагы кызматташуунун дагы бир негизги тармагы болуп саламаттыкты сактоо тармагы саналат. Саламаттыкты сактоо тармагындагы кызматташуу 2007-жылдын июнунан тартып эксперттик топтун түзүлүшү [222] менен иштей баштаган.

Мүчө мамлекеттердин аталган багытта өз ара кызматташуусунун зарылдыгы Борбордук Азия өлкөлөрүндөгү саламаттык сактоо тармагынын абалы менен шартталган. Башкача атйканда, өлкөлөрдүн ооруканаларындагы дарылоо базасынын абалы жетиштүү эмес деңгээлде болгондугу жана медициналык жардамдын сапатынын төмөндүгү өз ара кызматташууга шарт түзгөн [314].

2007-жылы Борбордук Азия чөлкөмүндө россиялык медициналык мобилдик топтордун иши ачылган. Тажикстан жана Кыргызстанга адистердин

бригадалары жөнөтүлгөн, Казакстанда көчмө темир жол консультациялык-диагностикалык борбор иштеп баштаган [116, с. 157]. Бул медициналык мобилдик топтордун ишинин негизги максаты - медициналык жардам жетпей калган тоолуу аймактарда жашагандарга, чек арадагы калкка медициналык жардам көрсөтүү болгон. Бул маселени чечүү үчүн Россия Дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюмуна (ДССУ) окшош болгон Шанхай саламаттыкты сактоо уюмун (ШССУ) түзүү демилгесин көтөргөн. ШССУнун максаты-медициналык жардамдын сапатын жогорулатууда уюмдун бардык өлкөлөрүнүн аракеттерин бириктирүү, ошондой эле уюмдун алкагында адистерди окутуу жана тажрыйба алмашуу болгон.

ШКУнун интернеттеги маалымат берүүчү баракчасындагы [203] маалыматка таянсак, 2008-жылдын июнь айында уюмдун катчылыгында мүчө-мамлекеттердин саламаттыкты сактоо министрликтеринин ага кызматкерлеринин алгачкы отуруму болуп, анда тараптар саламаттык сактоо жаатында көп тараптуу алакалардын долбоорлорун карап чыгып, саламаттыкты сактоо тармагындагы келишимдерди ишке ашыруунун формалары жана механизмдеринин маселелери боюнча пикир алмашышкан.

“2009-жылдын 14-октябрында Пекинде өткөн мүчө мамлекеттердин өкмөт башчылар кеңешинин жыйынынын жүрүшүндө ШКУнун мейкиндигинде “Жугуштуу ооруларга каршы күрөшүү боюнча биргелешкен билдирүүнү” кабыл алышкан” [27]. Анда мүчө мамлекеттердин жугуштуу ооруларга мониторинг жүргүзүү чөйрөсүндөгү кызматташуусу, лабораториялык тармактардын потенциалын өстүрүү, кадрларды даярдоо, түрдүү жугуштуу оорулардын алдын алуу ж. б. у. с. багыттар боюнча аракеттерди координациялоого умтулуулары чагылдырылган. “2013-жылдын ноябрында мүчө мамлекеттердин өкмөт башчыларынын жыйынында “Мүчө мамлекеттердин аймагында жугуштуу оорулардын эпидемиялык кырдаалы тууралуу маалымдоо программасы” бекитилген” [23].

“Калктын санитардык-эпидемиологиялык бакубаттыгын камсыздоо максатында уюмдун алкагында илимий иш-чаралар да өткөрүлүп келген. Алар: 1. 2008-ж. 27-ноябрындагы “Санитария” тегерек столу” жана 2009-жылы Новосибирск шаарында уюштурулган "Жугуштуу оорулардын коркунучуна каршы турууда ШКУга мүчө мамлекеттердин кызматташтыгынын келечеги" конференциясы” [316].

Ал эми аталган багыт боюнча министрлердин биринчи отуруму 2010-ж. ноябрь айында Казакстандын баш калаасы Астанада уюштурулган. Бул саламаттыкты сактоо тармагындагы кызматташуунун пайдубалын түптөгөн алгачкы иш – чара болуп эсептелинген. “Мүчө мамлекеттердин саламаттыкты сактоо министрлери “Вирустар жана эпидемиялар менен күрөшүүдө кызматташуу” боюнча жана “Эксперттик топторду түзүү боюнча макулдашууларга” кол коюшкан. Алар тараптардын медициналык билим берүү, илим, инновациялар жана жаңы технологиялар, жугуштуу оорулардын алдын алуу жана өзгөчө кырдаалдарда медициналык жардам көрсөтүү көйгөлөрүн талдашкан. Ошондой эле мүчө мамлекеттер калкына медициналык жардам көрсөтүү чөйрөсүндө өз ара аракеттенүүнүн натыйжалуу механизмин түзүү боюнча сунуштарын талкуулашышкан. Мындан тышкары, тараптар “Саламаттыкты сактоо багытындагы кызматташтык жөнүндөгү келишимди” кабыл алып, туруктуу иштөөчү эксперттик жумушчу топтун иш регламентинин долбоорлорун карап чыгышкан” [275].

“2011-ж. 14-октябрда Москва шаарында мүчө мамлекеттердин санитардык эпидемиологиялык бейпилдикти камсыз кылууга жооптуу кызмат башчыларынын кеңешмеси өткөн. Кеңешменин натыйжасында саламаттыкты сактоо багытындагы кызматташуунун негизги аспектилери аныкталган” [316]. Алар № 4.2. таблица көрсөтүлгөн.

**Саламаттыкты сактоо багытындагы кызматташуунун негизги аспектилери. Таблица 4.2.**

| № | Аталышы |
|---|---|

| | |
|---|---|
| 1. | Жугуштуу ооруларды, анын ичинде жаңы пайда болгон ооруларды, сасык тумоону көзөмөлдөө жана оорулардын алдын алуу жана аларга жооп кайтаруу; |
| 2. | Кызылча жана полиомиелитке каршы туруу; |
| 3. | Жугуштуу оорулардын алдын алуунун жаңы каражаттарын, жугуштуу ооруларга анын ичинде ВИЧке каршы вакциналарды иштеп чыгуу жана илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү; |
| 4. | Эпидемиялык оорулардын алдын алуу жана жоюу; |
| 5. | Табигый кырсыктардын кесепеттерин жоюу; |
| 6. | Эл Аралык медициналык-санитардык эрежелердин сакталышын; |
| 7. | Натыйжалуу жана коопсуз вакциналарды түзүү боюнча күч-аракеттерди топтоо; |
| 8. | GMP стандарттарына ылайык вакциналарды өндүрүү; |
| 9. | Адистерди даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу; |
| 10. | Жаратылыш кырсыктарынын эпидемиологиялык кесепеттеринин алдын алуу жана жоюу ж.б. |

Саламаттыкты сактоо министрлеринин кезектеги экинчи жолугушуусу 4 жылдан кийин 2015-ж. 7-июлунда Москвада болгон[273]. Отурумдун максаты - ресурстарды үнөмдөөчү технологияларды жана өнүккөн экономикалык-финансылык моделдерди колдонуу менен системалардын натыйжалуулугун жогорулатуу максатында мүчө мамлекеттердин саламаттык сактоо системаларын реформалоо болгон. Жолугушуунун жүрүшүндө медициналык жардамдын методологиясы жана стандартташтыруу маселелери да каралган.

2019-ж. алгач Кытайда жайылган COVID-19 эпидемиясы ШКУнун өлкөлөрүндө эле эмес, бүткүл дүйнө эли үчүн  үчүн олуттуу көйгөй болуп. Учурдагы “ааламдашкан дүйнөгө” таасирин тийгизип, экономикалык жана

саясий чөйрөлөрдө бири-бирине көз каранды болуп, каржы-экономикалык кризисти жаратып, глобалдык деңгээлде саламаттыкты сактоо жана социалдык көйгөйлөрдү ачыкка чыгарды.

COVID-19 эпидемиясынын учурунда мүчө мамлекеттер саламаттык сактоо жана эпидемиологиялык кырдаалга жооп берген мамлекет башчыларынын, министрликтердин жана ведомстволордун жетекчилеринин деңгээлинде бири-бири менен тыгыз байланышта болушту. Белгилүү болгондой, Кытайда эпидемия күчөгөн маалда уюмга мүчө мамлекеттер Кытай өкмөтүнө жардам берип, кытай элине моралдык колдоо көрсөтүшкөн. Кытай өз кезегинде гуманитардык жүктөрдү, дарыгерлерди жана адистерди жөнөтүп, уюмдун өлкөлөрүнө керектүү жардамдарды көрсөтүп келди. Казакстан Борбор Азия өлкөлөрүнө зарыл болгон учурда жардам берүүгө даяр экенин билдирип, Тажикстан менен Кыргызстанга гуманитардык жардам жөнөттү. Кытай уюмдун көптөгөн өлкөлөрүнө дарыгерлерди жана адистерди жөнөтүп турган [240]. Мунун баары мүчө мамлекеттердин бул өзгөчө кырдаалды биргелешип жеңүү үчүн өз ара колдоого жана кызматташууга болгон умтулуусун айгинелейт десек болот.

Уюмдун катчылыгы өзүнүн координациялоочу ролунан улам коронавируска каршы биргелешип күрөшүү боюнча бир катар сунуштарды жана демилгелерди сунуштады. 2020-жылдын 1-апрелинде мүчө мамлекеттердин саламаттык сактоо министрликтеринин эксперттеринин видеоконференция форматында отуруму болуп өттү. Отурумдун жүрүшүндө катышуучулар мүчө мамлекеттердеги эпидемиологиялык кырдаалга сереп салышып, кызматташтыкты бекемдөө жана диагнозу тастыкталган бейтаптарды дарылоонун натыйжалуу ыкмасын издөө маселелерин талкуулашкан [349].

Бүгүнкү күндө уюмга жаңы мүчө болуп кирген мамлекеттерде да уюмдун калкынын санитардык-эпидемиологиялык бейпилдигин камсыздоо жана саламаттык сактоо чөйрөсүндө көп тараптуу өз ара кызматташуу маселелери актуалдуу болуп саналат. Мисалга алсак, “Индия өкмөтү Борбордук

Азия өлкөлөрүндө телемедицинаны жана медициналык туризмди өнүктүрүүгө салым кошо алат” [163, с.97]. Өткөн жылдарда мүчө мамлекеттер «Эбола», «Зика» безгегинин чыгышына каршы ийгиликтүү күрөшүүгө көмөк көрсөтүштү. Кызамык жана полиомиелитти жоюу боюнча милдеттерди натыйжалуу чечишип, вирустук гепатиттин, ВИЧ/СПИДдин, пандемиялык потенциалы бар жогорку патогендүү сасык тумоонун жана башка оорулардын жайылышына каршы чараларды көрүүдө аракеттер жасалууда.

Жыйынтыктап айтканда, уюмдун алкагында гуманитардык жааттагы алакалар белгилүү бир жолду басып өттү. Ошол менен бирге, көрүнүктүү жетишкендиктерге да ээ болду:

❖ Так жана белгиленген принциптердин негизинде билим берүү, илим жана саламаттыкты сактоо тармактарындагы кызматташтыктын болушу;

❖ Кызматташуунун көп тараптуу жана эки тараптуу форматтын алкагында билим берүү жана илимий багыттагы долбоорлордун ишке ашырылуусу;

❖ Сапаттуу билим алууну каалаган кыргыз жаштары үчүн мүчө мамлекеттердин ыңгайлуу шарттарды түзүп берүүсү.

Бирок, белгилей кетүүчү маселе, Кыргызстандын уюмдун алкагында илим жана билим берүү тармагындагы кызматташтыгындагы ишке ашып жаткан процесстер «жумшак күч» саясатынын ишке ашыруунун бирден бир куралы экендигин унутпашыбыз керек. Айрыкча кытай тилинин «Конфуций институттары» аркылуу БА анын ичинде Кыргызстанда активдүү жайылып жатышы көптөгөн суроолорду жаратууда. Бирок, акыркы мезгилде Кыргызстандын жаш муундарынын, кытай тилине жана маданиятына болгон кызыгуусунун активдүүлүгү байкалууда. Мындай көрүнүштөр бизге окшогон чакан мамлекеттин өнүгүп өсүүсүнө абдан керек. Анткени, ар кандай тармактарда кытай тилин мыкты билген адистер жетишсиз, заманбап кыргыз-кытай долбоорлорун эксперттик-аналитикалык жактан тастыктай турган жогорку квалификациялуу кадрларды даярдоо зарылчылыгы бар.

## 4.2. Шанхай кызматташтык уюмунун университетинин билим берүүсү, актуалдуулугу жана өнүгүү көйгөйлөрү

Шанхай Кызматташтык Уюмунун университети (ШКУУ) уюмдун мейкиндигиндеги билим берүү долбоору жана аталган тармактагы көп тараптуу кызматташтыктын маанилүү багыты болуп саналат. 2024-жылдын август айында уюмдун мейкиндигинде ийгиликтүү жана атаандаштыкка жөндөмдүү эл аралык тармактык билим берүү долбооруна айланган. Уюмга мүчө мамлекеттердин ЖОЖдору эл аралык кызматташтык тармагында салыштырмалуу бай тажрыйбага ээ. Алар достук мамилени өнүктүрүүчү кызматташуунун аянтчасы болуп саналат.

«2006-жылдын 15-июнунда мүчө мамлекеттердин өкмөттөрү билим берүү тармагында кызматташуу боюнча келишимге кол коюшкан» [112, с.218-219]. Аталган келишим билим берүү чөйрөсүндөгү интеграциялык процесстерди өнүктүрүүгө жана укуктук базаны түзүүгө багытталган алгачкы кадам болгон.

«2007-жылдын 16-августунда Россиянын президенти В. В. Путин мүчө өлкөлөрдүн мамлекет башчыларынын Бишкектеги саммитинде уюмдун алкагындагы билим берүү долбоорун түзүү демилгесин көтөрүп чыкканын» В. М. Филиппов [134, с.16-17]эмгегинде баяндаган. Ал эми 2008-жылдын октябрь айында «Шанхай кызматташтык уюмунун Университетинин Концепциясы» [21] кабыл алынган. Ушул эле кеңешмеде бардык зарыл болгон уюштуруу документтерине кол коюлуп, университеттин концепциясынын жалпы мазмуну жана окутуунун негизги багыттары тастыкталган.

Жаңы окуу жайдын максаттары, милдеттери 2008-жылдын 23-октябрында Казакстандын борбору Астана шаарында кабыл алынган ШКУУнун концепциясында берилген [21]. 2011-жылы Москвада ШКУУнун Хартиясы кабыл алынган, анда «кызматташуунун негизги принциптери жана багыттары, административдик түзүмү аныкталган» [36]. «2014-жылы ШКУУнун сертификаты жана аны ыйгаруунун регламенти бекитилген» [37] .

ШКУУнун хартиясына [36] ылайык, “Аталган долбоордун максаты - биргелешкен билим берүү программаларын ишке ашыруу үчүн студенттик илимий-педагогикалык өз ара алмашууну кеңейтүүнүн негизинде илимдеги интеграциялык процесстердин өнүгүүсү. Мындан тышкары, жаштар үчүн саясий, экономикалык жана маданий тармактар боюнча жаңы билим берүү мүмкүнчүлүктөрүн түзүү, билим берүү чөйрөсүндөгү кызматташтыкты кеңейтүү жана жакшы коңшулук мамилелерди чыңдоо эсептелинет” [36].

Жогоруда айтылган «максаттарга жетүү үчүн төмөнкүдөй милдеттер *(№4.3. таблицаны караңыз)* коюлган» [332].

**ШКУУнун милдеттери. Таблица 4.3.**

| № | Милдеттер |
|---|---|
| 1. | Студенттерди, магистранттарды, аспиранттарды, докторанттарды жана илимий-педагогикалык кызматкерлерди академиялык мобилдүүлүк боюнча алмашууну кеңейтүү; |
| 2. | Илимий жана академиялык кызматташтыкты жогорулатуу; |
| 3. | Билим берүүнүн заманбап ыкмаларын жана технологияларын киргизүү; |
| 4. | Мүчө мамлекеттер тарабынан ШКУУнун билим берүү документтерин таануу |

«Түйүндүк университеттин түзүүлүшү жана ишке кирүүсү мүчө мамлекеттердин алдыңкы окуу жайларды тартуу менен ишке аша баштаган» [37].

«Университеттин концепциясында долбоорду ишке ашыруунун үч этабы каралган» [21].

1. 2008–2010-жылдарга ШКУУнун долбоорун алдын ала талдоонун кыска мөөнөттүү этабы.

2. 2010–2012-жылдарга орто мөөнөттүү этап.

3. 2012–2015-жылдарга узак мөөнөттүү этап. Д. А. Борисов менен Е. В. Савковичтин [91, с.79-80] эмгегине таянсак, бул этаптагы иш-чараларга:

- «маалыматтык камсыздоо жана аралыктан окутуу тармактарын түзүү»;
- «даярдоонун багыттарынын жана адистиктеринин тизмесин кеңейтүү»;
- «университеттин илимий жарчылары жана башка басылмаларын даярдоо»;
- «ШКУУ тарабынан берилген дипломдорду эл аралык кеңири таануу»;
- «университеттин атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу үчүн эл аралык аккредитациялоого багытталган иш-чараларды өткөрүү» ж.б. [91, с.79-80].

Жогоруда көрсөтүлгөндөй, университеттин иши этап менен курулуп, мүчө мамлекеттердин учурда иштеп жаткан алдыңкы улуттук университеттери менен биргеликте билим берүүнүн түйүнүн түзгөн. «Учурда университет уюмга мүчө болгон, ошондой эле байкоочу мамлекеттердин алдыңкы университеттерин камтыган билим берүү түйүнүнүн бири болуп калды» [97, с. 364].

ШКУУнун аналитикалык докладында: «Университеттин программасы боюнча ШКУУга кирген ЖОЖдун студенти каалаган семестрден баштап каалаган чет өлкөлүк окуу жайда билимин улантууга мүмкүнчүлүк ала алат. Студенттин чет өлкөлүк өнөктөш-ЖОЖдо окуу мөөнөтү чектелбейт, бирок 1 семестрден кем эмес аталган окуу жайда билим алууга милдеттүү болуп саналат»- деп берилген [171]. Мындан тышкары Концепцияда программага ылайык, «Окуу мөөнөтүнө жана билими тууралуу документти алуу үчүн зарыл болгон дисциплиналардын жалпы сааты программага ылайык келүүсү тийиш болгон». Ошондой эле, андагы студенттер акы төлөнүүчү же акысыз негизде билим алышат (ШКУнун ар бир мамлекети окууга квота бөлүп берет). Ал эми, «студенттер окуудагы жетишкендиктериндеги эң мыкты көрсөткүчтөрү,

илимий иштеринин болуусу, чет тилин билүүсү ж.б.у.с. критерийлери менен тандалып алынат. Окутуунун расмий тилдери – орус жана кытай тилдери» [21]. Мындан тышкары, «студенттер өздөрү барган өлкөнүн мамлекеттик тилин факультативдик түрдө үйрөнүү мүмкүнчүлүгүнө да ээ боло алышат. Ошондой эле макулдашуу боюнча окуу процессте англис тилинде окутууга да болот. ЖОЖдордун болжол менен 60% да орус (кытай) тили боюнча курстар уюштурулган» [171], [151].

Студенттерди университеттерге кабыл алуу өз ара макулдашылган квоталардын негизинде ишке ашырылат. Квоталар жалпысынан мүчө мамлекеттердин университеттин бюджетиндеги үлүштүк төгүмдөрүнө дал келиши керек. Е. С. Белукова: «Мындай квоталар өлкөлөр тарабынан жыл сайын аныкталат жана окутуу ШКУУнун бюджетинен каржыланган студенттер үчүн гана колдонулат. Студенттердин экинчи тобу - келишимдик негизде окуган жана окуу чыгымдарын өз алдынча жапкан студенттер болуп эсептелинет. Бул топтогу студенттердин саны квоталанбайт» - деп жазган. Мындан тышкары, Окуунун жыйынтыгы боюнча бүтүрүүчү базалык окуу жайдын дипломуна, ошондой эле университеттен өз ара макулдашылган сертификатына ээ боло алат. Ал эми, «магистратуранын программасынын жобосуна ылайык, бакалавр даражасынан төмөн эмес даражага ээ болгон жана кирүү экзамендерин тапшырып, аңгемелешүүдөн өткөн ар бир жаран тапшыра алат. Аталган университеттин магистрдик программаларынын принциби боюнча магистрант окуусун бир университеттен баштайт. Ал эми үчүнчү жана төртүнчү окуу семестрлеринде башка тармактык университетте билим алуусу абзел. Ошентип, магистрант эки диплом алуу менен гана чектелбестен, ийгиликтүү жумушка орношуу мүмкүнчүлүгүнө да ээ боло алат" - деп көрсөтүлгөн [175].

Ал эми, университеттин концепциясына ылайык [21], башкаруу системасы бир нече баскычтарды камтыйт:

* Координациялык (аткаруу) кеңеши.

* Камкорчулар кеңеши.

* ШКУУнун ректораты (катчылыгы).

* Эксперттик топ.

* Ректорлор кеңеши.

Ошондой эле, түйүндүк университеттин бюджети 2010-ж. кабыл алынган ШКУУнун Концепциясында [22] берилген, ага ылайык, бюджет ар кандай булактардан түзүлөт: мүчө мамлекеттердин каражаттарынан жана максаттуу программалардан. Башкача айтканда, мүчө мамлекеттердин чет өлкөдө билим алуу үчүн улуттук грант, стипендия, ыктыярдуу кайрымдуулуктан ж.б. булактардан турат.

“2010-ж. 26-апрелинде Москва шаарында мүчө мамлекеттердин башчылары түйүндүк университетин түзүү боюнча 53 жогорку окуу жайдын өкүлдөрү менен биргеликте Меморандумга кол коюшкан” [150]. Меморандумга ылайык, “Казакстан, Кытай, Кыргызстан, Россия жана Тажикстан ШКУУ алкагында биргелешкен даярдыкты ишке ашыруу максатында билим берүү багыттары боюнча квалификациялуу кадрларды даярдоо максатында келишимдерди түзүштү” [156]. Ушул эле жылы университеттин магистрдик программалары боюнча окутуу процессинин пилоттук ишке киргизүүсү ишке ашырылды [171].

“Тармактык университетке биринчи кабыл алуу 2010-2011-окуу жылында өткөн. Кабыл алуу Москва шаарындагы Мамлекеттик лингвистика университетинде (ММЛУ) "Чет өлкөлүк чөлкөм таануу" багыты боюнча жүргүзүлгөн” - деп көрсөтүлгөн Р. Айтбаева менен Н. Касимованын изилдөөсүндө [84, с.86].

**Шанхай кызматташтык уюмунун Университетинин базалык ЖОЖдорунун көрсөткүч саны. 4.1 -сүрөт.**




4.1-сүрөттө ШКУУга кирген мамлекеттер боюнча базалык ЖОЖдодун саны жана пайызы көрсөтүлгөн. Жалпы 5 мамлекеттен 60 ЖОЖ базалык болуп кирген. Мисалга алсак, 1-сүрөттө көрсөтүлгөндөй тармактык университетке Кыргызстандан 8 ЖОЖ кирип, жалпы университеттердин 13 %ын түзгөн.

2012-жылы университеттин курамына уюмдун өлкөлөрүнүн базалык 60 ЖОЖ кирген. “Түйүндүк университетке Кыргызстандан 8 ЖОЖ: Ж. Баласагын атындагы КУУ, И. Арабаев атындагы КМУ, ОшМУ, М. Адышев атындагы ОшТУ, К. И. Скрябин атындагы КУАУ, И. Раззаков атындагы КМТУ, Н. Исанов атындагы Кыргыз мамлекеттик курулуш, транспорт жана архитектура университети, Кыргыз-славян университети жана К. Карасаев атындагы БМУ кирген” [37]. *(№ 7 – тиркемеде толук маалымат берилген* )

“Окуу процессин натыйжалуу уюштуруу үчүн өнөктөш ЖОЖдор жыл сайын окуу планын, окуу-методикалык комплекстерин, студенттердин квалификациялык иштердин темаларын бекитүү тартибин кабыл алып турушкан. ЖОЖго кабыл алуу эрежелерин, билимди баалоо системасын жана билимдин сапатын текшерүүнү макулдашышкан” [37].

“Университет бүгүнкү күндө бир катар адистерди даярдоо багыттары

боюнча биргелешкен магистрдик программаларды ишке ашыруучу мүчө мамлекеттердин алдыңкы университеттерин камтыган түйүндүк окуу жайы болуп саналат” [134, с.15-17]. “Алгач «чөлкөм таануу», «экология», «энергетика», «IT-технологиялар», «нанотехнологиялар», «педагогика», «экономика» сыяктуу багыттар боюнча бакалавр, магистранттарды даярдоо башталганын, мындан тышкары, квалификацияны жогорулатуу, кесиптик кайра даярдоо, дистанттык билим берүү программалары сунуш кылынган” [94, с. 115-119]. Бирок, бардык мүчө мамлекеттердин биргелешкен дипломдорду таануусу үчүн ченемдик-укуктук базасынын жоктугу кедерги жараткан. “Билим берүү стандарттары жарым-жартылай жана дал келбегендиктен, биргелешкен каржылоонун формаларын жана механизмдерин макулдашуу жаатында кыйынчылыктар болгон” [133, с.36]. Окуу процессинде тил маселеси көйгөй жараткан. “Өзгөчө студенттер үчүн тил маселеси курч болгондуктан, ШКУга мүчө мамлекеттердин кызыкчылыктарын эске алуу менен бирге магистранттарды жана аспиранттарды гана даярдоого макулдашылган” [91, с.79-80]. Ошол себептен, “Алгач "Чөлкөм таануу", "Экология", "IT-технологиялар", "Энергетика" жана "Нанотехнологиялар" сыяктуу негизги 5 адистиктер боюнча даярдыктар жүргүзүлө башталган” [138, с.425-427]. (*ШКУУнун базалык ЖОЖдорунун тизмесин № 7 тиркемеде берилген*).

Ал эми, “2012-жылы бул тизме "Экономика" жана "Педагогика" багыттары менен толукталганын” Г. П. Иванова менен О. К. Логвинованын [234] биргелешип жазган эмгегин далил катары алууга болот. 2024-ж. 18-апрелинде билим берүү министрлеринин сегизинчи кеңешмесинде [37] даярдоонун дагы жаңы 4 багыты бекитилген: «Агрономия», «Медицина», «Журналистика» жана «Юриспруденция» [37]. Ар бир багыт боюнча модулдарды жана окутуу программаларын макулдашуу максатында улуттук жана эл аралык эксперттик топтор түзүлгөн. ШКУУга кирген алгачкы 7 кесипке партнер-ЖОЖдордун тизмеси кабыл алган (№ *8 тиркемеде берилген).*

Жогорудагы аталган билим берүү багыттарына токтоло турган болсок, **«Экология»** багыты боюнча магистранттарды даярдоо тууралуу макулдашуусу 2013-ж. 24-майында кабыл алынган» [321]. «Макулдашууга мүчө-мамлекеттердин Россиянын, Кытайдын, Казакстандын, Кыргызстандын жана Тажикистандын жалпы 18 ЖОЖдорунун ректорлору кол койгон. Бул келишимдин негизги максаты: ШКУнун ЖОЖдорунда бирдиктүү билим берүү мейкиндигин түзүү; Уюмдун алкагында административдик түзүмдүн, окутуучулардын жана окуучулардын академиялык мобилдүүлүгүн өнүктүрүү максатында механизмди ишеп чыгуу; Аталган уюмдун элдеринин тарыхын, тилин, маданиятын, улуттук баалуулуктарын сактап калуу, өнүктүрүү жана өз ара байытууга салым кошуу болгон. Аталган багыт боюнча базалык ЖОЖ болуп мүчө мамлекеттердин 10 окуу жайы, анын ичинде Кыргызстандан 2 ЖОЖ кирген» [37]. (*4.2-сүрөт*).




Азыркы күндө «Экология» багыты боюнча ШКУга мүчө болгон мамлекеттердин 25 жогорку окуу жайы эки тараптуу жана көп тараптуу келишимдердин негизинде иш жүргүзүп келишет» [37]. Алардын ичинде «Кыргыз Республикасынан К. И. Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университети жана М. Адышев атындагы Ош технологиялык университети бар. К. И. Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университети, "Экология жана жаратылышты пайдалануу" багыты боюнча магистрлерди даярдоо 2011-жылдан бери ишке ашып жатат» [321]. Магистрлерди даярдоого биология,

экология жана айлана-чөйрөнү коргоо кафедралары катышат. «"Экология жана жаратылышты пайдалануу" багыты боюнча магистрлерди даярдоо 2011-жылдан бери ишке ашып жатат. Магистрлерди даярдоого биология, экология жана айлана-чөйрөнү коргоо кафедралары катышат» [37]. Ал эми, «М. Адышев атындагы Ош технологиялык университети «Жаратылышты пайдалануу» багыты боюнча магистрлерди даярдоону эл аралык программанын негизинде ишке ашырып келет» [321].

«Мүчө мамлекеттердин "Чексиз билим берүүнүн» VII жумалыгынын алкагында 2014 -жылдын 21–22 – майында М. Акмулла атындагы Башкыр мамлекеттик педагогикалык университетинин базасында "Евразиялык жогорку билим берүү системасында педагогикалык кадрларды даярдоо процессин модернизациялоо" аттуу тегерек стол болуп өткөн. Отурумда "**педагогика**" багыты боюнча потенциалдуу магистрдик программалардын бет ачары болгон. "Педагогика" багыты боюнча программалар жана магистрдик изилдөөлөрдүн тематикасы, биргелешкен илимий изилдөөлөрдүн багыттары сунушталган» - деп берет Г. П. Иванова жана О. К. Логвиновалар [234] эмгегинде. ШКУУнун алкагында "Педагогика" багыты боюнча даярдоо көп маданияттуу чөйрөдө кесиптик ишмердүүлүктү жүзөгө ашырууга, илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүдө эл аралык контекстте кесиптик өнүгүүгө жөндөмдүү педагогдорду даярдоого салым кошот.

"Чексиз билим берүүнүн VIII жумалыгы жана V билим берүү министрлеринин жыйыны 2014-жылдын 6–9-октябрында Алтай мамлекеттик университетинде өткөн. Эки жаңы багыт "Экономика " жана "Педагогика" боюнча магистрлерди биргелешип даярдоо жөнүндө макулдашууларга кол коюлган. Алгач "Педагогика" багытына ШКУнун 19 университети кошулуп, бул багытты ишке ашыруу боюнча башкы (базалык) ЖОЖ болуп Россия элдердин достугу университети (РУДН) саналган» [37].

ШКУУнун официалдуу интернет баракчасындагы [37] материалдарга ылайык, «Азыркы учурда "Педагогика" багытынын алкагында төмөнкү

магистрдик программалар ачылган: "Педагогика жана психология", "Педагогика жана жогорку билим берүүнүн психологиясы", "Социалдык педагогика". Россия элдер достугу университетинде (РУДН) ШКУУнун алкагында "Педагогика жана психология" магистердик программасы 2015–2016 - окуу жылында ишке ашырыла баштаган. Окутуу бекитилген биргелешкен жумушчу окуу планынын жана туруктуу окуу планынын негизинде жүргүзүлөт. 2015–2016-окуу жылында РУДН үч өнөктөш жогорку окуу жайлары: Л. Н. Гумилев атындагы Евразия улуттук университети (Казахстан), аль-Фараби атындагы Казак улуттук университети (Казакстан) жана Түндүк-Чыгыш педагогикалык университети (Кытай Эл Республикасы) менен магистрдик программаларды ишке ашыруу боюнча эки тараптуу келишимдерге кол койгон» [37].

**««Т-технологияны»** окутуунун багыттары боюнча өз ара кызматташуунун жыйынтыктары 2011-жылдын 8-ноябрында Москвада болуп өткөн отурумдун жыйынтыгында белгиленген» [171]. Новосибирскте бардык базалык жогорку окуу жайлары менен кызматташуу жөнүндө бирдиктүү келишимге кол коюлган. Зарыл болгон учурда алар өнөктөш ЖОЖдор ортосунда кошумча эки тараптуу макулдашууларды түзүү чечимине келишкен. Келишимдин негизинде билим берүү программасын магистранттарды даярдоочу өнөктөш ЖОЖдордун кафедралары менен бирден бир макулдашууларды жүргүзүүлөрүн билдиришкен.

Аталган адистик боюнча долбоорго ШКУУнун интернет баракчасындагы [37] материалдарга ылайык, алгач Кыргызстандын алдыңкы 3 жогорку окуу жайлары: Н. Исанов атындагы КМКТАУ, Ж. Баласагын атындагы КУУ жана Б. Ельцин атындагы Кыргыз - Орус Славян университети кирген. Алар эки тараптуу жана көп тараптуу кызматташуулардын негизинде магистратура программасынын алкагында иш жүргүзүп келет.




4.3. - сүрөттө IT-технология багыты боюнча мүчө мамлекеттердин 12 ЖОЖ базалык болуп саналган. Азыркы күндө 28 ЖОЖ бирдиктүү программаларды ишке ашырып келишет.

"**Нанотехнология"** багыты боюнча жыйынтыктар, милдеттер, көйгөйлөр жана жүргүзүлүп жаткан иштер жөнүндө нанотехнология багытын камтыган илимий конференцияларда туруктуу негизде маалымат берилип турат. Ошондой эле, ал кеңешмелерде өнөктөш ЖОЖдордун студенттеринин алмашуусун алдын ала пландаштырылат. Ошону менен катар “жеке окуу пландарын макулдашуу мөөнөттөрү, кезектеги сессияны өткөрүү, кийинки уюмга мүчө өлкөлөрдүн башкы (базалык) университеттеринде өз-ара илимий тематикалар жана илимий багыттар менен алмашуу итеграцияны ишке ашыруу ж.б.у.с. суроолор каралып келет» [171].

Аталган багыт боюнча 10 базалык ЖОЖ бар (4-сүрөт). Ал эми бирдиктүү программаны мүчө мамлекеттердин 16 жогорку окуу жайы ишке ашырууда.




**"Энергетика"** багыты боюнча Новосибирск мамлекеттик техникалык университети [333] – ШКУУга кирген Россиянын базалык университети болуп саналат. 2009-жылдын 20-майында конкурстук комиссиянын чечими менен ШКУнун университетин түзүүгө катышуу үчүн Россиянын 16 жогорку окуу жайы аныкталган. Новосибирск мамлекеттик техникалык университети, Москва энергетика институту (техникалык университет) жана Орусиянын биринчи президенти Б. Н. Ельцин атындагы Урал мамлекеттик техникалык университети менен бирге "Энергетика" багытында жеңүүчү болуп саналат [333]. Новосибирск мамлекеттик техникалык университетинде уюмдун университетинин алкагында магистратура жана бакалавриат программалары, кадрлардын квалификацияны жогорулатуу курстарынын программалары иштелип чыккан. «2011-жылы энергетика факультети ШКУУ линиясы боюнча алгачкы магистранттарды кабыл алган. 2011-жылдын сентябрынан алгачкы 7 магистрант окуп баштап, алардын ичинен 6су Казакстандын жогорку окуу жайларынан, бирөөсү Тажикстандан келген» [37].

Бул приоритеттүү болгон багыттардын ичинен "Энергетика" багытында натыйжалуу кызматташууну көрсөтө алган өнөктөш ЖОЖдордун иши болуп саналат. Л. И. Ефремова менен Р. Г. Федоровдун [97, с.364] эмгегинде: «Аталган багыттын Россиядан координатор-жогорку окуу жайы " МЭИ "Улуттук изилдөө технологиялык университети болуп саналат. 2017-жылдан тарта Пекин шаарында ШКУУнун «энергетика» багыты боюнча симпозиум

өткөрүлүп келет. Симпозиумдун жүрүшүндө уюмдун мейкиндигинде энергиянын кайра жаралуучу булактарын өнүктүрүү боюнча биргелешкен ишмердүүлүктүн абалы жана келечеги талкууланган. Энергетика маселесин өнүктүрүүдө өз ара кызматташууну күчөтүү жана электр тармактарын өнүктүрүү сыяктуу турмуштук маанилүү маселелер талдоого алынган” – деп беришет[97, с.364].

Тармактык университеттин официалдуу баракчасындагы маалымат боюнча, «энергетика тармагында 25 ЖОЖ эки тараптуу жана көп тараптуу кызматташууну ишке ашырууда [37]. «Кыргызстандан "Энергетика" багыты боюнча ОшМУ жана И.Раззаков атындагы КМТУ иш алып барат. "Энергетика", " IT-технологиялар" багыттарына даярдоо үчүн алгачкы кабыл алууларды 2010–2011 – окуу жылында баштаган. Бүгүнкү күндө И.Раззаков атындагы КМТУ «Энергетика" программасы боюнча "МЭИ" (Московский энергетический институт) Улуттук изилдөө университети жана "Чыгыш-технологиялар" программасы боюнча ТМОИ (институт точной механики и оптики) университеттери менен ийгиликтүү кызматташат» [260]. Ал эми аталган багытта 11 базалык ЖОЖ бар (5.1.-сүрөт).




**"Чөлкөм таануу"** адистиги боюнча алгачкы магистратураны Москва мамлекеттик лингвистика университети (ММЛУ) ачкан. Окумуштуу, тарыхчы, изилдөөчүлөр А. Я. Касюк жана С. М. Онищуктун [104, с. 63] эмгегинде ШКУнун гуманитардык багыттагы алакалар жөнүндө маалыматтарды беришкен. Анын ичинде, «2008-ж. 8–9-декабрында Пекинде болгон эл аралык

семинар-кеңешменин катышуучулары өз күч-аракеттерин ШКУнун мүчө мамлекеттеринин ЖОЖдорунда «Чөлкөм таану, лингвистика жана маданияттар аралык коммуникация» инновациялык билим берүү программасын жана аны ишке ашыруу боюнча уюштуруу механизмдерин түзүүнү макулдашышкандыгы тууралуу маалыматтар көрсөтүлгөн. Мындан тышкары, эмгекте: «Аталган багыттагы инновациялык билим берүү программасын ишке ашыруунун максаты - мүчө мамлекеттердин лингвистикалык билим берүү жаатында натыйжалуу кызматташтыкты уюштуруу болгон. Борбордук Азия өлкөлөрү, Россия жана Кытай элдеринин ортосундагы достук жана ынак коңшулук мамилелердин маанилүү фактору катары Шанхай түзүмүнүн алкагында маданияттардын жана цивилизациялардын диалогун бекемдөө каралган. Ошону менен катар алты (казак, кытай ,кыргыз, орус, тажик жана өзбек) тилдерин үйрөнүүнүн негизинде лингвистика, котормо багытындагы бакалавр жана магистрлерди даярдоону каалашкан» - деп жазылган [104, с. 63]. Бирок, ушул багыттагы иштер жай жана чала ишке ашып салкын мамиледе болууда.

Мүчө мамлекеттердеги «Чөлкөм таануу, лингвистика жана маданий аралык байланыш" магистрдик программасы 2009-жылы ачылып, ошол эле жылы студенттерди биринчи кабыл алуу ишке ашырылган. Е. С. Белукованын изилдөөсү боюнча, «Пилоттук режимде ММЛУдагы бул магистрдик курсту өнөктөш ЖОЖдор өз мекенинде университетте окуй баштаган магистранттарын жөнөтүшү менен ишке ашырыла баштаган» [175]. Мындан тышкары, автордун эмгегинде, «биринчи окуу жылында "Чөлкөм таануу, лингвистика жана маданияттар аралык коммуникация" программасынын 13 магистрантынын арасында ММЛУда, "Политология" жана "эл аралык мамилелер" бөлүмдөрүндө окуган студенттердин басымдуу бөлүгү билим алышканын» окууга болот [175]. Ал эми №9 тиркемедеги маалыматка таянсак, «2010-ж. 10-майында Казакстандын Алмата шаарында Абылай хан атындагы эл аралык мамилелер жана дүйнөлүк тилдер Казак университети тарабынан «КМШ жана ШКУнун өлкөлөрүндөгү маданият аралык диалог жана чөлкөм

таануунун актуалдуу маселелери" аттуу эл аралык форуму уюштурулган. Аталган форумда «Чөлкөм таануу» багыты боюнча базалык ЖОЖдор "КМШга катышкан мамлекеттердин тилдери жана маданияты боюнча базалык уюмдун жана ШКУга катышкан мамлекеттердин гуманитардык университеттеринин Консорциумунун жылдык китебин" жана "Чөлкөм таануу, уюмдун өлкөлөрүнүн тилдери жана маданияттары" атайын маалыматтык бюллетенин түзүү жөнүндөгү меморандумун кабыл алышкан». (*Меморандум №9 тиркемеде көрсөтүлгөн).*

ММЛУнун официалдык интернет баракчасындагы маалымат боюнча, «2021-ж. аталган окуу жай ШКУУнун аталган багыттагы 15 базалык ЖОЖдордун (*6-сүрөттө берилген*) ичинен 10 жогорку окуу жайлары менен айкалышкан магистрдик программаларды ишке ашыруу максатында эки тараптуу макулдашууларды ишке ашырып келет. Аталган макулдашуулар боюнча ММЛУга студенттерди кабыл алууга жана аларды өнөктөш ЖОЖдорго жөнөтүүгө мүмкүндүк берет» [299]. ММЛУ менен болгон макулдашуунун негизиндеги академиялык мобилдүүлүк боюнча Кыргызстандан Ж. Баласагын атындагы КУУга быйыл 2024-жылдын 1-апрелинен 30-апрелине чейин «Чөлкөм таануу жана кыргыз таануу» кафедрасына 3 студент практика өтүү үчүн келген.

1-сүрөт. Чөлкөм таануу багыты боюнча базалык ЖОЖдор



“"Чөлкөм таануу" адистиги боюнча долбоорго алгач Кыргызстандын алдыңкы жогорку окуу жайларынын арасында "Чөлкөм таануу" адистиги боюнча Ж. Баласагын атындагы КУУ жана К. Карасаев атындагы БМУ кирген» [37].

2008-2009-жж. ШКУУга алгачкы жана жалгыз мүчө катары Ж. Баласагын атындагы КУУ «Чөлкөм таануу» багыты менен кирген. 2013-жылдын июнь айында Кыргыз Республикасынын Өкмөтү АлтМУ менен "Чет элдик аймак таануу" багыты боюнча биргелешкен магистрдик программаны ишке ашыруу максатында келишимге кол коюшкан. (*Келишим № 11 тиркемеде көрсөтүлгөн*). 2014-ж. окуу пландары, окуу программасы талкууланып, Ж. Баласагын атындагы КУУнун «Тарых жана чөлкөм таануу» факультетинин 5 бүтүрүүчүсү алгачкылардан болуп "Чөлкөм таануу" багыты боюнча бюджеттик негизде АлтМУ га окууга жөнөтүлгөн. *(№ 11 тиркемеде берилген*). 2016-ж. биринчи президент Б. Н. Ельцин атындагы Урал федералдык университет жана Томск мамлекеттик университеттер менен ШКУУнун «Чөлкөм таануу» багыты боюнча бирдиктүү магистрдик программасын ишке ашыруу боюнча келишимдер кабыл алынган. *(№ 12, №13 тиркемеде берилген*). Ж. Баласагын атындагы КУУ нун маалыматына ылайык, «2017-ж. 3-августунда Ж. Баласагын атындагы КУУ нун ректору К. Садыков менен ШКУУнун эл аралык ректору В. М. Филиповдун ортосунда «Чөлкөм таануу», «Педагогика» жана «Экономика» багыттары боюнча кошумча макулдашууларга кол коюлган. Ал эми 2019-жылдын 27-мартында Ж. Баласагын атындагы КУУ менен Россиянын АлтМУнун ортосунда «Экономика», «Экология», «IT-технология» жана «Чөлкөм таануу» багыттары боюнча кошумча келишимге кол коюлуп, биргелешкен окуу пландары иштелип чыккан» [239].

Ошентип, ШКУУ түзүлгөндөн бери билим берүү тармагында ар кандай иш чаралар өткөрүлүп келет. «2008-жылдан тартып "ШКУга мүчө мамлекеттердин билим берүү жумалыгы", «Алдыңкы университеттердин ректорлорунун форумдары» өткөрүлүүдө” [222].

Студенттердин алдында кош диплом алуу жана чет өлкөдө билим алуу мүмкүнчүлүгү албетте жаңы мүмкүнчүлуктөрдү ачат. Эки башка өлкөнүн эки ЖОЖдун дипломдорунун болушу эмгек рыногунда суроо-талапты жогорулатат. Орус окумуштуулары Л. И. Ефремова менен Р. Г. Федоровдун [97, с. 365-568] изилдөөсүндө: «ШКУУнун белгилүүлүгүн жана эл аралык кадыр-баркынын өсүп жаткандыгына байланыштуу “ШКУнун билим берүүнүн жумалыгы” ар жыл сайын уюштурулуп жаткандыгын” кездештирүүгө болот. Мындан тышкары, эмгекте “2015-жылдын 27-30-майында Белгород облусунда (РФ) уюмга мүчө мамлекеттердин билим берүүнүн IX жумалыгы өткөндүгү жана анда түйүндүк университеттин түзөмүнө жаңы мүчөлөрдүн киришин убактылуу токтотуу кабыл алынгандыгы менен бирге өнөктөш ЖОЖдордо окутулуп жаткан багыттардын (адистиктеринин) санын кеңейтүүгө басым жасоо чечими жактырылгандыгы” жазылган [97, с. 365-568].

COVID-19 га байланыштуу 2020-жылдын 30-июнунда ШКУУнун координациялык кеңешинин кезектеги отуруму видеоконференция форматында өткөн. Орусиянын Билим берүү министрлигинин маалыматына ылайык, «мамлекеттер заманбап чакырыктарды эске алуу менен, биринчи кезекте медицина, айыл чарба жана эл аралык укук жана башка адистиктери боюнча биргелешкен программаларды ишке ашырууну макулдашышкан. Отурумдун жыйынтыгында 2023-жылга чейинки келечектүү иш планы бекитилип, координациялык кеңештин мындан аркы ишинин маселелери каралган» [277].

ШКУУнун ректорлорунун кийинки форуму да онлайн форматта 2021-жылдын 21-мартында болуп өткөн. Отурумга башкы (базалык) жогорку окуу жайларынын өкүлдөрү катышкан.

«2023-жылдын 16-24-ноябрында ШКУУнун XIV билим берүү жумалыгы болуп өткөн. Жумалык өзүнө "Жаштар саясаты жана анын заманбап шарттардагы негизги артыкчылыктары", "ШКУга мүчө мамлекеттердин жаштары уюмдун университетин тандайт" жана "Бүгүн билим берүү" деп

аталган тегерек отурум менен коштолгон. Ошондой эле биология, экология жана энергетика боюнча мастер-класстар, көргөзмөлөр камтыган» [290].

«2024-жылдын 18-апрелинде Москвада мүчө мамлекеттердин билим берүү министрлеринин сегизинчи кеңешмеси болуп өткөн. Кеңешменин жүрүшүндө делегация башчылары академиялык алмашуу, биргелешкен илимий иштерди өткөрүү, кесиптик билим берүүнү уюштуруу, тил үйрөтүү, жаштардын өз ара кызматташуусун күчөтүүнү карашкан. Ошондой эле уюмдун алкагында билим берүү тармагын санариптештирүү маселелери талкууланган» [325].

Демек, ШКУУ көп тараптуу кызматташтыкты орнотууга жана илим, билим берүү чөйрөсүндө ири долбоорлордун пайдубалын түзүүгө жетишкен түзүм экени көрүнүп турат. Учурда уюмдун университети илимий изилдөө борборлорун, университеттерди жана өнөктөштүктү өнүктүрүү, инвестиция салуу, ар тараптуу өнүгүүгө умтулган ар кандай уюмдарды бириктирүү мүмкүнчүлүгүнө ээ. Азыркы күндө аталган университет Евразия мейкиндигиндеги билим берүү системасындагы маанилүү ролду ойногон жогорку деңгээлдеги түйүндүк университетке айланууда.

Уюмдун алкагында жалпы билим берүү мейкиндигин түзүү жана өнүктүрүү адамзатынын билимдүүлүгүнүн, интеллектүүлүгүнүн жана маданияттулугунун жогорку деңгээлин камсыз кылуучу социалдашуу маселелеринде жагымдуу чөйрөнү калыптандырууга салымын кошот. Ошол менен бирге, уюмдун мамлекеттеринин ортосундагы саясий, экономикалык, аскердик, этностор аралык жана башка багыттагы кызматташууларда жылуу мамилелерди кеңейтүүгө жана тереңдетүүгө көмөк көрсөтө алат десек жаңылышпайбыз.

Жогрудагы маалыматтардын негизинде төмөндөгүдөй жыйынтык чыгарсак:

❖ Учурда илимий-техникалык прогресстин тез интегациясынын шартында ШКУУ окшогон заманбап түйүндүк ЖОЖ түзүү мезгил талабы экендиги эч кимге жашыруун эмес.

❖ Демек, Кыргызстан үчүн аталган түйүндүк университет аркылуу ШКУга мүчө мамлекеттердин алдынкы тажрыйбасы менен сугарылган жогорку деңгээлдеги кыргыз адистерин даярдап алуу мүмкүнчүлүгү ачылып жатат.

❖ Ал эми билимдүү жаш адистерди даярдоо чөйрөсү да жылдан жылга кеңейип жатышы олутуу маселе экендиги айдан ачык. Азыркы кездеги Кыргызстанда кытай тарабынан инвестицияланып жаткан тоо кен, энергетика, транспорт жана коммуникация ж.б. тармактарында жопкерчиликтүү, бир нече тил (орус, кытай, англис) билген адистерди даярдоо олутуу болууда.

❖ ШКУУнун билим жаатындагы маселеде уюмга кирген мамлекеттердин тилдерин үйрөнүүнүн негизинде лингвистика, котормо багытындагы бакалавр жана магистрлерди даярдоо керектигин билдирген. Бирок, азыркы убакка чейин ушул багыттагы иштер ишке ашпай салкын мамиледе болууда.

❖ Ал эми ШКУУнун алкагында илим жана билим жаатында дүйнөлүк эмгек рыногунда атаандаштык жөндөмдүүлүгүнө ээ болуу үчүн студенттер менен магистранттарга жол ачып жатат деп жыйынтыктасак болот.

## 4.3. Шанхай кызматташтык уюмунун Жаштар кеңешинин ишмердүүлүгү жана мүчө өлкөлөр үчүн стратегиялык мааниси

Шанхай кызматташтык уюмунун ишмердүүлүгүнүн алдыңкы багыттарынын бири болуп жаштар арасындагы кызматташтык саналат. “Жаштар кызматташтыгын өнүктүрүүнүн мааниси айдан ачык, себеби дүйнө жүзүндөгү жалпы 1,8 миллиард жаштардын ичинен дээрлик жарымы 800 миллиондон ашык адам уюмдун мейкиндигинде жашайт. Жаштар аталган уюмдун ишмердүүлүгүнө жаңылык киргизип, кызматташтыкты кеңейтүүнүн, региондогу коопсуздукту жана туруктуулукту камсыз кылуунун, жаңы коркунучтарга жана чакырыктарга биргелешип каршы туруунун кыймылдаткыч күчү болуп саналат” - деп жазган кытай окумуштуусу, тарыхчы

Чжао Фэнцай [142, с.73]. Чындыгында, жаштар кызматташтыгы ШКУнун өлкөлөрүнүн жана элдеринин ортосундагы маданий-гуманитардык багыттагы алакалардын өнүгүүсүн, жакшы коңшулук мамилелерди түзүүгө жол ачып берет.

Профессор А. Кылычевдин [67, с. 203] изилдөөлөрүнө ылайык, “Уюмдун маданий-гуманитардык багытта кызматташуусундагы жаштар арасында басымдуу ролду ойногон органы болуп - Шанхай кызматташтык уюмунун Жаштар кеңеши (ЖК)” саналат. ШКУнун интернет баракчасындагы [281] маалыматка ылайык, “жаштар кеңешин түзүү РФнын президенти В. В. Путин тарабынан 2006-ж. 15-июнунда Шанхай шаарындагы мүчө мамлекеттердин башчыларынын кеңешинин маарекелик жыйынында демилгеленген. Аталган уюмдун мүчө мамлекеттеринин башчыларынын Пекиндеги жолугушуусунда (2007 – жылдын майы) жаштар кеңешин түзүү концепциясы киргизилген. 2009-ж. 2-5-майында Екатеринбургда уюмдун Жаштар Ассамблеясы болуп, анын алкагында 4-майда уюмдун жаштар кеңешинин уюштуруу конференциясы болуп өткөн”.

Уюмдун Жаштар кеңешин түзүүнүн негизги максаттары болуп төмөнкүлөр саналат: *(№4.4. таблицаны караңыз)*

**Жаштар кеңешин түзүүнүн негизги максаттары** **Таблица 4.4.**

| № | Максаттар |
|---|---|
| **1.** | Катышуучу өлкөлөрдүн улуттук өзгөчөлүгүн даңазалаган биргелешкен фестивалдарды, конкурстарды, концерттерди, көргөзмөлөрдү, иш-чараларды өткөрүү аркылуу маданий алмашууларды өнүктүрүү; |
| **2.** | Атаандаштыкка жөндөмдүү жана дүйнөлүк өнүгүү процессинде пайда болгон чакырыктарга каршы туруучу ШКУнун өлкөлөрүнүн жаш муундарынын билим деңгээлин жогорулатуу; |
| **3.** | Биргелешкен спорттук мелдештерди өткөрүү, сергек жашоо образын жайылтуу аркылуу дени сак муунду калыптандыруу. |

ШКУнун 2016-2018-жж. башкы катчысы болуп иштеген, саясат таанучу Р. К. Алимовдун [169] эмгегинде: "ЖКнын максаты жана милдеттери берилген. Ага ылайык, Жаштар Кеңешинин максаты – ШКУнун тарыхый миссиясын ишке ашырууга жөндөмдүү жана уюмдун саясатын, ар тармакта ишмердүүлүгүн улантуучу жаш муундарды өнүктүрүү максатындагы жаштар арасындагы өз ара алмашуу жана кызматташуу ж.б.».

Ал эми, аталган максатка жетүү үчүн ЖКнын тапшырмаларын С. Г. Максимова[114] баш болгон бир топ орус окумуштууларынын изилдөөсүндө төмөнкүлөр берилген *(№ 4.5.таблицаны караңыз)*:

**Жаштар кеңешинин милдеттери** **Таблица 4.5.**

| № | Милдеттер |
|---|---|
| 1. | ШКУга мүчө мамлекеттердин улуттук жаштар уюмдарынын, бирикмелеринин, кыймылдарынын натыйжалуу аймактык кызматташтыгын өнүктүрүүгө көмөктөшүү |
| 2. | ШКУга мүчө мамлекеттердин жаш жарандарын мүчө мамлекеттердин аймагындагы гуманитардык чөйрөдөгү долбоорлорду ишке ашырууга тартуу, мүчө мамлекеттердин жаштар уюмдарынын, бирикмелеринин, кыймылдарынын ортосунда түз байланыштарды өнүктүрүүгө көмөктөшүү |
| 3. | ШКУга мүчө мамлекеттердин Жаштар долбоорлорун ишке ашыруу үчүн зарыл болгон каржылоо булактарын, өнөктөштөрдү жана катышуунун башка формаларын издөөгө көмөк көрсөтүү |
| 4. | ШКУнун алкагындагы гуманитардык кызматташуу үчүн шарттарды жакшыртуу боюнча сунуш жана пикирлерди иштеп чыгуу |
| 5. | ШКУга мүчө мамлекеттердин улуттук жаштар уюмдарынын, бирикмелеринин, кыймылдарынын кызматташтыгын өнүктүрүү максатында маалыматтык алмашууну ишке ашыруу |
| 6. | ШКУга мүчө мамлекеттердин улуттук жаштар уюмдарынын, |

| | |
|---|---|
| | бирикмелеринин, кыймылдарынын маданий алмашуу, Спорт жана билим берүү жаатында кызматташуу пландарын жана программаларын иштеп чыгуу |

Аталган уюмдун Жаштар кеңеши жөнүндөгү Жобого ылайык, кеңеш мүчө мамлекеттердин ишмердүүлүгүнүн багыттарынын алкагында ага кирген жаштар уюмдарынын, бирикмелеринин, кыймылдарынын координациялык ишин жүзөгө ашыруучу орган болуп саналат. ШКУнун интернет баракчасындагы ЖК тууралуу маалыматына [281] ылайык, ар бир мүчө мамлекеттен ЖКга тиешелүү өкүлү болгон *(№ 4.6. таблицаны караңыз)* :

**Мүчө мамлекеттердин Жаштар Кеңешиндеги өкүлдөрү Таблица № 4.6.**

| № | Мүчө мамлекеттердин Жаштар Кеңешиндеги өкүлдөрү |
|---|---|
| **1.** | «Нур Отан» Элдик-Демократиялык партиясынын «Жас Отан» Жаштар Канаты жана Казакстандын Жаштар Конгресси (Казакстан) |
| **2.** | Бүткүл кытайлык жаштар федерациясы (Кытай Эл Республикасы) |
| **3.** | Кыргызстандын Жаштар коомдук кеңеши (Кыргызстан Республикасы) |
| **4.** | Россиянын Жаштар Союзу жана Жаштар коомдук палатасы (Россия Федерациясы) |
| **5.** | Тажикстандын Жаштар Союзу (Тажикстан Республикасы) |

«2010-ж. ЖКнын жыйыны Санкт-Петербург шаарында өтүп, 2 миң жогорку окуу жайларынын студенттери, 40 чет мамлекеттин жаштар кыймылынын лидерлери катышкан. Мүчө мамлекеттердин жаш лидерлерин чогулткан иш-чаранын алкагында уюмдун мейкиндигинде кызматташтыкты өнүктүрүү маселелери боюнча жыйындар жана тематикалык конференция болуп өткөн. Конференциянын жүрүшүндө жаштар кеңешинин 2010-2011-жылдарга карата негизги иш-чараларынын планы, ошондой эле учурдагы ишмердүүлүк маселелери, тактап айтканда, төрагалык кылуу боюнча ыйгарым укуктарды казак тарапка өткөрүп берүү талкууланган» [278].

Кийинки «Жаштар Кеңешинин отуруму 2011-жылы июлдун 8-11не чейин Казакстан Республикасынын Алматы шаарында болуп өткөн». ШКУнун жаштар кеңешинин мүчөлөрү, тактап айтканда уюмдун мүчө жана байкоочу мамлекеттеринен келген коноктор ШКУнун университетинин келечегине, маалыматтык камсыз кылууга жана катышуучу өлкөлөрдүн студенттерин уюмдун катчылыгында стажировкасына байланыштуу бир катар маселелерди, андан ары ишке орношуу мүмкүнчүлүгүн талкуулашкан. Жыйындын жүрүшүндө Жаштар Кеңешинин онлайн-конференцияларды өткөрүү жана Facebook, Twitter сыяктуу социалдык тармактарды колдонуу боюнча өз сунуштарын айтышкан. Ошондой эле, уюмдун идеяларын жайылтууда социалдык тармактарды колдонууну жана телеканалдарын тартуу керектигин белгилешкен. Мындан тышкары, уюмдун жаштарынын кезектеги форумун сертябрь айында Ысык-Көлдүн жээгинде өткөрүү демилгесин колдошкон. Отурумдун жыйынтыктоочу бөлүгүндө 2010-2011-жылдардагы иштердин жыйынтыктарын талкуулоо, алдыдагы 2012-жылга пландарды иштеп чыгуу, ошондой эле ШКУнун жаштар Кеңешинде төрагалыкты кытай тарапка салтанаттуу өткөрүп берүү болуп өткөн» [180].

2012-жылдын 14-16-август күндөрү Пекинде Жаштар Кеңешинин V жыйыны өттү. Жолугушуунун алкагында 2011-2012-жылдарга карата кеңештин аткарылган жыйынтыктары чыгарылып, уюмдун мүчө мамлекеттеринин жаштары менен иштөө боюнча сунуштар, жаңы тенденциялар, чакырыктар айтылган.

Ал эми «ЖКнын VI жыйыны 2013-ж. 12–13-сентябрда Бишкекте болуп, анда Сириядагы кырдаал боюнча биргелешкен билдирүү кабыл алынды. Мындан тышкары, катышуучулар Сирия жаңжалына үчүнчү өлкөлөрдүн аскердик кийлигишүүсүнө, ошондой эле Сириядагы куралдуу жаңжалдын мындан ары күчөшүнө каршы экендигин билдиришкен. Отурумдун жыйынтыгында 2014-жылга карата негизги иш-чаралардын планы талкууланган» [352].

В. С. Золочевскийдин [100, с.74] эмгегиндеги маалыматка таянсак, «ЖК отурумдары жаштардын билим алуу көйгөйлөрүнө гана арналбастан, чек ара кызматташтыгына боюнча да уюштурулуп турган. Автор: «2014-ж. август айында Алтай крайында ишкердик жана чек ара кызматташтыгы боюнча уюмдун жаштар форуму болуп өткөн. Форумга 2000ге жакын уюмдун өлкөлөрүнөн келген мамлекеттик бийлик органдарынын өкүлдөрү, жаш ишкерлер, коомдук уюмдардын лидерлери катышкан. Ал эми, октябрь айындагы Уфада болуп өткөн ШКУнун өлкөлөрүнүн жаштардын инновациялык форумуна мүчө мамлекеттердин ар кайсы аймактарынан келген жаш окумуштуулар чогулуп, илим багытындагы кызматташтыктын келечегин талкуулап, өз долбоорлорун жана идеяларын эксперттердин сотуна сунушташкан” -деп жазылат [100, с.74].

«Жаштар кеңешинин кезектеги VIII жыйыны 2015-ж. 10-июлунда Россиянын Красноусольск шаарында уюштурулган” [192]. Анда «Мүчө мамлекеттердин жаш адамынын эл аралык картасын» түзүү демилгеси көтөрүлгөн”. Демилге боюнча келечекте «Мүчө мамлекеттердин жаш адамынын эл аралык картасына» ээ болгон жогорку окуу жайдын студенттерине окуу, жатакана, тамак-аш үчүн жеңилдиктер берилмекчи. Анда ШКУУнун студенттерине 30–100 пайыздык арзандатуу менен темир жол жана авиатранспортто жүрүүгө, мейманканаларда жана жатаканаларда жашоого, тармактык кафелерде тамактанууга, уюмдун бардык өлкөлөрүнүн аймагындагы музейлерге, тарыхый жана маданий жерлерге барууга мүмкүндүк берилээри каралган» [205].

Жаштар Кеңешинин кезектеги кийинки IX кеңеши Орусиянын Астрахань шаарында болгон [353]. 2016-ж. 20–21-май күндөрү өткөн жыйынга мүчө мамлекеттерден келген 30 жаш лидер катышкан. Отурумда «Жаштар ишкердигин өнүктүрүү», «ШКУнун мейкиндигинде жаштар арасындагы гуманитардык багыттагы жаңы долбоорлорду түзүү жана ишке ашыруу» көйгөлөр каралган.

“2018-жылдын 10-июнунда Циндао шаарындагы мамлекет башчыларынын кеңешинде Өзбекстан Республикасынын Президенти Ш. Мирзиеев Астана саммитиндеги (9-июнь 2017 – ж.) киргизген сунушунун негизинде, мүчө мамлекеттердин башчыларынын жаштарга “Биргелешкен кайрылуусу жана аны ишке ашыруу боюнча программа” кабыл алынган”. Программада жаштарды тарбиялоо, улан-кыздарда билимге умтулууну жана өзүн-өзү өркүндөтүүнү калыптандыруу, өсүп келе жаткан муунду ар кандай террористтик уюмдардын ишинен баш тартуу, экстремисттик агымдардын зыяндуу экени баса белгиленген [17].

ШКУнун кадыр-баркы өскөн сайын эл аралык аренада улан-кыздар, биринчи кезекте эң алдыңкы студент жаштар тарабынан уюмдун ишмердүүлүгүнө кызыгуу артууда. Акыркы жылдары уюмдун ишмердүүлүгү жөнүндөгү курстук, дипломдук иштерди даярдашып, тематикалык конкурстарга, конференцияларга жана симпозиумдарга катышып келишет.

Аталган “иш-чаралар эл аралык коопсуздук ж.б. теманын алкагында да уюштурулуп келет. Мындай глобалдык коркунучтардын пайда болушу менен мүнөздөлгөн азыркы шарттарда мүчө мамлекеттерде жашаган жаштарга карата биргелешкен кайрылуу, чакырыктар өз убагында жана маанилүү болуп саналат” [195] десек жаңылышпайбыз.

Р. К. Алимовдун [169] ою боюнча, “Жаштар Лигасы өз кезегинде Кытайда окуп жана иштеп жаткан сегиз өлкөнүн таланттуу, интеллектуалдык жактан өнүккөн жаштарын бириктирүүнү көздөгөн. Алардын катарында алдыңкы эксперттер, ишкерлер, саясатчылар, дипломаттар менен дискуссиялык жолугушууларды өткөрүп, уюмдун өлкөлөрү боюнча таанып-билүүчүлүк сапарларды уюштуруп келишет. Лига өз катарына жогорку курстун студенттерин, аспиранттарды, жаш илимпоздорду жана компаниялардын менеджерлерин, медиа өкүлдөрүн бириктирген»[169].

«2018-жылдын ноябрь айында Кытайдын Хайнань аралында «ШКУнун жаштары терроризм жана экстремизмге каршы» аттуу темада жаштардын

өкүлдөрүнүн Ассамблеясы болуп өткөн. Ассамблеяга уюмдун 12 өлкөлөсүнүн жаштары бириккен жана "ШКУнун модели", "XXI кылымдын лидери" аттуу темадага маселелер каралып, ассамблея түрдүү маданий, спорттук оюндары менен коштолгон” [211].

2016-2019-жж. аралыгында Жаштар Кеңешинин мүчөлөрү арасында өз ара алмашуу демилгелери көтөрүлө баштаган. Алсак, «алгачкылардан болуп аталган кеңеш ЖКнын Кыргызстандагы өкүлчүлүгү Ысык-Көлдө «ШКУнун жаштар кеңешинин форумун» уюштурушкан» [302]. «Казакстандык өкүлдөр 2017-жылы "Жашыл экономиканы, туризмди жана спортту өнүктүрүү" аталышындагы уюмдун жаштар форумун уюштурушкан» [182]. Ал эми, «2018-жылы Өзбекстан Орусия менен биргеликте уюмдун жаштар саясатынын принциптерин камтыган уюмдун мамлекет башчыларынын жаштарга кайрылуусун даярдаган» [322]. «Тажикстан 2019-жылы келечекте «Шанхай кызматташтык уюмунда жаштар жылын» өткөрүүнү сунуштаган» [224].

Кытай өкмөтү да сыртта калган эмес, К. Г. Муратшина менен Е. Л. Бахтиндин[118, с.117] изилдөөсүндө: «2016-жылдан баштап уюмдагы жаштар арасындагы өз ара алмашууда алдыңкы ролду кармоо аракетин Кытай өкмөтү ишке ашыра баштаган» -деп белгилешкен. 2016-жылы Кытай тарап Пекинде уюмдун бардык өлкөлөрүнүн өкүлдөрүнүн катышуусу менен "XXI кылымдын лидери" интеллектуалдык оюнун уюштурган» [214].

«Жэньбин Жибао» гезитинин маалыматына ылайык, «2018-ж. Пекиндеги уюмдун катчылыгынын алдында уюмдун жаштар кеңешине альтернативалуу структура – «Шанхай кызматташтык уюмунун Жаштар лигасы» түзүлүп, башына Цинхуа университетинин студенти Виктория Ху дайындалган”. Бул мезгилден тартып кийинки иш чараларды Жаштар лигасы өткөрүп, Кытай тарабынан уюштурулуп келген» [287]. Ошол менен бирге 2018-жылы Кытай өкмөтү тарабынан жаңы платформадагы жаштардын түзүмү уюштурулган. "Шанхай кызматташтык уюмунун өлкөлөрүнүн Жаштар платформасы - SCOLAR Network" деп аталып, онлайн форматта активдүү иш алып бара

баштаган. Аталган платформа социалдык тармактар аркылуу уюмдун алкагындагы жаштардын арасындагы иш-чараларды уюштурууга катышууга, жаштар менен баарлашуу жана контент алмашуу үчүн тармактык аянтчалардын ишин камсыз кылууга жана ШКУнун мүчө мамлекеттеринин маданиятын жана экономикалык жетишкендиктерин жайылтууга мүмкүнчүлүк алышкан» [354].

Ал эми 2020-жылы COVID-19 га байланыштуу пандемиянын мезгилинде иш-чаралар токтоп. “Уюмдун Катчылыгынын жана Жаштар кеңешинин аракети менен эл аралык жаштар күнүнө карата "ШКУнун аймагындагы жаштардын ролу" деп аталган видеоконференция» [304], «"Санариптик экономика доорунда ШКУнун өлкөлөрүндөгү жаштардын ишкердүүлүгү" вебинары өткөрүлгөн» [323]. “Илимий конференцияларга уюмдун мейкиндигинен жана башка чет өлкөлөрдөн 350дөн ашык ишкерлер, окумуштуулар, коомдук уюмдардын өкүлдөрү жана студенттер катышышкан. Талкуунун жүрүшүндө уюмдун мүчө жана байкоочу өлкөрүнөн келген жаш ишкерлер стартаптарды өнүктүрүү тажрыйбасы менен бөлүшүшүп, электрондук коммерцияны өнүктүрүү, анын каржы секторунун өзгөчөлүктөрү, уюмдун өлкөлөрүндөгү логистика жана локалдаштыруу көйгөйлөрүн талкуулашкан” [304], [323].

Пандемиянын аякташы менен Жаштар Кеңешинин жыйындары улантыла баштаган. «2022-ж. 9-10-июнда Ташкент шаарында» [208], «2023-ж. 14-мартында Индиянын Нью-дели шаарында аталган кеңештин жыйындары болуп өткөн» [216]. «Ушул эле жылдын 6-10-февралында Индиянын Бангалор шаарында уюмдун жаш окумуштуулар форуму уюштурулган” [284]. Ал эми, «2024-ж. март айында Орусиянын Сочи шаарында аталган уюмдун өлкөлөрүнүн жаштарынын «Дүйнөнүн жаштары» фестивалы уюштурулган» [286]. Аталган иш чаралар уюмдун алкагындагы маданий-гуманитардык багыттагы, атап айтканда илим, билим берүү, экология, туризм тармактарындагы кызматташууну өнүктүрүүгө арналган.

Жаштар Кеңешинин ишмердүүлүгүнүн өнүгүүсүндө ШКУга университетине кирген ЖОЖдордун салымы зор. Мисалга алсак, «Алтай

мамлекеттик университети ШКУнун базалык университети катары студент, магистрант жана аспиранттарды даярдоо багыты боюнча эл аралык илимий-жаштар форумдарын 2020-жылдан бери үзгүлтүксүз өткөрүп келүүдө. Алар: «Алтай-Азия 2020: Евразиялык билим берүү мейкиндиги - жаңы чакырыктар жана мыкты тажрыйбалар" эл аралык билим берүү форуму; "Россия жана түрк дүйнөсү: Улуу Алтай өлкөлөрүнө жаштардын көз карашы" эл аралык илимий-жаштар форуму; «Жаш окумуштуу түркологдордун жана алтаисттердин эл аралык мектебинин илимий-изилдөө сессиясы». Форумдардын жыйынтыгы менен илимий материал адистештирилген алтаистика жана түркология маселелерине кызыккан окурмандар чөйрөсүнө багытталган илимий журналдарга жайгаштырылган» [146].

«Азия регионунда бирдиктүү билим берүү мейкиндигин калыптандыруу, жогорку кесиптик билим берүү чөйрөсүндө интеграциялык аракеттердин кубаттуу импульсун, академиялык мобилдүүлүктү жана маданий байланыштарды кеңейтүү максатында дүйнөнүн 8 өлкөсүнөн келген 27 университеттин делегаттары 2012-ж. 22-майында Азия университеттеринин ассоциациясын (АУА) түзүү боюнча меморандумга кол коюшкан. Жыйынга Армения, Кытай, Монголия, Тажикстан, Россия, Казакстан жана Кыргызстандын ЖОЖдун жетекчилери катышышкан. Азия билим берүү мейкиндигиндеги университеттерди стратегиялык өнүктүрүүнүн артыкчылыктуу багыттарынын бири ар тараптуу жана өз ара пайдалуу эл аралык кызматташтыкты кеңейтүү болуп саналат. Окуу жайдын бүгүнкү иш планына: тажрыйба алмашуу, студенттер, аспиранттар жана окутуучулар үчүн академиялык мобилдүүлүк программаларын иштеп чыгуу, биргелешкен билим берүү программалары, биргелешкен студенттик маданий жана спорттук иш - чаралар, мүчө университеттердин илимий журнал-бюллетенин ишке киргизүү кирет. АУАнын колдоосу астында студенттик бирикмелердин ишмердүүлүгүн өнүктүрүү программасынын алкагында эл аралык форумдар ишке ашырылууда: "Алтай-Азия – 2017" аталышындагы III Азиялык студенттик форуму (Барнаул,

2017); "Тажикстан-Азия – 2019" деп аталган IV Чыгыш Азиялык студенттик форуму (Душанбе, 2019); "Кыргызстан-Азия – 2021"аталышындагы V Азиялык студенттик форуму (Ысык-Көл, 2021). Форум билим алып жаткан жаштарды кызыктырган ар түрдүү тематикалар боюнча өз ишмердүүлүгүн жүргүзгөн» [146].

Кыргыз жаштары да аталган уюмдун мейкиндигинде активдүү иш алып барууда. Р. К. Алимовдун [169] эмгегиндеги маалыматка ылайык, «уюмдун Жаштар кеңешинде биздин өлкөнүн өкүлү болуп «Кыргызстандын жаштар коомдук кеңеши саналат». «Кыргызстандын жаштар коомдук кеңеши» өлкөбүздүн аймагында алгачкы жолу уюмдун ЖКнын отуруму 2013-жылы 25–27 январь күндөрү Ысык - Көлдүн жээгинде "Туризмди өнүктүрүү" деп аталган форумдун негизинде өткөн. Аталган иш – чаранын максаты болуп Кыргызстандагы туризмди өнүктүрүүгө кызыкдар адамдарды бир аянтчага чогултуу болгон. Форумга эксперттер, уюмдун ар кайсы өлкөлөрүнөн келген делегаттар, туристтик операторлор жана профилдик мамлекеттик түзүмдөрдүн өкүлдөрү катышкан. Кыргызстандагы бийик тоолуу дайвинг жана суу алдындагы археология, экологиялык туризм жана социалдык медианын туризмди өнүктүрүүгө тийгизген таасири ж.у.с. көйгөйлөр талкууланган» [282].

«Уюмдун Жаштар Кеңешинин Кыргызстандагы экинчи ирет отуруму 2019-ж. 13-июнунда өткөн» [220]. Кыргыз Республикасынын төрагалыгынын алдында бир катар локалдуу жана массалык иш-чаралар уюштурулган. Биринчиси, «февраль айындагы туризмди өнүктүрүүгө арналган форум. Анда Кыргызстандагы кышкы эс алуунун артыкчылыктары менен тааныштырып, өлкөнүн лыжа спортун сүйүүчүлөр үчүн жагымдуулугун белгиленген. Ал эми экинчиси - Ысык-Көлдө кыргыз-өзбек жаштар форуму болгон» [184].

Андан тышкары, кыргыз жаштары уюмга байланыштуу эл аралык иш-чараларга активдүү катышууда. Мисалы, «Ставрополдо өткөн "БРИКС жана ШКУнун өлкөлөрүнүн студенттик жазы" фестивалынын алкагында өткөн «Студенттердин ханышасы — 2019" сулуулук жана талант сынагына 12

өлкөдөн 16 катышуучу катышып, Кыргызстандан Жамиля Ишенбаева жеңүүчү деп таанылган» [202].

Ошентип, акыркы он жылдын ичинде уюмда кызматташуунун жаңы багыты, жаштардын мобилдүүлүгү менен иш алып барган конкреттүү жооптуу орган – Жаштар кеңеши тарабынан көптөгөн агартуучулук иш-чаралар (жаштар конференциялары, форумдар, тегерек столдор, бизнес оюндары), көңүл ачуучу (фестивалдар жана маданий программалар) жолугушуулар уюштурулду.

Жаштар кеңешинин иш-чараларга катышуунун натыйжасында жаштарыбыз өздөрүнүн саясий ишмердиги, ишкердикти өнүктүрүү боюнча тажрыйбалары менен бөлүшүп, байланыштарды түзүүгө, өз долбоорлорун сунуштоого мүмкүнчүлүктөрдү алышууда. Андан тышкары кыргыз жаштары улуттук өзгөчөлүгүн даңазалаган биргелешкен иш-чараларды өткөрүү аркылуу гуманитардык чөйрөдөгү долбоорлорду ишке ашырууда, кыргыз жеринин сулуулугун даңазалоонун натыйжасында туризм багытындагы кызматташтыкты өнүктүрүүгө өз салымын кошууда. Ошол менен бирге ЖКнин алкагындагы уюштурулган долбоорлордун негизинде учурдагы дүйнөлүк өнүгүү процессинде пайда болгон чакырыктарга каршы туруучу билимдүү, дени сак жаш муундарыбызды калыптандыруу мүмкүнчүлүктөрүнө ээ болуу аракети калыптана баштады.

Аталган кеңештин ишмердүүлүгү иш чаралары уюмдун алкагындагы экономикалык, социалдык, маданий, гуманитардык ж.б. тармактардагы олуттуу маселерди талкуулоо менен бирге, биргелешкен чакырыктарды даярдоого белсенген. Акыркы мезгилдеги экология, тышкы миграция ж.б. маселелерине да көңүл буруруда.

Азыркы мезгилде ШКУга кирген мамлекеттердин миграция маселеси олуттуу экендигинде талаш жок. Айрыкча жаш курактагы жумушка жарамдуу жана жөндөмдүү адамдар коңшу мамлекеттерге окууга, соода ишкердигинде (ири базарларда, чек ара соода чектеринде) тоо кен, энергетика ж.б. тармактарда жалданып иштөөгө барышат. Эгерде (илимий иштин 4.2.

параграфында берилген) Кытайдын жарандары Кыргызстанда билим алуусу Борбордук Азия республикаларына салыштырмалуу аз санда болгондугуна карабастан, жумуш иштөө квотасы боюнча биринчи орунда турат. Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик миграция кызматынын маалыматы боюнча, «2016-ж. 14 миң 768 чет элдик жаран иштөөгө уруксат алса, анын 11 миң 593ү Кытайдын жарандары болгон» [317]. Ал эми «2018-жылы өлкөгө 35 215 кытай жараны иштөөгө келген» [318]. «2010–2018-жылдар аралыгында 268 кытай жараны Кыргызстандын жарандыгын алган. Ошондой эле бул сегиз жылдын ичинде Кыргызстандын 60 жараны Кытайдын жарандары менен расмий никеге турганы белгиленген» [200]. Ал эми «2022-жылы кытайлар 46% азайган. 2022-жылга карата Кыргызстанда кытайлардын саны 971ге жетпегени калган» [71]. Алсак, «Кыргызстандагы жумуш квотасынын 80%га жакынын кытайлыктар, эң азын Өзбекстандын жарандары алган. Себеби, биздин өкмөт кытайлык компаниялар менен жолдорду, ГЭСтерди куруу, тоо-кен, энергетика ж.б. ири долбоорлорду ишке ашыруу боюнча келишимдерди түзүп жатат» [317].

Жогорудагы маалыматтардын негизинде төмөндөгүдөй бүтүм чыгарсак:

– ШКУнун келечектеги жашосу үчүн Жаштар кеңешинин ишмердүүлүгү жана мүчө өлкөлөр үчүн стратегиялык мааниси өтө жогору. ЖК уюмдун ишмердүүлүгүн улантууда, анын долбоорлорун сунуштоодо жана жайылтууда кеңири мүмкүнчүлүктөргө ээ.

– Кыргыз жаштары да аталган уюмдун мейкиндигинде активдүү иш алып барууда. Уюмдун Жаштар кеңеши менен биргеликте уюштурулган маданий-гуманитардык иш чаралар жаш муундар үчүн ар бир мамлекеттеги коопсуздук, тынчтык маселелерин камсыздоодогу тажрыйба алмашуу аракеттери болуп саналат.

– Кыргыз жаштары аталган уюмдун алкагында маданий жана гуманитардык багыттарда активдүү иш аракеттерин жана долбоорлорун сунуштап Кыргызстандын уюмдун алкагындагы ишмердүүлүгүндө салым кошуусу керек.

# КОРУТУНДУ

Кыргыз Республикасынын ШКУнун өлкөлөрү менен учурдагы жүргүзүп жаткан жалпы жана жигердүү маданий-гуманитардык кызматташтыгы өлкөбүздүн көп тарамдуу жана тынчтыкка багытталган прагматикалык дипломатиялык саясатынын күзгүсү болуп саналат.

Диссертациялык эмгегибизде Кыргызстандын ШКУ өлкөлөрү менен болгон алакаларынын бир гана өңүтү – маданий-гуманитардык багыт гана талданганына карабастан, изилдөөбүз Кыргызстан менен ШКУнун жалпы кызматташтыгынын зарылчылыгын ачып берүүгө аз болсо дагы өз салымын кошо алды деп үмүттөнөбүз.

Диссертациялык иште жалпысынан төмөнкүдөй өңүттөр талдоого алынды:

1. Ата мекендик жана чет өлкөлүк тарыхнаамаларды талдоонун, изилдөөчү тарабынан тарыхый булактардын жаңы топтомун илимий айлампага киргизүүнүн негизинде Кыргыз Республикасынын ШКУга мүчө мамлекеттер менен маданий-гуманитардык кызматташтыгынын мезгилдүүлүгү түзүлүп, ал үч этапка бөлүндү;

2. ШКУ алкагындагы маданий-гуманитардык кызматташтык маселелери уюм түзүлгөндөн тартып жөнгө салына баштаган. Ал байланыштардын артыкчылыктуу багыттары тастыкталып, ал тармактарда Кыргыз Республикасы ШКУга мүчө өлкөлөр менен менен биргеликте тыгыз кызматташууга белсенип жаткандыгы анализденди**;**

3. Кыргызстандын ШКУнун мүчө мамлекеттери менен болгон активдүү жүргүзүп келген эки тараптуу жана көп тараптуу маданий багыттагы алакалары келечекте элдердин руханий жана материалдык мурастары менен тереңирээк таанышууга мүмкүндүк берет. ШКУнун мамлекеттеринин маданий кызматташуусунда «маданий дипломатия» маселеси олуттуу орунду ээлеп келет. Бирок, ар башка маданиятта жашаган элдердин башын кошкон бул

уюмдун ишмердигинде кедерги жараткан бир топ маселелер бар. Ар бир улуттун, мамлекеттин эч нерсеге алмаштырылгыз кылымдан кылымга сакталып келген улуттук баалуулуктары маанилүү орунда турат. Ошондуктан, маданий алаканын бир багыты болгон тарыхый эстеликтерди саткоо, коргоо жаатындагы көйгөй жараткан маселерин эске алуу олуттуу болуп эсептелет.

4. ШКУнун алкагындагы маданий-гуманитардык кызматташууда туризм маанилүү тармак – дүйнөлүк, улуттук экономиканын өнүгүшүнө эл аралык мамилелерди чыңдоого салым кошот. "ШКУнун сегиз керемети" планы мүчө мамлекеттерде бирдиктүү туристтик мейкиндикти түзүү жана дүйнөгө уюмдун өлкөлөрүнүн маданий мурасын, туризмин өнүктүрүүнүн ар түрдүүлүгүн жана потенциалын таанытуу болгон.

5. Билим берүү жана илим тармактары ШКУнун алкагындагы гуманитардык алакалардын негизгилеринен бири болуп саналат. Аталган тармактардагы мамилелер өлкөлөрдүн ортосундагы экономикалык, социалдык жана маданий байланыштарын жогорулатууга көмөктөшөт. Кыргызстан уюмдун мүчөлөрү менен бирге билим берүү, илимий-техникалык жаатта ар тараптуу кызматташтык механизмдеринин форматтарын түздү; Кыргызстандын бир нече окуу жайы ШКУнун университетинин ишмердүүлүгүнө активдүү катышып жатат;

6. ШКУнун келечектеги жашосу үчүн Жаштар кеңешинин ишмердүүлүгү мүчө өлкөлөр үчүн стратегиялык мааниси өтө жогору. Жаштар уюмдун байланыштарын түзүүдө, улантууда, анын долбоорлорун сунуштоодо жана жайылтууда кеңири мүмкүнчүлүктөргө ээ. ШКУнун Жаштар кеңешинин курамына ар бир мүчө-мамлекеттин улуттук жаштар уюмдары кирет: Кыргыз Республикасынан - Кыргызстандын Жаштар коомдук кеңеши; Кыргыз жаштары Жаштар кеңешинин алкагында кыргыз жеринин кооздугун даңазалаган туризм, ошону менен катар илим, билим, спорт тармагындагы кызматташтыкты өнүктүрүүгө салым кошууда.

7. Кыргызстан Кытай менен маданий-гуманитардык кызматташтыкта Жибек жолунун айдыңындагы жайгашкан мамлекеттердин тарыхый маданий мурастарды биргелешип пайдаланууну көздөйт. Ошону менен катар Кытай жарандарынын БА анын ичинде Кыргызстандагы активдүү мадиний жана илимий жаатагы жараяны ШКУ уюмунун ишмердүүлүгү менен тыгыз байланыштуу. Уюмдун 23 жылдык жашоосунда Кытайдын концепцияларын ишке ашырууда негизги таянычы катары чыга алгандыгы айдан ачык. Көптөгөн эксперттер белгилегендей, учурда Кыргызстандын экономикалык, социалдык ж.б. чөйрөсүндөгү ишмердүүлүгүндө Кытайдын таасири жана катышы ар дайым сезилип турат.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

1. ШКУ Университетинин алкагында эл аралык тармактык долбоорлорду ишке ашыруу үчүн кытай, орус, англис ж.б. чет тилдерин билген адистерди даярдоосу керек. Университеттин алкагында саламаттыкты сактоо, спорт, туризм, тарых, экономика ж.б у. с. кесиптер боюнча адистерди даярдоосу зарыл. ШКУнун бирдиктүү массалык-маалыматтык бирдиктүү мейкиндигин түзүү шарт.

2. ШКУнун алкагында Улуу Жибек жолунун айдыңында жайгашкан мамлекеттердин тарыхый маданий мурастарын камтыган обьекттерин коргоо боюнча көп баскычтуу жана сапаттуу кызматташуу аянтчаларын түзүүсү зарыл.

3. Уюмдун алкагында Кыргызстандын экономикалык ж.б. жаатында жаңы технологиялар менен камтылган ишканаларды түзүү жана тажрыйба алмашуу мүмкүнчүлүктөрүн колдонуу маселеси да актуалдуу бойдон калууда. Аларга жаш, тилди жакшы билген улуттук кадралдын тартылуусу олуттуу маселелерден. Кыргыз өкмөтү өз ишкерлерин колдоо жана жаштар менен иштөө, миграция ж.б. маселелер боюнча протекционисттик саясат жүргүзүп, жаш кадрлардын укуктарын коргоосу абзел;

4. Кыргызстанда ШКУнун ишмердиги жаатында ырааттуу маалымат топтоо үчүн атайын көп тилдердеги интернет барагын ачуу жана илимий

китепканаларда атайын электрондук библиографиялык картотекаларды жүргүзүү сунушу берилет;

5. Учурда ШКУ өлкөлөрүнүн кызматташтыгына арналган эл аралык медиа жыйындар өтүп келет, бул тажрыйбаны ШКУнун тарыхын жана азыркы абалын иликтеген ар кыл тармактардагы илимпоздордун жамааттары үчүн дагы колдонуу маанилүү.

# КОЛДОНУЛГАН БУЛАКТАР ЖАНА АДАБИЯТТАР

## I. Расмий булактар

1. Кыргызская Республика. Закон РК от 15 декабря 1990 года № 273-XII "Декларация о государственном суверенитете Республики Кыргызстан. [Электронный ресурс]. - Режим доступа: https://cbd.minjust.gov.kg/205081/edition/714644/ru. – Загл. с экрана.

2. Кыргызская Республика. Конституция (1993) Конституция Кыргызской Республики [Текст]. – Бишкек: Учкун, 1993. – 107 с.

3. Кыргыз Республикасы. Кыргыз Республикасынын тышкы саясатынын концепциясы [Электронный ресурс]. – Режим доступа: https://cbd.minjust.gov.kg/4569/edition/949059/kg. – Загл.с экрана.

4. Жапаров, С. Н. Президент Кыргызской Республики С. Н. Жапаров. Кыргызстан придает исключительно важное значение участию в ШОС [Электронный ресурс] / С. Н. Жапаров. – Режим доступа: https://24.kg/vlast/235085kyirgyizstan_pridaet_isklyuchitelno_vajnoe_znachenie_uchastiyu_vshos_sadyir_japarov/. – Загл. с экрана.

5. Жапаров, С. Н., Си, Ц. Президент Кыргызской Республики С. Н. Жапаров. Председатель Китайской Народной Республики Си Цзиньпин. По итогам встречи Президента Садыра Жапарова с Председателем КНР Си Цзиньпином подписан ряд документов. [Электронный ресурс]. – Режим доступа: https://mfa.gov.kg/ru/dm/posolstvo-kyrgyzskoy-respubliki-v-kitayskoy-narodnoy-respublike/news/16523. - Загл. с экрана.

6. Си, Ц. Председатель Китайской Народной Республики Си Цзиньпин. Програмное выступление на церемонии открытия 3-го Форума международного сотрудничества «Один пояс и один путь» Председатель Китайской Народной Республики Си Цзиньпин «Во имя открытости, толерантности, взаимосвязанности и совместного развития в мире». [Электрондук ресурс]. / Си Цзиньпин. - Режим доступа: https://www.fmprc.gov.cn/rus/zxxx/202310/t20231018_11163074.html. -Загл. с

экрана.

7. Рахмон, Э. Президента Республики Таджикистан, Председатель Совета глав государств-членов Шанхайской организации сотрудничества в 2021 году Эмомали Рахмон - 20 лет ШОС: Сотрудничество во имя стабильности и процветания [Электронный ресурс] / С. Рахмон. – Режим доступа: https://www.mfa.tj/ru/main/view/8058/20-let-shos-sotrudnichestvo-vo-imya-stabilnosti-i-protsvetaniya-statya-prezidenta-respubliki-tadzhikistan-predsedatelya-soveta-glav-gosudarstv-chlenov-shankhaiskoi-organizatsii-sotrudnichestv. – Загл.с.экрана.

8. Жапаров, А. У. Председатель Правительства А. У. Жапаров в ходе заседания совета глав правительств Шанхайской организации сотрудничества в Бишкеке призвал ускорить создание Банка развития и Фонда развития ШОС [Электронный ресурс] / А. У. Жапаров. – Режим доступа: https://ria.ru/20231026/shos-1905298546.html. – Загл. с экрана.

9. Жээнбеков, С. Ж. Исполняющий обязанности премьера Кыргызстана С. Ж. Жээнбеков - Кыргызстан считает важным укреплять работу по культурно-гуманитарному сотрудничеству в рамках ШОС [Электронный ресурс] / С. Ж. Жээнбеков. – Режим доступа: https://uz.sputniknews.ru/20161103/jeenbekov-shos-sotrudnichestvo-kultura-4042503.html. – Загл. с экрана.

10. Мишустин, М. В. Председатель Правительства Российской Федерации М. В. Мишустин: странам ШОС нужно обмениваться опытом в борьбе с изменением климата [Электронный ресурс] / М. В. Мишустин. – Режим доступа: https://www.vesti.ru/finance/article/3020963. – Загл. с экрана.

11. Казакбаев, Р. А. Выступление Министра Иностранных Дел Кыргызской Республики Р. А. Казакбаева. На международной научно - практической конференции, посвященной 30-летию установления дипломатических отношений между Кыргызской Республикой и Китайской Народной Республикой. [Текст] / Р. А. Казакбаев. // Вестник Дипломатической

Академии Министерства Иностранных Дел Кыргызской Республики имени Казы Дикамбаева. - Бишкек, 2021. - №15. - С.131-137. 135.

